А. САЛЫМБЕКОВ
А. АКМАТАЛИЕВ
К. БОКОЕВ



# Ажыбек баатыр

НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

А. САЛЫМБЕКОВ, А. АКМАТАЛИЕВ, К. БОКОЕВ

# АЖЫБЕК БААТЫР

*(Даректүү баяндар)*



Нарын шаардык
борборлоштурулган
КИТЕПКАНА 8588 ф3

Бишкек-2003-жыл

ББК 84 Ки 7 – 4
Б – 16

Сүрөтчүсү Рысбек Исаков

К. Бокоев, А. Салымбеков, А. Акматалиев
Б – 16 **Ажыбек баатыр:** Даректүү баяндар. – Б.: «Бийиктик». 160 б.

ISBN 9967 – 13 – 017 – 2

Бул эмгек XVIII кылымдын аягы XIX кылымдын биринчи жарымында (1800-1856-ж. ж. ) Цинь бийликтерине, Кокон, Кашкар хандыктарына, Кенесары Касым уулунун Кыргызстанга жасаган жортуулдарында кыргыздарды бириктирип Алатоону сактап калууга зор салым кошкон Ажыбек баатырдын өмүр жолуна арналды. Кыргыз уруу башчыларын бир мамлекеттүүлүккө бириктирүүгө өз өмүрүн арнаган, кыргыз урууларынын чоң манаптарына, бийлерине кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүүгө тартынбай өз оюн айтып, 1843-жылдардагы алгачкы кыргыздардын курултайына (сьездине) жетекчилик кылып, чоң уруу башчы Ниязбек уулу Ормонду хан көтөрүүдө (шайлоодо) зор салым кошкон, Кене хандын кандуу жортуулдарына карата кыргыздарды бириктирип, колун баштап Кыргыз Туусун көтөргөн, кандуу кагылыш бүткөндөн кийин колго түшкөн Көне хандын туусун казак журтчулугуна жеткирген, тынчтык убагында Улуу Жибек Жолун өз көзөмөлүнө алып Омбу, Олуяата, Ташкен, Алуеаталардан келген кербендерди жылоолоп ашынган ууру каракчыларга талатпай Кытайга жеткирип элин багып Нарындан-Кашкарга чейин сурак кылган Улуттук баатыр Ажыбек Токтобай уулунун мамлекеттик ишмердүүлүгү, баатырдыгы чагылдырылды.

*Китеп Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына, Ажыбек баатырдын 200 жылдык юбилейине арналды.*

Б 4702300100 – 03
ISBN 9967 – 13 – 017 – 2
ББК 84 Ки 7 – 4

А. Салымбеков,
А. Акматалиев,
© К. Бокоев 2003.

## КИРИШҮҮ

## УЛУТТУК БААТЫР, МАМЛЕКЕТТИК ИШМЕР АЖЫБЕК ТОКТОБАЙ УУЛУ ЖӨНҮНДӨ

Кылымдарды карыткан кыргыз элинин карт тарыхы, анын салт-санаасы, үрп-адаты, учкул ойу, баатырдык жүрүштөрү кыл чайнап «кыргыз» деген ураан менен калмактарга каршы Манастын туусун бийик көтөргөн бабаларыбыз Катагандын Кан Кошойу, айтылуу «Чоң-Казатка» Улуу кыргыз каганатынын аскерлерине башчылык (кол башчылык) милдеттерин аткарган Азиз хан уулу Алмамбеттин издөри калган айтылуу «Чечдөбө», «Ташрабат», «Терекмазарлуу-Кошойдун Хан Ордосундай», кылымдарды карыткан узак тарыхы бар «үч мазарлуу» Атбашы жергесинен XVIII кылымдын аягы XIX кылымдын биринчи жарымында тышкы жортуулчуларга, баскынчыларга каршы Кыргыздын Туусун көтөргөн Нарындан-Кашкарга чейин жашаган кыргыздарга бийлик жүргүзүп чачырандыга учураган элдерди жыйнап, оңдон Цинь империясы-Кашкар хандыгы ортодон Кокон бийлигине, солдон Кенесары Касым уулунун кандуу жортуулдарына каршы баатырдык жүрүштөрдү жасаган, тынчтык мезгилинде Чыгыш Түркстанга өткөн Улуу Жибек соода жолун көзөмөлдөп Омбу, Олуяата, Алуэата, Ташкенден келген кербендерди ууру-каракчыларга тонотпой, Кытайга жеткирүү менен элин баккан Токтобай уулу Ажыбек жөнүнүндө азыноолак сөз кылмакчыбыз.

Ажыбек баатырдын кыргыз элине кылган атуулдук орчундуу ишмердүүлүгү боюнча чыгармалар жаратылып келсе дагы, баатыр жөнүндөгү айтылып, жазылып келе жаткан чыгармаларды чогултуп, белди бууп, Кыргыз Республикасынын Туңгуч Президенти Аскар Акаевдин «Мен өзүмдүн президенттик ишмердигимдин максаты деп улуттук эс акылды, рухту, нарктуулукту кайра жаратууну эсептеймин. Кыргыздын тилин, тарыхын бардык тараптан өнүктүрүүнүн чечкиндүү жактоочусумун. Мунсуз өз ишмердигимди маанисиз деп эсептеймин»-деген элге пикири бизге дем болуп, атуулдук «Намыс» деген эс-акыл, ордуна тынч койбой, өткөн ата-бабалардын издерине кошумча изилдөөлөрдү салып, замандын шартына ылайыгына жараша азайып бара жаткан санжыра жаатындагы ата-бабалардын осуятын эстеп, ушул чыгармага кириштик.

Ажыбектин атасы Токтобай бүркүт таптап, куш салган мүнүшкөр, саяпкер катары элине атагы чыгып эл тааныган адам болот. Токтобайдын уулдары Жабагы, Смайыл, Ажыбек, Эшимбек төртөө тең эр жеткенде тың чыгып кыргыз, кытай элине Токтобайдын «төрт кашкасы» деген атка конушкан. Артыкча үч уулунан өзгөчөлөнгөн Ажы-

бек баатыр чыгып казак, кыргыз, кытай, кашкар, кокон бийлигине аттын кашкасындай белгилүү болгон.

Чоң атасы Боогачы келген сынчыга улуулаштырып Онтогор, Карагул, Бөкө үч уулун катар олтургузуп сынатат экен, сынчы карап туруп « Онтогорду душмандагы доого кой, Карагулга кылыч берип жоого кой, Бөкөгө таяк берип малга кой»-деп Боогачы баатырдын батасын алат. Ошол Карагул тукумунан Ажыбек жашынан эле акылдуу, баатыр чыгып эл мүдөөсүн аркалап, элге кызмат кылып, кара кылды какжарган калыс болуп, моңолдорчерик элин көздүн карегиндей сактап, кыргыз урууларын бир хандыкка бириктирүүгө Жантай, Ормонго окшогон чоң уруу башчылары менен бирдикте чечкиндүү чараларды көргөн.

Ажыбек баатырдын кол башчылары болуп Тартак Мамбет, Карачунак Атамбек, кеңешчиси, элчилик ыйык жумуштарын аткарган Калча бий, чечени Айтбай, жигиттери Бала Бошубек, Турдуке, Сурукелер болуп элди ынтымакка чакырып, сырткы жортуулчуларга карата биргелешкен иш-акылдарын жасашкан.

Ажыбек баатыр Цинь империясынын бийликтерине, Кашкар, Кокон хандыктарына, Кенесары Касым уулунун кандуу жүрүштөрүнө карата чечкиндүү чараларды көргөндүктөн кыргыз тарыхында жортуулчуларга карата кыргыз журтчулугунун эркиндиги үчүн күрөшкөн жерлердин аттары кең **Аксай-Арпада-**«Чабуул», «Кап», «Абайылданын Акташы», «Миңтеке», «Ажыбектин чаар муруну», «Сөөк»-деп аталып келсе; **Атбашыдагы-**«Келтетумшукта», Чекендинин талаасында», «Арпанын кептешинде»; **Акталаадагы-**«Куртканын чебинде»; **Экинарын боюнда**»; **Чүйдө (Чу) -** «Ашмара суусунун жээгинде», «Текеликтин сеңиринде», «Мыкандын Карасазында», «Кашкарда», «Какшаалда», «Тоюнда», »Босогодо», «Кембилде», «Ортокайыңдыда», «Четкелтебекте», «Каракоюнда», «Ортокелтебекте», «Борондуда», «Башкелтебекте», «Ортосыртта», «Токмокто», «Туюкбогоштуда, «Ысыккөлдө», «Иледе», «Олуятада» баатырдын издери калгандыгын тарых тактап келет.

1843-жылдары кыргыздын чоң уруу башчыларынын катышуусундагы алгачкы жолку курултай (сьезд) болуп, кыргызга хан көтөрүү, биригүү маселеси козголот, мына ошол курултайга Ажыбек баатыр жетекчилик кылат. Чогулган кыргыздардын көп күндүк сүйлөшүүлөрүнөн кийин Боронбай менен Ормондун бирөөнү тандап хан көтөрүү маселеси кызуу талкууланат. Ажыбек баатыр башында турган кыргыздардын билгичтиги менен Ормон Ниязбек уулун хан көтөрүшүп, кыргыздарды бир хандыкка бириктирүүгө болуп көрбөгөндөй бирдиктүү чараларды көрүшкөн.

1846-1847 жылдары кыргыздарга кекенген Кенесары Касым уулунун жыйырма миң колу менен кандуу жортуулу башталып, кыр-

гыздарды ырайымсыз жазалайт. Мына ушул кандуу кагылышууларда Ажыбек баатыр Кыргыздын Туусун көтөрүп кыргыз журтчулугунун эркиндиги үчүн болгон салгылашууда кыргыз жоокерлерине жетекчилик кылып (башкарып) жортуулчулардан ата-мекенди коргоп калат. Кене хандын жортуулунда кыргыз ханы Ормондун башчылыгында Жантай, Жангарачтар менен жортуулчуларды беттеп, жан аябай салгылашып аларды колго түшүрүүгө чечкиндүү чараларды көрүп, чабуул аяктагандан кийин чоң уруу башчылардын катышуусундагы кеңешмеде (советте) Ажыбекке Кене хандын туусун казак элине жеткирүү сыймыгы да тапшырылат.

Кыргыз журтчулугунун жазма даректерине белгилүү инсан Осмоналы Сыдык уулунун «Жүрөгүндө оту бар жигиттерге тарыхты билүү керек жана (ал)-көп этибар кылынуучу бир илим»-деген осуятындай Улуттук баатыр, мамлекеттик ишмер Ажыбек жөнүндө келечекте кеңири мындан дагы чоң чыгармаларды жаратуу азыркы урпактарынын ыйык милдеттери.

Ажыбек баатырдын заманынан мурдагы, андан кийинки тарых барактарына аттын кашкасындай белгилүү кыргыз журтчулугуна эмгеги зор инсандар Катагандын Эр Табылдысы, Курманбек, Тайлак баатыр, Алыкенин Табылдысы, Айдарбек датка, Ормон хан, Алымбек датка, Курманжан, Жантай, Жангарач, Калыгул, Калча бий, Төрөгелди, Тартак Мамбет, Бала Бошубек, Карачунак Атамбек, Адыл, Тилекмат, Татыбек-черик (Татыбектен экөө), Чыныбай, Карымшак, Шабдан, Чагарак-Куйрук-Чарт-Аяз, Матай, Жакыпбек, Чоко, Базаркулга окшогон чыгаан инсандардын ысымдары жана иш аракеттери Кыргыз тарыхынан орун алат деген терең ишенич бар.

Ажыбек баатыр да учурдагы азыркы ушул эркин мамлекетибиздин заманында өзүнүн 200 жылдык маарекесинин кезегин күтүп, аны Өкмөттүк деңгээлде өткөрүүгө көмөктөш болууга кичи мекени болгон Теңиртоолуктар, эли-журту да кам көрүүдө.

Албетте, Кыргыз Республикасынын туңгуч Президенти А. Акаевдин 2003-жыл Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн жылы деп жарыялашы менен кыргыздын чыгаан уулу, өз кезегинде кыргыз журтчулугун сырткы жортуулчулардан, баскынчылардан жан аябай коргоп, Кокон, Кашкар, Кене хандардын бийликтерине каршы кыргыз элинин эркиндиги үчүн орчундуу салгылашууларга барып, кыргыз урууларын бир хандыкка бириктирүүгө жан аябай эмгек кылган Ажыбек Токтобай уулуна алкоо сөз айтуу, иликтөө-изилдөөлөрдү жүргүзүү иши али алдыда.

***Китепти түзүүчүлөрдөн***

*Эр энеден төрөлөт*
*Элге кызмат кылат*

***( Накыл кеп )***

Жарыкчылыкта санжыралар болбосо өтүп кеткен убакыт жана муундар жөнүндө кандай көңүлсүз эскерме калаарын көз алдыга элестетип көрүңүзчү… Санжыраларда философия жана фантастика, поэтика жана убакыттын символу бар. Мындан тышкары санжыра-бул элдин улуттук энтамгасы жана анын таануу белгиси

***( Ч. Айтматов )***

## АЖЫБЕК ТОКТОБАЙ УУЛУНУН ЗАМАНЫНДАГЫ ТАРЫХ БАРАКТАРЫ

Тарых барактарында кыргыздар биздин эрага чейинки экинчи кылымда башкача айтканда, мындан эки миң жылдан ашуун мезгилден бери карай кезигет.

Бул сыймыктуу тарых издерин улап татаал турмуш кечип, суук көзгө тике карап сүйлөп, калктын кадыр баркына жетип элдин-журттун ишеничине кирип, тышкы душмандарына кирпик ирмебей тике барып, эр намысын коргоп, өзүн эл ичинде, журт ичинде нысаптуу кармап эчендеген эл башкарган Улуу инсандр өткөн.

Ушундай Улуу инсандардын бири кыргыз, казак, кокон, кашкар, кытай журтчулугуна белгилүү Токтобай уулу Ажыбек.

Ажыбек Токтобай уулу XVIII кылымдын аяк ченинде XIX кылымдын I-жарымында 1800-1856-жылдары жашап, Кокон, Кашкар хандыктарына, Цинь империясынын бийликтерине, Кенесары Касым уулунун кыргызстанга каршы жортуулдарына карата кол топтоп, эркиндик үчүн күрөш жүргүзүү менен бытырандыга учураган Нарын-Атбашы-Какшаалга чейинки чепти бекемдеп, чачылган элди жыйнап, эл топтоп, алардын башын кошуп (бириктирип) алар менен кошо черикмоңолдор элин кармап турган. Чыгыш Түркстанга өткөн Улуу Жибек соода жолун көзөмөлдөп кербендерди ашынган ууру-каракчыларга тонотпой Кытайга жеткирип, алардан акы алуу менен кол курап, эл камкордугун көрүп, эл баккан.

Ажыбек баатырдын душмандардан тайманбас эр жүрөктүүлүгүн, ченемсиз баатырдыгын мурдатан эле баалап жүргөн кыргыздын чоң уруу башчылары Жантай, Жангарач, Ормон, Кене хандын жортуу-

лун атайы кабар кылып, топтолгон кыргыз жоокерлөрине (колуна) жетекчилик кылууну сунуштайт. Муну менен Ажыбөк Токтобай уулу Кененсарынын кандуу баскынчылыгына карата Кыргыздын Туусун көтөргөн[1].

Тилекке каршы Нарын-Атбашы шартында жашап өткөн Улуу инсандар совет доорунда азыркы эркин мамлекетибиздин убагындагыдай такталбай, кыргыз журтчулугу үчүң жанаябай эл коргогон элдик-баатырлар санжыра багытында гана ооздон-оозго айтылып, бирин-экин жаратылган чыгармаларда өз чөйрөсүнөн чыккан «төбөсү» көрүнгөн чыгаан инсандарга изилдөөлөрдү жүргүзүү менен чектелип келгендиги белгилүү. Өзгөчө кеңеш өкмөтүнүн доорунда мындай инсандарды элге алып чыгуу мүмкүнчүлүгү такыр жокко эсе болуп, айрым учурларда алардын жек жааттары такталып куугунтукка дагы алынып, өзүнүн ата тегинин ысымына катталуудан корккон заман да болуп, баштан толук кечирдик.

Опурталдуу мындай заманда Ажыбек баатыр тууралуу даректүү баян жазуу эмес улуу орус эли менен тарых жаатында катарлаш, тамырлаш экенибизди ачыкка алып чыгуудан сестенип, «ага-ини»-деген ураан менен баш калкалап, совет мезгилиндеги адабиятыбыз, маданиятыбыз менен дүйнөгө таанылганыбыз дагы чындык.

Эгемендүү эркин мамлекетибиздин канатынын алдында эл-журтка, жер-ууга аттары карапайым эл, калк тарабынан коюлган эмгеги кыргыз эли үчүн зор инсандардын аттары жарыкка чыгып, аларга калк баа берген айкелдерди тургузуу, алар жөнүндө кенен чыгармаларды жаратуу байма-бай башталды. Алсак: Курманбек, Эр Табылды, Тайлак, Ажыбек баатырлар, Алыкенин Табылдысы, Алымбек датка, Сарт аке, Шабдан баатыр, Олуя Калыгул, Курманжан датка, Ормон хан, Байтик баатыр, Калча бий, Айдарбек датка, Боронбай, Төрөгелди, Балбай сыяктуу баатырлар, учурунда Кыргыздын Ханы делип Кокон, Цинь империясына өз акылы, ез таланты менен таанылган айтылуу Тилекмат баатыр[2] жана башка көрүнүктүү ата-бабаларыбыз жөнүндө тартынбай сөз кылып, гезит беттерине макалаларды жарыялап, теле берүүдөгү «Доор аяны» чыгармачылык тобу кызыктуу, ары калыс жана уккулуктуу баяндарды элге тартуулап жаткандыгын карапайым калк кош колдоп кубаттап, ачык эле дөмөөрчүлөр чыга баштады.

---

[1] Ү. Асанов Нарын облусу энциклопедиясы Бишкек-1998-ж. 122 бет.
[2] К. Осмоналиев Көчмөндөр кагылышы, Б-1999-ж, 276-б.

Эгемендүүлүктүн жарчысы болгон гезит беттериндеги макалалар, ой-жүгүртүүлөр, талдоолор эл кызыгуусун арттырып, ал эми жарыккка чыга турган бул китепте улуттук, элдик баатыр Токтобай уулу Ажыбектин ким экендигин, кыргыз элине кошкон инсандык салымдарын, алгачкы хан көтөрүү курултайга башчылык кылып кыргыз мамлекетин түзүүгө, журтчулукту коргоодогу эмгектерин жана баатырдык жүрүштөрүн Кыргыз Республикасынын тунгуч Президенти Акаев Аскар Акаевичтин, заманыбыздын улуу жазуучусу, мамлекеттик ишмер Айтматов Чынгыз Төрөкуловичтин, тарыхчылар Үсөйүн Ажынын, Осмоналы Сыдык уулунун, улуу Манасчы Жусуп Мамайдын эмгектерине жана Ороз болуш кызы Калыйчанын осуяттарына таяндык.

XVII кылымдын башынан XIX кылымдын биринчи жарымына чейин чачыранды кыргыз эли калмактардын (жунгурлардын), кокондуктардын, Цинь империясынын бийликтери, Кашкар хандыгы, Кенensары Касым уулунун жортуулчулук кордугуна дуушар болуп, мындан сырткары ич ара уруучулук ички согуштар элдин кубатын соруп, алсыратып бирин-бири чаап алып турган. Мындай учур сырткы душман үчүн кыргыз урууларын оңой-олтоң жеңип алууга шарт түзгөн, ал эмес бир четинен баскынчылык үстөмдүктөрүн жүргүзүп, уруулардын бирине бири жардамга бара албагандай кылып бийлик күчүнө салган.

Кокон жана Кашкар хандыгы кыргыз арасына соодагерлерин, эл тааныган кадырдуу адамдарын жиберип, алар аркылуу кыргыз жерин андагы уруу башчыларын, алардын согуштук кубатуулугун билүү менен, адегенде алсызынан баштап бир четинен басып алып турушкан.

Кыргыздарды калмак жортуулчулары, Кытай бийлиги, Кокон хандыгы туш тарабынан тооруп «чек ара көзөмөлдөө», «салык жыйноо»-деген шылтоолор менен алардын аскер күчтөрү элди кыдырып мал жанын олжолосо, кээдө чектен чыгып, түз эле талоончулукка өтүп элди караканап кылышкан.

Улуттук баатыр Ажыбек Токтобай уулунун жашап өткөн мезгили, өмүрлүк жолу ушундай татаал мезгилдерге туш болуп кыргыздарга Кокон хандыгынын үстөмдүгү орногону менен, чыгыштан Кытай, батыштан Орустар болжолдуу коркунучтарын күчөтөт. Ал эми кыргыздардын өз ара уруу-уруу болуп биринин малын экинчиси тийип, араздашуу кун алуу, кун берүү майда өз-ара чабыштарга барып турушу Кокон хандыгын, Кытай циндик бийликтеринин чырагына май таамп, уруу башчыларынын ыркы бузулуп бири-бирине өз ара үстөмдүк күрөштөрү да күч алып турганы аларга кандайдыр бир

денгээлде уруу башчылары менен өз ара эсептешүүгө оңой жеңилдиктерди түзүп турган.

XVIII кылымдын аягында XIX кылымдын башында көчмөн элдердин шартына жараша Нарын-Атбашы-Тоюн аймагында жашагандар ошол кездеги географиялык шартка ылайыктуу Кашкар бийлигине чукул келип алар менен Улуу Жибек жолу аркылуу соода сатык жана башка кызматташтык алакаларды түштүк кыргыздарга караганда көбүрөөк ишке ашырып, туш тарабынан күчтүү бийликтер менен курчалып «алым» төлөшкөн.

Орус окумуштууларынын жазма даректеринде Теңиртоолук анын ичинде Нарын-Атбашы-Кашкар жергесинде жашап «Алтын Ордо мезгилинен бери» айтылып келе жаткан түпкү бабаларыбыз эмир Баймуратчерик ошол мезгилден ушул кезге чейин жер-жердеп келген черикмоңолдор элинин баатырдык жүрүштөрү, уруулар арасындагы ынтымак-ырашкерлиги, соода-сатык баяны, эл журт башкарган ишмердүүлүгү, баатырдыгы учкай чагылдырылып келет.

Эгемендүүлүктүн Кызыл Туусунун астында эркиндик заманынын кош колдоп сунган, ырыскыга толтура мелт-калт болгон аягын төгүп албай жазма даректерге, ооз-эки санжыраларга таянуу менен Нарын-Атбашы, Аксай, Арпа, Тоюн, Какшаал, Кашкар жерин жердеген Улуттук баатыр, мамлекеттик ишмер Ажыбектин кыскача икаясын жаздык.

Бул даректүү баянды жазаардан мурун көпкө ойлондук, көптөр менен кеңештик, көптөрдүн жүрөгүнөн чыккан ысык кеңештерин алдык дагы көпчүлүк материалдарды айтып таштап кеткен Ороз болуш кызы Калыйчанын санжырасын колдондук.

Элден атак даңк алалы деген деле ойлор болгон жок тек гана Ажыбек баатырдын ким экендигин колубуздан келишинче карапайым элге калыс жана так көрсөткүбүз келип, буга чейин кагаз бетинде болуп келсе дагы аларды жыйнап өзүнчө китеп кылып баатырдын кыргыз элине арнаган ишмердигин даңазалоого аракет жасадык.

Чыгарма аяктап калганда Кытай жергесиндеги заманыбыздын улуу Манасчысы Жусуп Мамай уулуна ат арытып Нарын жергесинен барып, губернатор Мамбет Асандын жардамы аркылуу Акчийден келген кадырлуу адамыбыз менен терт күндүк сапарыбыздын эки күндөйүнөн ашыгын жанында болуп, Катагандын Эр Табылдысы, Ажыбек, Тайлак, Алыкенин Табылдысы, Калча бий, Казыбек акын тууралуу сурап кээ бир орчундуу окуяларды тактап дагы алдык. Манасчынын бир ооз-сөзүндө айтылуу улуттук баатыр Ажыбектин колдонгон «айбалтасы» дагы ушул заманга чейин жетип сакталуу

экендигин укканда бир эсеси таң болуп убакыт чектелүү болгондуктан ал курал кимде экендигин тактай албай калдык.

Негизи эле Нарын-Атбашы жергеси менен чектеш болгон Кытай дөөлөтү, Кокон хандыгы кыргыз уруу башчыларына таасирин, зордук-зомбулук саясатын, коркутуу-үркүтүү менен гана күч аркылуу эмес, уруу башчыларынын чоң манаптарын езүнө чакыруу, белек-бечкек, түрлүү наам берүү, уруу башчыларын бири бирине тукуруу, тыңчылардан кабар угуу жолу менен да башкарууга жетишип турушкан.

Ажыбек Токтобай уулунун алгачкы баатырдыгы Кокон хандыгынын жетектөөсү (буйругу) менен Анжиян, Алайды жердеген Адигине уруусунун башчылары (баатырлары) тарабынан Теңиртоолуктарды басып алуу үчүн жүргүзгөн алгачкы жүрүшүнө байланышкан. Кайсыл кыргыз санжыраларында болбосун күчтүү бийлик тарабынын тукуруусу менен уруу менен уруу башчылары эл менен эл чабышып келгендиги бизге чейин белгилүү.

Фергана өрөөнүн башкарып турган Кокон бийлиги жыйылган кол башчылары аскердик күчтерүнө таянуу менен Кекарттын белин ашып, Теңиртоолук кыргыздарды чаап алууга Арпа жайлоосу менен Каракоюндун суусун кечип Атбашыдагы Ача суусунун боюна келип өргүү (эс), алышып аркалыктарга кабар беришет.[1]

Эртеси эки кол «Келтетумшук» деген жерде бет маңдайлаша келип, эки-жак болуп тирешип, салт боюнча беттешүүгө жекече эр сайышка баатырларды даярдашат.

Жылкы тийүү капыстан алдуу-күчтүү уруулар алсыздарын чаап алуу заманы болуп тургандыктан моңолдорчерик элин башкарган, суук көзгө тике карап сүйлөгөн Тартак Мамбет баатыр Айгыржал, Чечдөбөгө кароол коюп, ички сырткы душмандардын кол салуусунан коргонуп турушкан. Ошол кезде черикмоңолдор эли Кембилден-Ортокайыңды деген жерге чейин отурукташып Атбашы кырка тоосунун тескейине байыр алган эле.

Он жетиден он сегизге жаңы караган Ажыбек, карагер кунанын жайдак минип, алдына боз үйдүн түндүгүн көтерүүчү шыргыйдан жасалган жоон бакандыы өңөрүп Ортокайыңдыдан жортуулчуларды көргөнү моңолдорчерик эли жыйналып турган аскерлерге (топко) келет. Келтетумшуктун дөңсөөсүнүн учунан өрдү көздөй катар-катарга жыйылып-тизилип, аркалык элдин сүрүнүшүн алган кокон ко-

---

[1] 1817-1831-ж. ж. Кокон хандыгынын кыргыздарга каршы жортуулдары башталган.

лун көргөн Ажыбек, жекеге баатыр тандап жатышкан элге келип, жанагы келген жортуулчулар ушулар бекен я… деген кайрылуусуна эч ким көңүл бурбагандыктан, атасы Токтобайга барып Келтетумшуктун боорунда аргымагын жайдын аптабына алкынтып жекеге… жекеге… жекеге… деп кыргыздардан эр сайышка чыга турган баатырын жоокерлик замандын шартына жараша күтүп турган жортуулчуга өзүнүн жекеге чыга турган ыкласын билдирет. Ошондо чок тийгендей чочуган атасы Токтобай карагер кунанды суулуктап, Ажыбекти жекеге жибербей, «али жашсың, учуруң келе элек, жекеге, Тартак Мамбет өзү чыкканы даярданып зоотун кийип жатат! Айланайын тентегим, жекеге чыкчу маалың боло элек, менин тилимди ал» - деп куш таптап мүнүшкөрлүк өнөрү менен элге таанылган, баланы энеси Кумарбек төрөөрдө «шердин» жүрөгүнө талгак болгонун, кыйналганда айылдан «үч көк жалдын» жүрөгү табылып талгагы басылып, уулу Ажыбек төрөлгөндүгүн ойуна алып мурдатан багып көрүп, төлгө кылып жүргөн атасы элди карап кылчая бергенде кестиги[1] менен Карагердин кылчылбырын кыя кесип, жекеге… жекеге… жекеге… деген чакырык менен Тартак Мамбет баатырды күтпөстөн Келтетумшуктун» боорунда жекеге кезекте турган Кокон жортуулчуларынын баатыры Калдаңды көздөй жайдак минген карагеринин оозун коё берет.

Моңолдорчерик эли «Бул кайсыл баатыр?! Бул ким?! Убалыбызга калбайбы?!» – деген ишеничсиз көз менен байкоо салып, келтетумшуктун өрүнөн жайдын ысык саратанында ылоологон аргымагына текирең таскак салып, түзөңдөгү эңкейиштен өрдү көздөй өзүнө келе жаткан Ажыбекке найза сунган кокондуктардын баатырына кыраакы көз салган эл кала берет.

Эс тарткандан бери Карагердин үстүнөн түшпей, айыл ичиндеги каап чыккан иттерди калтырбай, бакан менен сайып машыгып жүргөн Ажыбек (жергиликтүү эл мындай өнөрүнөн улам Ажыбекти «Иткубар» - деп чакырышкан) маңдайында бейкапар ат үстүндө келе жаткан Калдаңдын найзасын бакан менен ыргыта кагып жиберип карагердин оозун жеңил буруп аны камынтпай бетке бакандын жоон башы менен уруп өтөт, катуу күч менен келип тийген бакандын күүсүнөн Калдаң баатыр ат үстүнүнөн кулап түшкөндө, карагердин тизгинин имере тартып аттан ыргып түшүп, эсин жыя электе өзүнүн куралы менен жоону өлтүрүп, минген аргымагын олжолоп кошунга кошулат.

---

[1] Жанындагы макиси, бычагы деген мааниде.

Теңиртоолуктардын оңой жоо эместигине шек кылган Кокон колунун башчысы Асан жекеге Жалил баатырды даярдайт. Жалил баатыр жекеге чыкканчакты Калдаңдын токулгасын карагерге токуп анын найзасын алган Ажыбек элдин батасын алып, кайрадан кезек күтүп турган Жалил баатыр менен жекеге чыгып, аны аттын үстүнөн ыргыта сайып, атын коштоп келе жатканда алдынан ат ойнотуп чыккан Тартак Мамбет «Жаманак»... . – деп ураан чакырып теңирге жалынып Ажыбектин карагерин суулуктап коштоп, элге кошот.

Калдаң менен Жалил баатырынан ажыраган Кокон хандыгынын кол башчысы Асан баатыр өзү жекеге чыгып он жетиден он сегизге жаңы кадам койгон Ажыбектен жарадар болуп, ал өзүнөн алда канча күчтүү жана амалдуу экендигин байкап Арпаны көздөй кошунун таштап качат. Ажыбекти ээрчиген моңолдорчериктин колу «Алмамбөт», «Кошой», »Жаманак» деген ураан менен Асан баатырдын артынан кууп женөгөндө, Иткубардын аты Ажыбек экендигин эстеген Тартак Мамбет баатыр баш болгон топ жигиттер «Ажыбек» деген ураан менен жортуулчуларды кууп, Арпанын кептешинен жоону токтотот.

Кокондун колу менен Тартак Мамбеттин колу эки бет болуп тирешип, Ажыбек менен Асан баатыр кайрадан жекеге чыгып, Асандын башын кесип алып, жоону Анжиян, Алайга кубалайт.

Кокондуктардын калың колу жеңилүүгө учурагандан кийин моңолдорчерик элинин билермандары, эл башкарып жүргөн мыктылары Тартак Мамбет, Атамбек, Калча бий түшкөн олжолорду камчыга ченеп бөлүп он сегизге жаңы кадам койгон Ажыбекке атайы ергө тиктирип элден «кырк жигит» тандап курап, кыбыланы[1] карап өткөн ата-бабаларына бир ооздон бир тилек кылып, бата тилеп, ак боз бээ союп Ажыбекти черикмоңолдор элинин чоң манабы кылып шайлап, эл башкартат. Ажыбек ошол кезде он сегизге жаңы чыккан жаш жигит болот[2].

Ажыбектин эли, жери, конушу кеңейип, бул эркиндик үчүн болгон кармашуудан кийин кокон бийлиги тарабынан жиберилген бир нече жолку сарбаздарына кол курап эл-жерди коргоп орчундуу сокколарды урат, убактылуу болсо дагы мындан кийин азын оолак тынч жашап турушат.

Айтылып келе жаткан дагы бир санжраларда Цинь императорунун Кашкардагы бийлиги моңолдорчерик эли менен канатташ жа-

---

[1] Күн батуучу жакты

[2] К. Бокоев «Кыргыз Туусу гезити» 11-13 декабрь 2001-жыл

шап, бийлик күчүнө салып, бул элди башкарган Ажыбек баатыр «алым» берүүдөн убактылуу баш тарткандыгына кыжыры келип Бедөөлөт-Жакыпбек (Йакуббек) кеңешчилерине айла амалдарды ойлоп табуусун тапшырып өзүнүн көрсөтмөсүн берет.

Жаш кезинде бийлик башына келип императордун керсөтмөсү менен анын саясатын бүткүл кыргызга жеткирүүгө далалат кылган бул бийлик, күчтүү уруу башчыларына ичтен жан тартуу (жалган мамиле кылуу) саясатын ишке ашырып, даражалуу белек-бечкектерди берүү, кадырлоо сыйлоо урмат менен кошо «сес» көрсөтүү өнөрүн жанынан чыгарбай кыргыз уруу башчыларын, баатырларын өзүнө баш ийдирүү максатында ар-кандай деңгээлде сынап көрген.

Канатташ Кашкар бийлигине «алым» төлеөдөн убактылуу баш тарткан Ажыбек алардын эртели кеч кол салуусунун алдын алып, мерчемдүү бел ашууларга кароолдорун чыңдатат. Ата-бабаларынан калып айтылып жүрген Катагандын Кан Кошойу, Азиз хандын уулу Алмамбеттин, Жаманактын осуяттарын эсине салган эң жакын кеңешчиси Калча бийдин акылын эсинен чыгарбай Аксай, Арпаны жердеген элдин мүдеесүн чечип, тил билген Турдумамбет, Мелентайды баш кылып ар түрдүү кабарларды байкоого Цинь императорунун Кашкардагы бийлигине тымызын киши жибертет [1].

Кээде мындай акылдуу жана ошол мезгилге шарттуу, амалдуу тымызын иштер да өз натыйжасын берип Кашкар бийлигинин кыргыздарга карата жүргүзгөн ички мамлеси кандайдыр бир деңгээлде алаканга салгандай айкын далил боло албаса дагы, эл оозундагы орчундуу кабарлар Ажыбек баатырга өз учурунда угулуп турган.

Эл багып, эл топтоонун натыйжасында кудуреттүү Тартак Мамбет, Атамбек, Бала Бошубек, Калча бий, Турдуке, Ажыбек баатырлардын кубаттуулугу улам чыңдалып, айылы көбөйүп, ар тараптан агылып эл келип кошулуп ар бир өзөнгө конуп, жайынча соода-сатык оокаттары да күч алган.

Түзбелден-Үзөнгүкуушка чейин конгон моңолдорчерик эли азын оолак болсо дагы тынч жашап, Бабалары Кошой, Алмамбеттин, Жаманак, Чубак, Сыргактардын эрдиктерин Калча бий, Айткулуга окшогон чечендер санжыраларды айтып, кашкардан таалим алган эшен, кожо, калпалар шариятты чечмелеп Мухаммед пайганбардын осуяттарын кайталап, Азрети-Алы-Шердин баатырдыгын баяндап, куран китебин колунан түшүрбөй, акырет, бейишти зар как-

---

[1] А. Салымбеков, К. Бокоев Бабабыз Кошой жердеген Атбашы XXI кылымдын босогосунда. Бишкек-2001жыл. 518 б.

шап, беш убак намазын окуп, орозосун туткан билимдүү Кашкардык кожомолдолор менен чогуу болгон куйма кулактар аркылуу элдин бейкут жашоосу узун элдин учуна, кыска элдин кыйырына чейин айтылып, Ажыбек баатырга баш корголоп келгендердин саны дагы арбыйт.

Оңой менен кыргыздар анын ичинде моңолдорчөрик элинен «кой зекет», «түндүк зекет», «караж» жана башка ушул сыяктуу көп салыктарды ала албай тургандыгына көзү жеткен Цин дөөлөтүнө таянып Кашкар-Ташкенге чейин убагында сурак кылууга аракет кылган Кашкар бийлиги кыргыздардын баатырларынын мизин кайтарып, аларга «сес» көрсөтүү максатында жана салыктарды убагында алып турууну көздөп Соңкөлдөн – Тайлак баатырды, Тогузтороодон-Чолук баатырды, Атбашыдан – Ажыбек баатырды чакыртат.

Кырктын кырына чыгып күч-кубаты толуп турган Тайлактан барган кабарчы: : «Элиме кабар салайын, эби келсе барайын: хан алдына жооп айтаар, кара тилди табайын»-деди дейт. Чолук баатыр «жаныма жигит аламын эки-үч жумада барайын» дейт. Ажыбек: «Достошууга чакырса салты менен барайын; касташууга чакырса шарты менен барайын; Ханыңа айта бар, көңүлү ак болсо, катын жазып мөөрүн басып, убаданы бузбоого, улук болсо да ант берсин ошондон кийин барамын»-дейт.[1]

Бедөөлөттүн чакырыгынан кечиккен Чолук баатырды барганда жигиттери менен өлтүргөн кабарды уккандан кийин Түзбелден-Үзөнгүкуушка чейин конгон элине Ажыбек кабар кылып даярданып калат.

Бул чакырыкка келбеген Ажыбек, Тайлак баатырлардын элин чабууга, малын олжолоп Кашкарга кайтууга, баатырын баш кылып колун Аксай, Арпа жердеген черикмоңолдор элинен баштатып атайы аскердик «жүрүш» жиберет.

Көп күндүк жол жүрүүдөн кийин Бедөөлөттүн колу кең Аксайдын бетине келип эки колдун беттешүүсүндө көп адамдар «шейит» кетип Кашкар ханынын колу жеңилип баатыры баш болгон аскерлери колго түшөт.

---

[1] Тайлак баатырдын өлгөн жылы боюнча жазма жана ооз эки даректерде ар кандай айтылып келөт. Бир даректе 1838-жылы 42 жашында каза болгон делсе, бир даректе 1840, 1841 жылдары 42 жашында күзгө жуук деп айтылат. К. О. Осмонбетов, Г. К. Осмонбетова, Эдил. К. Осмонбетов-Тайлак баатыр и его время, Б-2001-стр. 65

Бала Бошубек Кашкардын Ашыр баатырын сайып түшүргөн жер «Чабуул» жоону капка салгандай камап жоокерлер таш ыргыткан жер «Кап», Аксорок ташта Абайылда мерген баш болуп, «топ болгон» мергендер жоого каршы жабыла ок аткан жер «Абайылданын Акташы», Ажыбек баатыр өзүнүн аскерлеринин (колунун) алдына чыгып жол болсун! дегенде Бала Бошубек баатыр андай болсун байке Сиздин шыралгага араң эле миңтеке деген жер «Миңтөке» деп тарыхта аталып келет.

Кашкар ханы бир нече айдан кийин арага элчи салып достук антын чыңдап, мөөрүн басып, катын жазып «Үч болот кылыч, отуз күлүк тартуу берип» бир ай болот дегенде колго түшкөн баатырларын баш кылып туткундан бошотуп алат. Эл тарабынан «Бала Бошубек, Баатыр Ажыбек»-деген даңазалуу ураан ошондон калат. Санжырада Ажыбек баатырга тартуу кылган үч болот кылычты жергиликтүү эл «Ажыбектин карачологу»-деп аташчу экен[1]

Т. Н. Өмүрбеков, Т. К. Чоротегин «Кыргыздардын жана Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы»-деген эмгегинде Кашкар чөлкөмүндөгү жана ага коңшулаш аймактарды (борбордук Теңиртоо) жердеген кыргыздар Чыгыш Түркстан элдеринин Цин дөөлөтүнө каршы боштондук кыймылына жигердүүлүк менен катышты. Йакуб бек дагы аларды ез тарабына тартууга аракеттенип, Орусияга кошулууну каалабай, падыша аскерлерине катуу каршылык көрсөткөн кыргыз манаптарын колдоп турган. Чек ара аймагындагы айрым кыргыз уруулары Йакуб бектин бийлигин таанып, ага салык төлөп турушкан. Атүгүл анын бийлигин чыңдоого да кыргыздар кыйла эмгек сиңиргени маалым. Йакуб бек Борбордук Теңиртоону өз ээлигине кошуп алууга умтулган. Эгерде анын мындай максаты ишке ашса мамлекети кыйла кеңейип, күч-кубаты артмак[2].

Ажыбек черикмоңолдор элин өмүрүнүн акырына чейин көздүн карегиндей сактай билген калыс, көсөм, нысаптуу, зирек ойлоп, кара кылды как-жарган чечен, кеменгер кыргыздын чоң манаптары Жантай, Жангарач, Качыке, Дуулат, Ормон, Боронбай, Алымбек датка, Олуя Калыгулдар менен үсөнгүлөш болуп кыргыз жери, кыргыз эли үчүн сырткы душмандарга жан аябай күрөшкен, кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүүгө бардык күч-кубатын жумшаган, сөздүн атасын

---

[1] Ч. Шадыбеков Баатырды эл жаратат(Ажыбек).

[2] Т. Н. Өмүрбеков, Т. К. Чоротегин Кыргыздардын жана Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы-Б-1995-ж,-131-б.

тапкан «Ажыбек баатыр»-деген бийик атты калктар арасында, эл арасында сыймык менен татыктуу алып жүргөн.

Ажыбек баатырга чейин Нарын-Атбашы,-Тоюн-Какшаал багытындагы элди Айдарбек датка[1], Тартак Мамбет, Кара Чунак Атамбек, Калча бийлер башкарып келишкен эле.

Кокон хандыгы өзүнүн күч-кубаттуулугун чыңдоо максатында Кетмалдыга, Жумгалга, Курткага курган чеп коргондоруна миңдеген аскердик күчтөрүн топтоп, аларды машыктырып, салык төөлөдөн убактылуу болсо дагы баш тарткан уруу башчыларын жазалоо максатында аскерлерин жиберип, элдин сезин алып талап-тоноп, баш бербегендерин эл көзүнчө «дарга» асып турушкан.

Кокон хандыгы Ажыбек баатырдан «жаза» тапкан Асан, Калдаң, Жалил баатырлардын «кунун кууп», Кокон бийликтерине «алым» төлөбөйт деген шылтоо менен 1831-32-жылдары Атбашыдагы «Чекендинин» талаасына Мадели хандын алты жүздөн ашык сарбаздары келип түшкөндүгү «Чоңдөбөдө», «Босогонун кой жолунда» кароолдо турган Бала Бошубек баатырдын жигиттери тарабынан Ажыбекке кабар болот. Ажыбек кырк жигити менен түн ката Аксайдагы Кынданын белин ашып Босогого түшүп, таңга маал эки кол «Чекендинин» талаасынан беттөшет. Кокон хандыгынын колу жеңилүүгө учурап колго түшкөндөрдөн «үч сарбазды» Ажыбектин айтуусу боюнча кокондуктарга кайра жибертет.

Сарбаздардан Ажыбек тууралуу толук кабар уккан Мадели хан кийинки жылы жай айында, жайдын толуп турган мезгилинде атайы «кол» топтоп, жортуулчуларын Аксайдагы «Чычаардын бели» менен «Эшекарттын» ортосундагы кыргыздарга жиберет. Басып алуучулук бийлигин бекемдөөгө жандалбастаган кокондуктар бул белге келип тыным алып, эртеси Теңиртоолуктарга; Ажыбекке кабар кылат.

Кокондун жер майышкан колу келе жаткандыгы боюнча «Ортосырт» менен «Түзбелде» турган кароолдон күн мурунтан келген кабар боюнча топтолгон Ажыбектин колу (бул эркиндик үчүн болгон кандуу кармашууга саяк, сарбагыштар дагы катышкан) кокондуктардын колу менен беттешип катуу кыргын болот. Кыргыз колу менен кокондуктардын колу көптөгөн жоготууларга учурайт.

Катуу кармашта Кокон хандыгынын колу толук жеңилип, Ажыбек баатырдын аты даңазаланып, эли-жери эркиндик үчүн кыргын болгон жер «Ажыбектин чаар муруну»деп, ошол кылымдан азыркыга чейин сыймык менен айтылып келет.

---

[1] Датка деген наам-азыркыча генерал-майор деген наамга барабар.

Дж. С. Бактыгулов менен Ж. К. Момбекованын «История кыргызов и Кыргызстана с древнейших времён до наших дней» деген эмгегинде «Весной 1831 г. Мадели-хан утвердил маршруты передвижений кокандских войск по Северному Кыргызстану. В соответствии с этим, ташкентский хаким (все тот же Лашкаркушбеги) с войском прошел через Чимкент и Аулие-Ата в Чуйскую долину и далее на Иссык-Куль. С другой стороны, из Ферганы через Кугартский перевал, на завоевание Центрального Тянь-Шаня двигался с войском минбаши Хаккуллы[1]».

Кокондуктардын мындай мамилесинен улам Ажыбек эли менен Кашкарга чукул Какшаал аймагын кезөмөлгө алып жүргөн чагында кокон бийлиги кайрадан теңиртоолуктарга бийлигин бекемдөө максатында үч миңден ашкан колун эки жай өткөндө Аксай, Арпа жердеген Ажыбекке жиберет. Ажыбек элин бүт Арпанын бели аркылуу Какшаалга көчүртүп, жоого карата топтолгон колу менен белди тосуп калышат. Эки колдун беш-алты күнден ашык болгон кармашуусунда эки тараптан тең көптөгөн жоокерлер өлүп, ушул эркиндик үчүн болгон кармашта кыргын болгон адам жана мал елүгүнен улам ал жер эл тарабынан «сөөк» деп аталып келет.

Кокон хандыгынын аскери негизинен сарбаздардан туруп, анын дээрлик көпчүлүгүн кыргыздар түзүп, аскер башчылары полусотен- (элүү башы) во главе с иллик баши, а также десятков под началом он-баши деп бөлүнгөн.

1822-1842-жылдары Кокон хандыгына бийлик жүргүзүп, 1832-жылы Нарын дайрасынын оң канатына Куртка, андан кийин Бишкек чептерин салдырган Мадели хандын ойу ордунан чыкпай Ажыбек баштаган кыргыз колунан көп ирээт жеңилип, бул салгылашуу тоолук кыргыздардын эркиндиги үчүн салгылашуулардын башаттарынын бири болгон.

Ал эми Меркенин Ашмара суусундагы Кокон колуна каршы 700 ашык кол топтогон Ажыбек баатыр Ормон Ниязбек уулу менен катарлаш болуп, Кокон колун кайра кайтарууга Бала Бошубек, Каратулан Атамбек, Тартак Мамбет, Калча бий, Айтбай, Суруке жана башка баатыр жигитери менен орчундуу салым кошкондугун Жапаркул Токтоналиев «Хан Ормон» деген чыгармасында ачык эле жазган.

Орус империясы өзүнүн аймагын кеңейтүүгө карата чечкиндүү чараларды көрүп келе жатканда кыргыздын эл башкарган чоң ма-

---

[1]. Дж. С. Бактыгулов менен Ж. К. Момбековалардын история кыргызов и кыргызстана с древнейших времён до наших дней, Б-2001-стр-146.

Нарын шаардык борбордоштурулган КИТЕПКАНА 8588 ф3

наптары «уй муйуз» тартып уккан кабарлар боюнча өз ара пикир алышуу менен кыйын кезеңдин алдын алуу боюнча кечиктирилгис чараларды көрүп келишкен.

Замандаштары Төрөгелди, Адыл, Жантай, Боронбай, Балбай, Тилекмат, Калча бий, Калыгул, Качыке, Дуулат сыяктуу элө, Токтобай уулу Ажыбектин XVIII кылымдын аяк чени XIX кылымдын биринчи жарымында Ниязбек уулу Ормон менен кыргыз журтчулугун (урууларын) бириктирүү «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу» саясатынын бир агымында, замандын кош өркөчү сыяктуу бирде өйдө, бирдө ылдый болгон шартына туш келип, алар менен алакалашып кыргыз журтчулугун бириктирүүгө (бир мамлекет курууга) карата чын ыкласы менен жан аябай жасаган ишмердүүлүгүн тарых далилдөөдө[1].

1843-жылдары Ысыккөлдө кыргыздын чоң уруу башчылары баш болгон манаптардын (бугу, саяк, сарбагыш, черик, солто, кушчу) катышуусунда курултай (съезд) болуп, бул хан көтөрүү курултайын жетектеген Ажыбек баатырдын чечкиндүү кадырман билгичтиги менен Ниязбек уулу Ормон кыргыздарга хан болуп, аны хан тактысына отургузуу аземи жогорку деңгээлде өткөрүлүшүнүн өзү эле Ажыбектин чоң уруу башчыларынын ичиндеги кадыр-баркын салмактап көрсетүп турат[2].

Бул жыйынга (съездге) уруу башчыларынын чоң манаптары Боронбай, Балбай, Жангарач, Алымбек, Ажыбек датка, Медербек, Ажыбек баатыр, Медет, Качыке, Жантай, Төрөгелди, черик – Калча бий, Сартаке, Олуя Калыгулдар катышышат.

Жазма жана оозеки даректерде өз уруусуна байланышкан улуу инсандарды өте эле жогору баалап жиберген далилдер да жок эмес, кээде ошол эле жалгыз адамдын керт башына оорчулук жүк жүктелүп калган учурлар да бар. Ажыбек баатырды кеп кылып жаткан учурда ага Ормон, Тайлак, Балбай, Боронбай, Жантай, Төрөгелди, Олуя Калыгул, Калча бий, Алымбек, Дуулат Тилекмат, Бала Бошубек, Атамбек, Ажыбек датка, Тартак Мамбет баатырларды жана башка көрүнүктүү инсандар чогуу көрсөтүлбөсө кээ бирде жалгыз өзү эле эл болуп, жалгыз езү эле хан болуп, тышкы жортуулчуларды бир уруу эл эле жеңип, калган уруулардын баатырдык жүрүштөрү, көрсөткөн эрдиктери көрүнбөй калган учурлар да чыгармаларда болуп келет.

---

[1] Т. Жапаралиев Хан Ормон Бишкек-2000-ж 182-208-бет.

[2] К. Усенбаев Оромон-Хан. Бишкек 1999-ж. 26 бет.

Айрыкча кыргыздын салт-санаасын, үрп-адаттарын толук колдонуу менен оң жактан Кашкар бийлиги, түштүктөн Кокон хандыгы, коңшулаш казак өкүлдөрү менен алака, соода сатык, алыш-бериш, кыз берүү, кыз алуу, жоону бирге жоолоо, доону бирге доолоо, алардын басып алуучулук саясатына каршы көз ирмебей атуулдук парздарын аткарып келген Улуу Теңиртоолук уруу башчылары качан да болсо өздөрүнүн дипломатиялык жана баатырдык жүрүштөрүнөн баш тарткан эмес. 1859-жылы черикмоңолдор уруусунун башчысы Турдуке баатыр менен Калча бийдин башчылыгында Нарын-Атбашы өрөөндөрүндө жашаган черик, тынымсеит, саяк эли кокон бийликтеринин кысымына каршы (Ажыбек баатыр өлгөндөн кийин) болуп көрбөгөндөй каршылыктарды көрсөтүп, Куртка чебин курчап, аларга сокку урушкан[1].

Жергиликтүү жердин шартына жана уруу башчыларынын абройуна жараша жер тандоо, эл жайгаштыруу маселелери дагы ич ара келишпестикти жаратуу менен көп учурларда чабышууларга, жылкы тийип, бири бирине «сес» көрсөтүп, өзүлөрүн башка урууларга карата күчтүү экендигин билдирүү менен тымызын күч колдонуу жүрүштөрү да өз алдынча болуп турган.

Ал эми атактуу аш-тойлорду мерчемдүү жерлерге, оңдон Кашкардагы кыргыздарды, солдон казак туугандарды чакыруу менен эң бийик жогорку даражаларда өткөрүлүп турушу, ал уруу башчыларынын даражасы даңкы алыска угулуп, узак убакыттар боюу «кеп» кылынып келсе, ал эми кээ бир учурларда ал урууларды башка бир уруу башчылары ушундай аш-тойлордон кийин малмүлктөрүн олжолоо маселелери кийинки учурларга калтырылган фактылар дагы болуп келген. Ар учурларда, ар мезгилдерде Ажыбек, Шабдан, Чыныбай, Байтик баатырларга карата өткөрүлгөн аштойлор эл оозунда жана чыгармаларда атайы тема болуп берилип анда көрсөтүлгөн балбан күрөш, эр эңиш, күлүк, жорго чапмай ж. б. кыргыздардын ата-бабасынан келе жаткан өнөрлөрү ошол мезгилдин шартына жараша төп келип, ошол аш-тойлордун даражадаңкы уруу-уруу башчылары тарабынан даңкталып, ал эми өткөрүлгөн аш-тойлордун оош-кыйыш, ашык-кеми сынга алынып, эл тарабынан айтылып турулган.

Кыргыздарда негизги байлык болгон мал жана мүлк толугу менен жеке менчик болуп, айрыкча кара малга ата-бабалардан калган

---

[1] Дж. С. Бактыгулов менен Ж. К. Момбекова История кыргызов и кыргызстана с древнейших времён до наших дней, Б-2001-стр-150

эн тамга басуу (салуу) иши өркүндөтүлүп, ууру-бөрүлөрдөн сактоого, эсеп-кысап, салык төлөөгө жана кошулган малды айрып билүүгө да чоң өбөлгө түзгөн.

Алгачкылардан болуп кыргыз тарыхын оозмо ооз ошол кездеги санжырачылардан, көргөн билгендерден чогултуп жазган Белек Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхы» чыгармаларында берилген «Кыргыздардын колдонгон тамгалары» деген эмгегинде көпчүлүк уруулардын малга басып колдонгон эн тамгалары дагы эскерилет. Нарын-Атбашы-Тоюн-Какшаал жерин жердеген чериктин ата-бабасынан бери колдонуп келген черик тамгасы ⊥ (*же жергиликтүү эл тарабынын айтылып келе жаткан «жер эне» тамгасы*) бүткүл черик уруусунун бодо малдарынын минээр жак жамбаштарына басылып, уруу арасындагы малдарды таанууга, байлыктарын аныктоого, жоголгон малдарды табууга оңой жол ачкан. Ал эми майда жандыктарды кызыл, көк, ак, кара ж. б. өңдөргө бөлүү, кызыл жошо менен белгилерди салуу аркылуу мал ээсинин өз байлыгын көздүн карегиндей сактоого эң аяр мамиле кылуу өнөрлөрү дагы күч алган. Ороз болуш кызы Калыйчанын санжырасында да бул «жер эне» белгиси же жергиликтүү элдин айтуусундагы «черик тамга белгиси» черик бабабыздан бери эле эл алдында көтөргөн туусунда, кийинки Ажыбек баатырдын заманында көк асабасында болгон экен деп эскерчү[1].

Айтылуу Калча уулу Токсоба байдын бактырган тубар койлору эле он миңден ашып, элде «токсобанын тогуз-он кара кою»-деген эрке-накыл кеби азыркыга чейин келип жетти. Муну менен бир мезгилдерде, бабаларыбыз мал багуунун эң бир жогорку чеберчиликтерин көрсөтүп, малга эн салуу, малды өңүнөн чыгарып таануу өнөрлөрүн аркалап, байлыктарын көздүн карегиндей сактап эл багып келгендиги аныкталып олтурат.

---

[1] Эмир Баймуратчерик жөнүндө айтып жатабыз.

[1] Б. Солтоноев Кызыл Кыргыз тарыхы Бишкек-1993-ж. 1 том. 153 бет.

[1] А. Салымбеков, К. Бокоев Бабабыз Кошой жердеген Атбашы XXI кылымдын босогосунда Бишкек-2001-ж. 347 б.

# АЖЫБЕК БААТЫРГА БАЙЛАНЫШТУУ (ОБЪЕКТИЛЕР) ТҮШҮНҮКТӨР





1) Кокон сарбаздарынын Атбашыдагы Чекендинин талаасында жеңилиши жана колго түшкөн сарбаздардан үчтү Коконго жибериши

2) Кокон колунун Аксайдагы Чычаардын бели менен Эшек арттын ортосунан талкаланылышы жана ал жер «Ажыбектин чаар мурунy» - деп аталышы

3) 1843-жылы Кыргыздын чоң уруу башчыларынын катышуусундагы съездге жетекчилик кылышы, Ормон Ниязбек уулунун кыргызга хан көтөрүлүшү.

4)1846-1847-жылдары Кене Хандын жортуулчуларына карата Кыргыздын Туусун көтөрүшү.

**Ажыбек баатыр**

5) Мыкандын Кара-Сазында Кене Хандын жортуулчуларына карата эрдиктерди көрсетүшү


6) Кенесарынын колго түшкөн туусун жеткириши.

7) Цинь Империясы башкарган Кашкар Ханы Бедөөлеттүн колунун Аксайда жеңилиши жана ал жер «Чабуул», «Кап», «Абайылданын Акташы», «Миңтеке» деп аталып калышы

8) Цинь империясы башкарган Кашгар Ханы Бедөөлөт (Йакуб бек) 1850-жылдары Кыргыз баатырларын чакырышы жана Ажыбекке болот кылыч калканы менен тапшырышы

9) Ажыбек баатырдын Меркеден бөрки Ашмара суусунун боюндагы Кокон колуна каршы согушка катышуусу

10) Турдуке баатыр, Калча бий башында турган Моңолдор-черик элинин Аксайдын Тармалсазында Ажыбек баатырдын ашын өткөрүшү



XI-XII кылымдардагы кыргыз жоокери

Токсоба байдын артыкчылыгынын бири мал төлдөп, козу отугуп, жанын багып калганда малчыларын, колунда жокторду чакыртып, чогулгандардын көзүнчө: эл-журт «эгем» айтат экен «эркектесе көбейөм, эгиздесе азайам» деп жанбашыңарга[1] тогуздан козу алгыла, күзгү-кышкы мал баккан акыңар ошол, ушул байлыкта силердин дагы көз акыңар, ырыскыңар бар, малдын берекесин берсин, ошону менен ыраазы болгула дечү экен.

2000-жылы Абакан шаарындагы Хакас мамлөкеттик университетинин тарых жана укук таануу институту тарабынан В. Я. Бутанаев менен Ю. С. Худяковдун биргелешкен «История енисейских кыргызов»-деген эмгегинде кыргыз каганатынын жоокерлеринин колдонгон куралдары, баскан издери дагы көзгө көрүнөөрлүк чагылдырылган. Алсак, мына ошол чыгарманын 37-сүрөтүндө кыргыз жоокеринин кандай куралдарды колдонгондугу берилген. Бул чыгармада биздин замандын XI-XII кылымдарында эле кыргыз жоокерлери башына туулга, боюна зоот кийип, оң колуна желектүү сыр найза, билегинде айбалта, сол капталына кылыч, оң капталына жаа жебеси менен куралданып, минген аргымагынын куйругун жазы шоона менен түйүп, ат жамбашына кыргыз белгилерин (тамгаларын) басып башкалардан айырмаланып тургандыгын керсөткөн[2].

Байкасак, черик тамгасы ушул сүрөттө көрсөтүлгөн тамгалардын орчундуу езөгүн түзгөнсүйт. Ошол замандан бери колдонуп келе жаткан кыргыздардын бул өзгөчө белгилеринин бир бөлүгүн түзгөн черик тамга, азыркы черик урууларында кеңири колдонулуп келе жаткан, эзелтеден калган эл эстелиги деп баалоого туура келет (жыйырма экинчи беттеги сүрөттү караңыз).

Жалпы калк бий, болуш, бай, букараларга бөлүнгөнү менен майда уруу башчылары өздөрүнө тийиштүү урук-туугандарына кышкысын «согумун» жайкысын жайлоо-күздөөсүн бөлүп аларды ун, талкан азык-түлүктөр менен камсыз кылууга (ашар жолу менен дагы) жардам көрсөтүү маселеси алдынкы орундарда турган.

Карапайым калкка өз ишмердүүлүгүн көрсөтүп, аны багуу-асыроо мамилесин жөнгө салып, эл арасында өзүн жана үй-бүлөсүн «нысапка[3]» үгүттөгөн калк аралап аккөңүл кадырлуу акылмандыгы менен эмгеги элге сиңип анын атынан жер-суу аттары дагы аталып калган тарых байлыктарыбыз өтө арбын. Алсак ушул заманга жеткен «Байтиктин босбөлтөгү», Атбашыда «Өмүрзак кыш-

---

[1] Жанбашы-бир үй-бүлеге деген мааниде.
[2] В. Я. Бутанаев, Ю. С. Худяков «История Енисейских кыргызов»-Абакан-2000
[3] Нысап-сабырдуулукка, токтоолукка, колдо бар оокатка ыраазы болуу.

тоо» Какшаалда Ажыбектин атасынын атынан «Токтобай жылга» ж. б. көптөгөн эл башкарган адамдардын атынан жер-суу аттары эл арасында тарыхка тамга басылгандай айтылып келет. Бугунун ханы Боронбай өлгөндөн кийин бийлик иниси Зарыпбекке өтөт экен, андан бийликти Тилекматтын уулу Чыныбай алат. Чыныбайдын кысымынан коркуп Бирназар бийдин уулу Мураталы Текеске, Боронбайдын уулу Өмүрзак Атбашыга кечө качып, мен Чыныбайдын Атбашыдагы элин бийлейин, ал көлдү бийледи деп, өзүнө караштуу туугандары менен жайдын күнү Арпага көчүп-конуп келет. Бул мезгилде чөрикти Матай бий бийлеп калган убак болот. Матай бий ак боз бээсин жигиттерине жетелетип, ак тилеги менен Арпада турган Өмүрзактыкына түшүп калат. Ат алган жигиттери Матай бийди Өмүрзактын өргөсүнө киргизет. Киндик бою төшөк салдырып, боз үйдүн керегесин карап жаткан адамды көрүп, Матай бий салам айтып төргө өтүп, төшөктө жаткан адамдын баш жагынан орун алат. Жаткан кишиден добуш болбогондуктан, Матай жигиттерге карап бул адам качантан бери «сыркоо»-дөгөнде, төшекте жаткан Өмүрзак экен, Матайды акырая карап, кайра добуш салбай керегени карап жатып алат. Матай бий эшке чыгып, тарткыла жигиттер, бул киши сакайганда келебиз деп аргымагын минип, ак боз бээсин жетелетип кайра Борондуга келип, Босогодогу өргөсүнө кетип калат. Өмүрзактын эли Матай бийдин кеңеши менен Атбашынын күн чыгыш бөлүгүндөгү Чоңортоктун үстүндөгү жазыга кыштайт.

Матай бий элине «быйыл жыл катаал болот, кар калың түшөөр, союшуңарды, бирин-экин мине турган малыңарды, саап иче турган уйуңарды алып калып, калганын Тоюнга айдаткыла деп жар салдырат. Чынында эле ошол жылы кыш эрте түшүп, ат бура бастыргыс кар жаап, мындай кышты көрбөгөн бугу эли айрыкча жуташкан экен. Аксай, Арпанын мал багууга ыңгайлуулугун айтып, Атбашыда кыш эрте түшүп, жаз кеч келээрин эскертип, субай малдарын Тоюнга айдатаарын жигиттеринен Өмүрзак бийге эскертет. Бирок, Өмүрзак бий бул кабарды туура кабыл албай, мал-жандын күздө-кышта кандай болуп чыгаарын менин ат минген эле жигиттерим билет деген дөйт. Күздө «кызыр эм»[1] тайдын этин жеп, эрте жазда«байланган» ирикти сойдуруп баккан Көбен «жайчыны» кыштоосун талашып баш бербеген Өмүрзак бий жылкыларын эрте жазда Арпага айдап түштү

---

[1] желеге байланбай сүт эмген кулун

деген кабарды угаары менен, «Кана эми «жайчым»[1], сага иш табылды, өнөрүң болсо көрсөт» деген экен. Адегенде жамгыр, андан кийин мөндүр, андан кийин калың кар жаап, бурганак болгондо коктукоктудагы кызыл түлөө болуп жүргөн жылкылар бүт кырылган дейт. Кабарга келген жылкычыдан Өмүрзак бий «Камбар боздун үйрү аманбы?» деп сураганда Камбарбоздун үйрү Коргонташка келип кырылды дегенде катуу кейиген экен. «Атбашыга кара куйрук чакчыгай эле жердесин» деп Өмүрзак бий элине көчө качат экен. Азыр дагы ал жер «Өмүрзак кыштоо»-деп Өмүрзак бийдин атынан сыймык менен аталып келет. Өмүрзак кыштоо төрүнөн Чоң-Кичи-Төрлөр, оң жагынан Бокой колот, сол жагынан Кабыргабулак, кире беришен Чоңорток менен чектеш.

Ал эми Байтик баатыр тууралуу сөз кылганда ал болжолу 1809/10-1886-жылдары жашап, солто уруусунан чыгып айтылуу кара Байтик баатыр деп элге атагы чыккан. Бийлик үчүн баардык ишке барган Байтиктин заманы да өтүп, өмүрү еткөнчөктү Босбөлтөктү мекендөп, анын сөөгү 1866-жылы ошол жерге койулуп, Байтиктин Босбелтегү дөп атылып келет[2].

Көчмөн калктын ошол кездеги урунган идиш аяктарынын негизги көпчүлүгү жыгач буюмдардан жазалып, бий-болуш, манаптардын үйлөрүндө Олуяата, Ташкен, Омбу шаарларынан келген соода кербендерден малга, ат жабдыктарга алмашып алган сыраяктар, сыр-идиштер кеңири колдонулса, жез оймоктуу уздар боз үйлөрдүн жабууларын бүтүрүү боюнча «ашар» ыкмасын да кеңири ишке ашырышкан.

Ал эми ушул эркиндик заманыбызга чейин жеткен Ажыбек баатырдын кеңешчиси Калча бийдин Цинь империясынанбы, Кокон бийлигиненби же Орус төрелөрүнөнбү алган чини (званиеси-погону), кашкардын уз-усталарына жасатып колдонгон, керегеси жез менен кармалган боз үйү уулу «Чагарак-Куйрук-Чарт-Аяздын» заманына, андан Мамырбай, Өмүрбайга чейин жетиши өткөн ошол Улуу инсандардын турмуштагы тарых күбөлөрү болуп эсептелээрине ишеним чоң.


---

[1] Ар-бир адамга бере бербеген Теңирдин өзгөчө өнөрү, Манаста мындай өнөрдү Алмамбет аркалаган.

[2] С. Закиров кыргыз санжырасы Б-1996-ж. 165 б.



XVIII кылымдын аягы XIX кылымдын биринчи жарымындагы Калча бийдин жез менен Кашкардын усталарына карматкан боз үйүнүн керегесинин калдыгы



Калча бийдин бийликтерден алган чини (званиясы)

## ЦИНЬ ИМПЕРИЯСЫ, КАШКАР ХАНДЫГЫ
## Ж А Н А
## КОКОН БИЙЛИГИ

Түндүк кыргыздарга анын ичинде черикмоңолдор элине Кокон ханы ири согуштук отряддарын жиберүү менен (Кытай цинь бийлиги дагы жиберген) болжолу 1850-жылдары жай айында черик, чоң багыш, бугу урууларын өзүнө тартып алуу максатында көп аракеттерди жасашкан. Айрым уруу башчыларына жогорку бийлик наамдары берилген болсо, айрымдарына баалуу белектер берилип ага жыл сайын 10 жамбы берип турмак болушкан. Мындай чакырыкка Боронбай, Ажыбек тарап да катышып, баалуу белектер менен катар наам дагы алышкан[1].

Кокон жана цинь бийликтери тарабынан чакыруунун катарында болгон Ажыбек орчундуу белек бечкектерден оолак болуп, Бедөөлөт хандын аскерлери менен болгон кандуу кагылышуулардан жеңишке жеткенден кийин Кашкар ханы менен достошуу анты бекитилип, мөөр басылып, Ажыбек баатыр менен баргандарга үч болот кылыч белекке берилип, ал эми Ажыбекке тапшырылган кылыч менен калканга «Бөдөөлөт хандан» деген жазуу жазылып тапшырылышы (Йакуб бекти айтып жатабыз) баатырдын даражалуу, даңазалуу экендигин замандаштарынын арасында керсөтүп турган. Циндик бийликтер жергиликтүү уйгурларды, кыргыздарды, казактарды, дунгандарды кысымга алып, салыктарды көбөйткөндүктөн ага чыдабаган эл Кашкардагы уйгурлардын циндик бийликтерге каршы көтөрүлүшүн колдоп, алардын согуштук күчтөрүнө чыдабаган калктын кээ бир бөлүктөрү азыркы Атбашы районуна көчүп-конуп келип байыр алышкан. Мындай көтөрүлүштөр Кашкарда 1760, 1814, 1816 жылдары катталган. Буга чейин Чыгыш Түркстан бийликтерине аралашып башкарып келгендердин урпактарынан делген Жаангир-Кожо 1818-жылдары кол топтоп цинь бийликтерине каршы көтөрүлүш баштайт, буга Артышта турган Суранчы бий баштаган 500 ашык кыргыздар жана жергиликтүү уйгурлардын көпчүлүктөрү дагы катышкан. Цин дөөлөтүнүн төрөлөрү кыргыздарды чатактан алыс болуп тынч жашоого, тополоңго аралашкандан керө Суранчыны кармап берип чоң сыйлыкка ээ болууга үндөгөн. Мындай коркутуп үркүтүүлөргө карабастан кыргыздар өз жолбашчыларын душманга кармап берген жок. Тескерисинче Су-

---

[1] Усенбаев К Общественно-экономические отношения киргизов в период господства Кокондского ханства. Фрунзе, 1961, 52-155 стр.

ранчы бийдин эл арасында кадыр-баркы ого бетер өскөн. Жаангир кожонун кыймылына саяк, черик, басыз, каба уруу-уруктары кол кабыш кылып кожону колдогону Т. Н. Өмүрбеков менен Т. К. Чоротегиндин «Кыргыздардын жана Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы» аттуу эмгегинде айтылат[1].

Ажыбектин эли Бедөөлөттүн «алымынан» убактылуу болсо да кутулуп эли менен Нарын-Кашкар аймагында ээн эркин көчүп-конуп, Олуяата, Омбу, Ташкен, Токмок шаарларынан Кытайга өтүүчү кербендерди ушул аймактарда көзөмөлдөп (жылоолоп), аларды ууру-каракчыларга тонотпой Кытайга чейин жеткирип, алардан акы алуу менен элин баккан.

Орус саякатчы-окумуштуусу П. П. Семенов Тянь-Шанский мындай дейт: «Киргизы, точнее некоторые племена состояли в номинальной зависимости от Китая, но всего более в подданстве Кокандского хана[2].

Ошентип, алардын жергиликтүү калкы чоң уруу башчыларынын циндик бийлик тарабынан каратып алуулук коркунучунан толук кутулган эмес. Бирок, муну менен Россиянын таасиринде турган чоң уруу башчы манаптарын цинь екмөтү өз тарабына тартып ала албаган. Ошондой болсо дагы, аты аталган бул уруулар (черикмоңолдорлор) белгилүү даражада Кытай таасиринде болгонсуду[3].

XIX кылымдын жыйырманчы, отузунчу жылдарында Кокон хандыгы кыргыздарды каратып алып өздөрүнүн бийлигин жүргүзүү жана жергиликтүү элди былк эттирбей баш ийдирип туруу максатында ондогон согуштук чептерин курат да, аларга жүздөгөн, миңдеген жоокерлерди кармаган. Мындай чептер Кетмалдыда, Тогузторододо, Курткада, Жумгалда, Барскоондо, Караколдо, Токмокто, Бишкекте, Аксууда, Чалдыбарда пайда болгон[4].

Ажыбек баатыр тууралуу билген санжыра жаатындагы билимдүү адамдар тарабынан (кытайдагы кыргыздардын айтуусу боюнча) мындай чептин Атбашы жергесинде болбогондугунун (1856-жылга чейин) себептеринин бирден-бири Ажыбек баатыр

---

[1] ДЖ. С. Бактыгулов, Ж. К. История кыргызов и Кыргызстана с древнейших времён до наших дней Б-2001-ж. стр. 142-43.

[1] Т. Н. Өмүрбеков менен Т. К. Чоротегин «Кыргыздардын жана кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы XVII-XX кк. башы»-Б-1995-ж, 64 б.

[2] Семенов Тянь-Шанский П. П. Путешествие в Тянь-Шань. М. 1958, с 168.

[3] К. Усенбаев Оромон-Хан. Бишкек 1999-ж. 19-20 бет.

[4] Дж. С. Бактыгулов, Ж. К. Момбеков История кыргызов и кыргызстана с древнейших времён до наших дней Б-2001-стр. 146.

баш болгон элдин Цинь империясынын бийлиги менен узак убакыттар бою канатташ жашап, алар менен саясий жана соода жолдору аркылуу алакалаш мамледе болуусу жана бул аймакты башкарып турган Ажыбек баатырдын көсөмдүгү менен Кокон бийликтерине чечкиндүү жана орчундуу согуштук аракеттерди жигердүү деңгээлде жүргүзө билгендиктен, Кокон хандыгы өз коопсуздугун ойлоп, Кытай бийликтерине чукулдоону токтотсо, экинчиден Кашкар, Какшаал бийликтери менен моңолдорчерик эли ез ара араздашуудан кийин жакын мамиледе болуп Кокон бийликтерине дагы убактылуу «алым» төлөөдөн кутулуп, Нарын-Кашкар аймактарында ээн эркин кандайдыр бир мезгилге чейин бейкут жашашкан.

Жазуучу жана өтө чебер санжырачы Атбашы райондук компартиясында үзүрлүү эмгектенип, райисполкомдун төрагасы кызматына чейин жеткен Ч. Шадыбековдун «Ажыбек баатыр» тарыхый поэмасында мындай сүреттелөт:

Келип турам Ажыбек
Вадавлет-Кашкар ханынан
Жооп бергин сөзүмө
Өзүңдү кердүм жаңыдан
Достошоор болсоң аныңды айт.
Элдешээр болсоң тартууңа
Бере турган малыңды айт.
Канча жылдан бер жакка
Ханга алым бербейсиң
Жаратканды унутуп
Жандан күчтүү мен дейсиң
Бир топ жылдан бер жакка
Бекке алым бербейсиң
Бир алланы унутуп
Бендеден күчтүү мен дейсиң…[1]

Кокон хандыгы өзүнүн үстөмдүгүн орнотуу менен жергиликтүү элге жыл сайын салык-алыктардын түрлөрүн ойлоп чыгарып, анын санын жыйырмага жеткирген Иса Аулия деген жөнөкөй эле катчыга «Даван» деген эң жогорку наам берилген. В. В. Радловдун «Кара-Киргизы» деген эмгегинде ар бир боз үйгө бирден кой, ар-бир элүү койго бир кой, «кроме того, периодически взимался военный налог

---

[1] А. Салымбеков, К. Бокоев Бабабыз Кошой жердеген Атбашы XXI кылымдын босогосунда Б-2001-ж. 496 бет.

в размере одной золотой монеты (дилла), три овцы с юрты. Все эти налоги всегда взыскивались насильно» деп аныктайт[1].

Деги элө, кыргыздарга салыктардын кайсыл түрү болбосун оорчулукту туудуруп, ансыз деле дыйканчылыкты анча өздөштүрбөгөн уруу башчылары эгинден алына турган «харадж» (налог с урожая) салыктарынан көбүрөөк кыйналышкан.

Ажыбек Кокон бийлигинин кыргыздарга көрсөткөн зөзүүсүнө, Кашкар бийлигинин кысымына, Кенесары Касым уулунун кандуу жортуулдарына карата, азыркыча жалпылап айтканда, өз өмүрүнүн 37 жылдан ашуун кыргыздарды коргоону колуна алып, үзөнгүдөн түшпөй кыргыз эли менен бирдикте мамлекеттик ишмердүүлүгүн далилдеген, өз кезегинде алдына ат салдырбаган Ажыбек баатырдын дарегине алкоо кеп айтуу Кыргыз Республикасы өзүнүн эгемендүүлүгүнө жетип, Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгын белгилөө осуйпасына туш болуп олтургандыгына байланыштуу, Ажыбек тууралуу тарых барактарын мындан дагы арыраак тактоо керек экендиги талап кылынат.

Мындай тактоолор азырынча жүрүп жаткансыйт. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Эл жазуучусу Асанбек Стамовдун 2003-жылдын 30-майындагы «Эркинтоо» гезитине жарыялаган «Чомой баатырдын дооруна саякат» деген тарыхый баянында Мадели хан тарабынан Канай туткундалып Олуятадагы түрмөгө камалганда Чомой, Бала Ажыбек, Адылбек, Саке, Үкү баатырлар кайрадан кол курап Олуятаны камалап алардын кийлигишүүсү менен Канайды өлтүрүүдөн сактап калышат[2].

Чындыгында, Кокон хандыгынын бийлиги Кыргызстандын бардык аймагында жана бардык учурда бирдей боло бербей, түштүк менен түндүк кыргыздар саясий жагынан, атап айтканда Кокон хандыгына баш ийүүдө бири-биринен айырмаланышкан.

Муну байкаган казактын окумуштуусу Ч. Валиханов XIX кылымдын ортосунда сарбагыш, бугу урууларында болуп, мындай деп жазып калтырган: «По отношению к Коконду киргиз можно разделить на подданных Коконда и не признаюших его власть, первые пользуются одинаковыми правами с узбеками, служат в войске и занимают военные и гражданские места. Другие платят зекет и обязаны давать вспомогательные войска в случае надобности»[3]

Түндүк кыргыздар түштүк кыргыздар сыяктуу эле Кокон хандыгына баш ийип, Нарын-Атбашы-Тоюн-Кашкарды жердеген кыргыз

---

[1] О. Караев, К. Жусупов Кыргызы: Источники история и этнография Б-1996-ж 367 бет.

[2] А. Стамов. «Эркинтоо» гезити. 30.05.2003-ж.

[3] Валиханов Ч. Ч. , Название статии, сбор. соч, в пяти томах. Т. 2, Алма-Ата 1985, стр 9

уруулары Кокон хандыгынын саясий жана башкаруу борборунан оолагыраак болсо дагы, оң жагындагы цинь империясы, Бедөөлөт (Кашкар) хандыгы, түштүгүндөгү Кокон хандыгы, казак журтчулугу менен тынчтыкты орнотууну көздөп, элди караканап кылып талоого каршы чечкиндүү чараларды көрүп келишкен.

О. Караев менен К. Жусуповдун «Кыргызы: Источники, история, этнография» деген жыйнагындагы белгилүү этнограф Н. А. Аристовдун эмгегинде Атбашы, Аксай өрөөндөрүндө жашаган черикмоңолдорлор жөнүндө төмөндөгүдөй маалыматтар берилген: «Черики занимают бассейны р. р. Атбаши и Аксая и делились, по сведениям 1866 года, на четыре отделения:

-первое из них-Карагул-подразделялось на нагай (ногой), кончай (кончой)и назар;

-второе-Сазан-делилось на тагай и сарыкюбөнь;

-третье-Үч-Тамга-на четыре подразделения: бакты, кызыл тукум, дуван и сарыча;

-четвертое-Ак-Чубак-подразделений не имөло.

Китайцы, в 1759 году, нашли оток дзирик (чирик) с старшиною Юматом, в числе 200 семей, между западными бурутами. По Валиханову, в 1859 году, до 1300 кибиток чириков находилось в кокансском подданстве на Атбаше, Арпе и Аксае; до 1500 киб. на Үч-Турфанской реке подчинялось китайцам и ведалось бием Турдуке. Ныне в двух волостях Пржевальского уезда числится 2500 киб»[1].

Моңолдорчерик урууларынын түпкү бабалары болгон Аңга-Төрө XIV кылымдарга таандык жазма даректерде айтылып, Атбашы, Аксай, Арпа, Кашкар аймактарында жашап келе жаткандай. Негизи эле, азыркы эркин заманга чейин жеткен, биздин кез карашка караганда өтө орой, бирок маанилүү «Моңолдорчерик биртууган калган элди ким тууган»-деген кыргыз макалы ошол мезгилден бери эле жашап, эл оозунда айтылып келе жаткандыгында.

1406-жылдары дүйнеден кечкөн Алтын Ордо ханы болуп эсептөлген Токтомуш хандын аталаш биртууганы Баймуратчерик ошол заманда жашап өткөндүгү тарыхта баяндалат. Жыйынтыктап келгенде, моңолдорчерик кылымдарды карытып, ошол мезгилден бери эле Нарын, Ат-Башы, Аксай, Арпа, Кашкарга чейинки аймактарда жашап катаган, нойгут, кыпчак элдери менен бирге болгондугу байкалат[2].

---

[1] О. Караев, К. Жусупов Кыргызы: Источники, история, этнография Бишкек-1996-ж. 378 бет.

[2] М. Досболов, О. Соронов Мажму-Атут-Таворих (тарыхтардын жыйнагы), Б-1996-ж.

кылымдын ортосунда эле Сайфаддин Аксыкентинин «Маджму-ат-таварих» деген чыгармасында «Манас» дастаныбыздын эл оозунда айтылганы жана мазмуну жөнүндө алгачкы ишенимдүү маалыматтардын жазылганы дастаныбыздын калыптануу таржымалы жөнүндөгү айрым тыянактарды чыгарууга себепболбойт бекен?»- деген ишенимдүү ойтолгоосу ишеничке шыктандырат[1].

Сөз кылып жаткан Ажыбек башында турган элдин санжыра, салт санаасы Тоюнда, Кашкарда, Какшаал элинде кебүреөк жазылып айтылат. К. Осмоналиевдин «Көчмендөр кагылышы» аттуу зор эмгегинде дээрлик көпчүлүк окуялар Теңиртоо, Көл аймагында болсо дагы, черикмоңолдор эли тууралуу такыр эле орчундуу кеп болбой калышы ушул себептен болуш керек. XIX кылымдын кыркынчы жылдарында Кокон хандыгы өзүнүн ички биримдиги, ички саясаты, бийлик талашуу менен алек болуп жатканынан пайдаланып, түндүк кыргыз уруулары баш кошуп, Ормон Ниязбек уулун хан көтөрүп өзүнчө көз карандысыз мамлекет куруу аракеттенде болушкан.

Мунун натыйжасында кыргыздын чоң уруу манаптары өздөрүнүн аскердик күчтөрүн ич ара топтоо жана даяр туруу маселесин а деп колго алышкан. Кокон хандыгынын, бийлигинин начарлашы менен Ормон баш болгон сарбагыштар көтөрүлүшкө чыгып, Кетмалдыдагы алардын чебин талкалап, кокондуктарды кууп чыккан. Сарбагыштар менен катар эле чоро саяктар Куртка чебин алып, далай сарбаздарды өлтүрүшүп, көп курал-жарактарды колго түшүрүшөт.

Кокон хандыгына карата ар бир кыргыз өз эркиндиги үчүн жекече дагы салымдарын кошкон. Б. Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхы» эмгегинде бул Куртка коргонунун (чебинин) кайтаруусунун бекемдигине элди күмөн кылган окуялар дагы болгон.

Атбашылык Каралакөз деген баатыр жигитти кокондуктар эртең менен дарга асмак болгондо, бутундагы кишенинен бошонууну ойлоп, элди ойготуп албайын деп, эртең мененки намазга өзбектин молдосу асан чакырып «Алооакпар» деп эки жолу айтканда керки менен бутундагы кишенин эки чаап кишенден бошонуп, үчүнчү «алооакпар» дегенде чот керкини алып, эшикке түйүлүп чыккан. Байлоодо турган эки аргымакты чечип, бирине минип, бирин коштоп алганда молдо «Ассаламду кайрым» дегенде Каралакөз «атаңдын башы,

---

[1] А. Акаев «Байыркы кылымдардын мурасы жана табышмактары» Кыргыз Туусу гезити, 2002-жылдын 2-5-августу.

А. Акаев «Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана «Манас» элдик эпосу, Б-2002-ж, 48-б

эми эки аргымагындан айрылдың» деп чептин дарбазасынан чыккан. Молдо азандын аягына чыкпастан шашып, «жоо кетти» деп кыйкырганда Каралакөз чот керкинин сабы менен аргымакты санга бир салып качып, жардан алыс секиртип Нарын дайрасына кирип кечип өтүп, артынан кууган 40-50 сарбазга жеткирбей узап кеткен[1].

Ал эми Атбашыдагы Келтетумшуктан, Чекендинин талаасынан, Чычардын бели менен Эшек арттын ортосунан, Акталаадагы Куртка чебинен Ажыбектин колунан, Ашмара дарыясынын боюнан кыргыздардын колунан талкаланган кокондуктардын колу көп жоготууларга учурап, алардын ансыз деле чачыранды болуп бара жаткан бийлик төбөлдөрүнүн башкаруу бийлик шарапатынын жаранкасын чоңойткон. Бирок, мындай ар-тараптуу жеңилүүгө учураган Кокон хандыгы өз үстөмдүгүн кайрадан көктүгүнө салып бекемдөөгө умтула берген.

Өз кулачын жайып, каратып алуучулук күрөшүн күчөтүп келе жаткан орустарга каршы уруу башчыларынын чоң манаптарын Кокон хандыгы тарап дагы да болсо күрөшкө чакырып, ал гана турсун жардам беребиз деген убадаларын берет. Ошол эле учурда падыша өкмөтү Борбордук Азияны толук басып алууга далалат кылып, өзүнүн кызыкчылыгын көбүрөөк ишке ашыруу максатында кыргыз, казактарды Кокон хандыгына каршы тукуруп, алардын өз эркиндиги үчүн болгон күрөшүн колдогон. Бийликтеги уруу башчылары, чоң манаптар менен ымалаларын бардык жактан күчөтүп, керек болсо белек бечкек, даражаларды берүү менен сый көрсөтүшкөн.

Нарын-Атбашы-Какшаалда жашаган кыргыз элин башкарып турган Ажыбек баатыр 1838-39-жылдары Куртка чебинин бегине ачык эле салык төлөөдөн баш тартып, 1840-жылдан баштап Куртка беги Мамыразыктын тынчын кетирип, кайра-кайра кол салып кокон сарбаздарын колго түшүрүп, эсепсиз салык төлөөдөн кутулуп, нарындык кыргыздарды көтөрүлүшкө чакырып, кокон бийлигинин ырайымсыз мамилесине карата эркиндик үчүн боштондук күрөшүн күчөтүп, кокондук машыккан күчтүү аскер колун Жумгал чебине чейин кууп барып таштаган. Айрыкча, мындай деп белгилейт тарых: Атбашылык 6 миң түтүн чериктер Курткадагы сарбаздарга катуу каршылык көрсөтүп, баш бербей турду. Черик айылдарына көз салып чырчатактарды, дооталаштарды териштирүү, күнөөлүүлөрдү казынага алынчу айыпты жыйноо милдети жүктөлгөн Асанбай эл беги алардын айылдарына айбыгып жолой албаганы белгилүү. Ажыбек баштаган кыргыздар-

---

[1] Б. Солтоноев Кызыл кыргыз тарыхы 1-том, 194 б.

ды (Турдуке, Карачунак Атамбек, Бала Бошубек, Тартак Мамбет, Айтбай, Суруке, Калча бийлерди) тынчытууга өзүнүн кудурети жетпестигин баамдаган Куртка беги Мамыразык Анжиян бегинен чериктердин эркиндик үчүн болгон кыймылдарын басып туруу үчүн эки жыл бойу жардамга кошумча 700 сарбаз сурап турган[1].

Жергиликтүү эл мындай эрдиктерге шыктанып, эркиндик үчүн Ажыбек баатырдын күрөшүн кубаттап, ар-кандай элдик ыкмаларга салып жамакка кошуп ырдашкан. Алардын айрымдары:

Ажыбек «жер-эне» туусун аштады,
Жигердүү колун баштады.
Жерине чепти салдырбай,
Коконду кууп таштады.
Ажыбек «жер-эне» туусун аштаган,
Коконго колун баштаган.
Жерине чепти салдырбай,
Чекитти коюп таштаган. ***(Калыйчадан)***

Мына ушундай шартта, Кокондук эзүүдөн биротоло кутулууга аракет кылган уруу-уруучулук чабышуудан чарчаган, коңшу элдер менен кандуу кагылышуудан тажаган кыргыз уруу башчылары чыгышты көздөп чечкиндүү жана кубаттуу чабуул коюп келе жаткан орус өлкөсүнө көңүл буруууга аргасыз болушкан.

1876-жылдын 19-февралында орус өлкөсүнүн падышасынын указы чыгып, Кокон ханы орустарга кошулуп Фергана облусу болуп түзүлгөнгө чейин кыргыздар өз эркиндиги үчүн күрешүн уланта беришкен. 1709-жылдан 1876-жылдарга чейин Кокон бийлигине каршы 33 жолу өтө маанилүү элдик көтөрүлүштөр болуп, бул эркиндик үчүн болгон салгылашууларга кыргыздар активдүү катышып турушкан[2].

Кокон хандыгы 1762-1831-жылдары Кыргызстандын дээрлик бүт аймагын басып алышып, өз бийликтерин жүргүзгөн. Алар менен бирге өзбектер, тажиктер, кыпчактар, кыргыздар, казактар болушуп, жергиликтүү байларды хан бийлиги өз күчүнө салышкан.

1854-жылдары Ормон хан бугу уруу башчылары Боронбай, Балбай тарабынан өлтүрүлгөндөн кийин, 1856-жылы Ажыбек баатыр

---

[1] Асанов Нарын облусунун энциклопедиясы Б-1998-ж, 307 б.

Т. Н. Өмүрбеков, Т. К. Чоротегин Кыргыздардын жана Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы, Б-1995-ж,-84-б.

[2] Дж. С. Бактыгулов, Ж. К. Момбекова История кыргызов и кыргызстана с древнейших времён до наших дней Б-2001, стр. 150-152.

дүйнөдөн көчүп, Атбашы-Кашкар багытындагы черикмоңолдор элинин чоң манабы болуп Трудуке Тоймат уулу (Турдуке баатыр) шайланат. Турдуке Тоймат уулу өз мезгилинде өтө аяр, курч жана акылдуу, замандын нугуна жараша уруу башчылары менен мамиле кылуусу көп учурларда үзүрлүү жыйынтыктарга алып келген. Ошол мезгилге ылайык, кыргыз уруу башчыларынын көбүнөн мурда орус мамлекетине кол сунуп, анын карамагына өткөн черикмоңолдор эли алар келгичекти тегеретесиндеги бийликтерден коркпой-үркпөй, кандайдыр бир мөзгилге чейин ээн-эркин жашап келишкен.

Черик урууларынын жүргүзгөн саясатынан кийин түндүк кыргыз урууларынын чоң манаптары Россияга кулак кагыш кылып, ал мамлекет тарабына өтүүгө уруу башчылары элдин бейкутчулугун ойлоп, чек ара, жер талашуу коопсуздугунан улам өздөрүнүн элчилерин жибере башташкан. Тарыхта алгачкылардан болуп 1863-жылы Турдуке баатыр Оренбург (Омбу) шаарындагы генерал-губернаторго черик элинин атынан кошулуу шартын далилдеген элчи жиберген. Орус өлкөсүнө кошулууну кызуу жакташкан Жантай, Шабдан (сарбагыш), Боронбай, Качыбек (бугу), Байтик (солто), Турдуке, Калча бий (черик), Рыскулбек (саяк) жана башкалар болгон. Ошол эле учурда орус бийлигин каалабаган манаптар дагы арбыныраак болгон алар: Тилекмат, Чоң Карач (бугу), Осмон, Чаргын (саяк), Жангарач, Маймыл (солто) жана башкалар. Булар Кокон хандыгы менен жылуу мамиледе болушуп орустарга кошулууга каршы чыгышкан[1] .

Дж. С. Бактыгулов, Ж. К. Момбекованын «История кыргызов и Кыргызстана с древнейших времён до наших дней»-деген эмгегинде «Сегодня стало ясно, что сама логика исследования проблемы диктует необходимость всестороннего раскрытия деятельности крупных предводителей кыргызских племён: Боронбай и Качибека (бугу), Джантая и Шабдана (сарыбагыш), Байтика и Джангарача (солто), Турдуке и Калча бий (черик), Рыскулбека (саяк), Курманжан-датхи (Алай) и других, которые сыграли большую роль в принятии кыргызами подданства России. В ускорении принятия кыргызами российского подданства важную роль сыграли следуюшие исторические события: Ухудшение положения кыргызского народа под игом кокандских ханов и как следствие этого-выступление его с оружием в руках против кокандского ханства в 1842-1843, 1845, 1857-1858, 1859, 1862, 1873-1874 гг дөп чагылдырат.

---


1 К. Усенбаев Ормон-Хан. Бишкек 1999-ж. 26 бет

Кокон хандыгына каршы мындай орчундуу көтөрүлүштөр Нарын-Атбашы багытында жашаган кыргыздарда да болуп, алар Куртка, Жумгал чептерине чейин кол салышкан. Алардын 1818-1820, 1831-1832, 1834, 1840-1842, 1859-жылдардагы боштондук үчүн болгон орчундуу күрөшү дагы болуп көрбөгөндөй өз таасирин берген[1].



[1] Дж. С. Бактыгулов, Ж. К. Момбекова история кыргызов и кыргызстана с древнейших времён до наших дней, Б-2001-стр 174, 180.

# АЖЫБЕК БААТЫР МЕНЕН ЗАМАНДАШТАР






## АЖЫБЕК БААТЫР ЖАНА ОРМОН ХАН

XVIII кылымдын аяк ченинде XIX кылымдын биринчи жарымында Ажыбек баатыр менен замандаш Ормон Ниязбөк уулу сыяктуу эле, Ажыбөк чериктин Байчубак уруусунан тарап, андан Ашым, андан Боогачы болгон. Кыргыздан олуя Сынчы, олуя Сансыз дегендер болуп, «олуя Сансыз бугудан Алдаш баатырды, сарбагыштан Болот баатырды, чериктен Карагул баатырды сындайт экен. Колун серепчилеп карап көрүп, Алдаш баатырды карайт. «Мындан бир меш туулат, калың журтка эш туулат. Андан ары барганда мунун тукумунан өөк барак туулат. Бул өзү сакалы жок муруттуу, төгөрөктү куруттту, кайра тарт» деген экен. Ошол «сакалы жок муруттуу, төгөрөктү куруттту» Боронбай болуп чыгат. Андан кийин сарбагыш Болот бийди сынап колун сөрепчилеп карап «Сен кыбыланы карап туруп сийген экенсиң, сийдигиң сегиз коктуну өрдөп кетти. Сегизи сегиз суууга баш болуп, бири-бирине кайрымы жок болот, анын ичинен жалдуу барак чыгат. Атаганат, кап сени! Мурун сындасам болмок экен, жалдуу баракты өөк барак чалып салбадыбы!» деп санын чаап кейип калган экен. Ошол жалдуу барак Ормон экөн. Андан кийин черик баатыры Карагул көчүп Какшаалга баратканда, олуя көчкө учурап, жанындагы кишиден: «Тээтиги көч ортосундагы токмок жалдуу торайгыр минген, чылгый кайыштан кисе тагынган ким?» деп сураганда жанындагы киши «Карагул черик болот»дейт. Олуя «Бери келчи» дегенде Карагул кайра тартып келгөн экен, олуя Карагулду карап колун серепчилеп: «Ий атаганат ай!Бул жамандын көкүрөгүнүн боктугун кара, көчүгүнүн алтындыгын кара. Мындан эгиз кыраан эки уул чыгат, эки шер удаа, бирөө мурда, бирөө кийин чыгат, ак көрпө жайыл, атагы журтка дайын чыгат. Анын наамы Букардын көк ташына чийилет Кызыл меш чыгат, мунун тукумунан тукумуна чейин жыргап өтүп, чөөдөй сары чыгат, Какшаалдын аягынан өөдө сурайт. Жеңдей кара чыгат. Чап жаактуу, чабалай ээктүүлөр ичинен эңкерлер чыгат, андан кийин келте тумшук боз балдар чыгат, андан кийинкисин көрө албай калдым», деген экен.

Ошол Карагул тукумунан Боогачы баатыр чыгып, балдары Онтогор, Карагул, Бөкө эл бийлешет.

Эл башчылары Ажыбек, Ормон менен бирге эле, жергиликтүү калк арасында ар мезгилдерге жараша элди биримдикке, нысаптуулукка, тынччылыкка, теңчиликке үндөгөн өтө чөбөр акылмандар, сынчылар, олуялар өткөн. Алардын катарына Асан кайгы, Абдылдабек

олуя, Санчы сынчы, Толубай сынчы, Байсерке ажы, Күчүк менен Көбөн жайчылар, Убалы сынчылар алдын ала жылдызды карап, жылдын жаанчыл, кургакчыл болоорун өздөрүнүн көрөгөчтүгү менен далилдеп, замандын келечекте кандай болоорун божомолдоп, жер-суугa ат коюп, элге ак кызмат кылышкан. Санчы сынчынын тукумунан Убалы сынчы чыгып, эл-жерди сынап, анын айтканы төп келип, катасыз болот экен. Ал эми черик Абдылдабек олуя колунан аса-муса таягын түшүрбөй Атбашынын ызгардуу суугунда булоолонуп тердеп, жайдын аптабында Аташы дайрасынан кечүү издеп, бууракандап киргил кочкулданып агып жаткан сууну басаңдатып, Какшаал-Кытайга бара жаткан, Какшаалдан Омбу, Олуяата-Ташкенге келе жаткан кечтөрдү өткөрүп, элге жупуну эмгек кылышкан тура. Олуя Абдылдабектин «Эл арасында эсер болоор, эсер болбосо безер болоор» деген турмуштук накыл кеби бизге чейин жетти. «Олуя акыркы сапарга узаарда элди жыйнатып, «Менин кереезим ушул… мен мурда көрсөтүп жүргөн жериме… мени айныбай койгула» деген экен. Сөөктү жайына коюш үчүн туугандары жердин бетин ачканда эле оргуштап булак болуп суу чыгат, кошо барган бир нече сарттар «о… ушул суу чыккан жерге Олуяны кантип коёбуз» деп элди айнытып, кырга койдурушат. Олуянын айтуусу боюнча өзү көрсөткөн жерине сөөктү койгондо кыргыз жеринде мындан дагы токчулук, мындан дагы бейкутчулук болот бөле»-деп карыялардан укканбыз деп аталарыбыз айтуучу эле[1].

Ормон 1790-жылы жарык дүйнөгө келип, 1854-жылдары дүйнөдөн өткөн болсо. Кээ бир маалыматтарга карганда, Ормон 1842-жылы 52 жаш курагында хандыкка көтөрүлүп, түндүк кыргыз уруу башчыларын бириктирүүгө көп эмгектерди, айла-амалдарды жумшагандыгын Кыргыз Республикасы өзүнүн эркиндигин алгандан бери жарыкка чыга баштаган бирин-экин чыгармалардан кезиктирсе болот.

Ал эми Ажыбек Ормондон канчалык кичүү болбосун эл башкарууда экөөнүн эки башка жагдайы болсо дагы бирин-бири урматтоо, сыйлоо менен мамилелешкендигин изилдөөчүлөр жазма дагы ректерде буга чейин эле тастыкташкан. Айрыкча хан өмүрүнө кол салынгандыгын укканда: «Ушул оорудан сакайбайт өңдөнөм, журтум, ашыма Боронбай баштаган бугуну чакырбагыла, кокус ушул оорудан сакайсам, бугу менен Көлдүн нары ейүзүндө бир, бери өйүзүндө бир салгылашып алсам арманым болбос эле», – деши

[1] Дж. С. Бактыгулов, Ж. К. Момбекова История кыргызов и Кыргызстана с древнейших времён до наших дней Б-2001, стр. 160.

А. Салымбеков, К. Бокоев Бабабыз Кошой жердеген Атбашы XXI кылымдын босогосунда Б-2001-149 б.

ханды урматтагыны, хан тукумунун урпактары болуп туруп, хандыкты баалаганы болуп саналат. Негизинен жазма даректердин маалыматтарына таянсак, Нарын-Атбашы-Тоюн жергесинде XVII кылымдын II жарымынан баштап чөрик уруулары жашап тургандыгы баяндалып, черик уруусунун чыгаан уулдарынын бири Айдарбек датка «датхи-что равноценно воинскому званию генерала царской армии» башкарып турган дөген маалыматтар айтылып, бул уруудан Татыбек баатыр чыккандыгы элге дайын[1].

Черикмоңолдор уруулары деле капталдагы бугу, саяк, сарбагыш, кушчулар менен карым катнаштарын, кыз алуу, кыз берүү埋 аземдерин, кыргыз шартында тиги дүйнөлүк дос болуу улуттук улуу шарттарды өз ара күчөтүп, соода-сатык тышкы мамилесин коңшу Кытай эли менен жүргүзе билген. Ажыбекке чөйин, Ажыбектен кийин деле баатырдык жүрүштөрдү жасап, элди сырткы душмандардан коргоп, Мамбет (Тартак Мамбет), Атамбек (Карачунак Атамбек), Бала Бошубек, Айтбай-Суруке элчилик, чечендик ыйык милдеттерди аткарып келген Калча бийге окшогон акылман баатырлар биргелешкен айла-амал, акыл-ой менен кыргыз элинин ынтымагын көздөп жыйындарда сөз сүйлеп, эл-журттун ысык-суугун кетөрүп келишкен.

Академик Ү. Асановдун «Нарын облусу энциклопедиясы» деген эмгегинде «Айрыкча Ормон хандын 40-жылдары кыргыз урууларын езүнчө хандыкка бириктирүү үчүн жасаган чечкиндүү аракетинин натыйжасында анын жана аны колдогон жан-жөөкөрлөрүнүн, жакындарынын таасири арткан» деп баса көрсөтүлөт. Жаңыдан бир хандыкка биригип, Кокон бийлигине каршы чечкиндүү чараларды керүп, хан бийлигин бекемдөөгө, кыргыз журтчулугунун абройун калктар арасында бийиктөтүүгө Ажыбек баатыр баштаган Теңиртоолук Нарын-Атбашы-Какшаалга чейинки жашаган элдер өзгөчө салым кошкондугунда талаш жок.

---

1. Дж. С. Бактыгулов, Ж. К. Момбекова История кыргызов и кыргызстана с древнейших времён до наших дней Б-2001-стр-173.

## АЖЫБЕК БААТЫРДЫН КОЛ БАШЧЫЛАРЫ, КЕҢЕШЧИЛЕРИ



Айрым бир санжыраларда **Айдардын уулу Мамбет** баатыр ат көтөргүс зор болгондуктан аны эл **Тартак Мамбет баатыр** деп аташкан. Тартак Мамбет болжолу Ажыбектен улуу болуп, Четкелтебек деген жерде дүйнөгө келип, Ажыбек эл башкарганга чейин Нарын-Атбашы жерин жердеген чөрик-моңолдор элин сырткы жортуулчулардан коргоп, суук көзгө тике карап, элге аяр мамиле кылган акылдуу адам болгон. Баатырдын зордугунан (чоңдугунан) согуш талаасында ат чыдабай бат-бат ат которуп минип, жоокерлерге согуш ыкмасын үйрөткөн чыгаан инсан. Анын согуш талаасындагы элде жок эң бир өздөштүргөн өнөрүнүнүн бири капыстан чукул аралыктан чыгып калган жоолорду баштап келе жаткан кол башчыларын же баатырларын камынтпай шамдагайлык менен ат үстүнөн жыга сайыш үчүн чөк түшүп өзүнүн кыска саптуу найзасын сол колдун бармагы менен сөөмөйүнүн ортосуна коё калып найзаны оң колдун алаканынын таманы (оту) менен какканды өздөштүргөн. Мындай артыкчылыгы менен көптөгөн баатырларды ат үстүнөн ыргыта сайгандыгы санжыраларда айтылат. Өмүрү өткөнчө Ажыбек баатырды урматтап, агалык кеңешин берип Нарын-Какшаал багытындагы элдин биримдигин көзөмөлдөп, эл асыраган. Тартак Мамбет баатыр Кашкар, Кокон, Кененсары хандыктарына карата Ажыбек баштаган кыргыз колу менен аянбай бирге эрдиктерди көрсөткөн. Замандашы Төрөгелди, Тайлак, Ормон баатырлар баа берген атактуу инсан.



**Атамбек баатыр атактуу Мадейдин уулу** Ажыбектин кол башчысы, кеңешчилеринин бири. 1760-жылы Атбашы өрөөнүндө, Бурхан деген жерде туулган. Көлдүк бугулардын баатыры Аташ балбан жигиттери менен келип, Арпа жайлоосунан кайсыл бир жылдары Мадейдин 500 жылкысына тийип, олжого түшкөн жылкыларды атактуу Аксай жайлоосунун чыгышы менен батышын байланыштырып турган Кырчын деген бел менен көлгө ашырыш үчүн Мадейди атка таңып ала кетишет. Кабар Ажыбек, Атамбек, Тартак Мамбет, Бала Бошубек төртөөнө жетип, Тегерексаздын үстүндөгү Үйүрмө ашуусунун астынан куугун жетип, төртөө жоо менен беттешип, жоо күчтүүлүк жана көптүк кылып, Аташ баатыр сайган найзанын учу Ажыбектин кекиртегине, кызыл өңгөчүнө тийип жаракат алат. Атамбек аттан түшө калып кемирчекти чала аарчып Ажыбекке чайнабай жут деп жуткусат. Кекиртекке уюган канды кемирчек сүрүп кетөт. Артынан дарычылыкка «ушаткан» суу ичирип жиберет. Азыр дагы бул суу кыргыз дарыгерлеринде колдонулуп келет. Ошол чабышта Атамбектин башына кылыч тийип бир кулагы жаак этине чейин шылынат, ошондон Атамбек баатыр «Кара Чунак», Чунак кулак Атамбек баатыр» аталып калат. Жоонун кырылган жигиттерин мусулманчылык парс менен Ажыбектин айтуусу боюнча койдурган (жашырган) жер азыр дагы «Шейит» деп аталып келет. Атамбек өтө чукулдан амал тапкан жоо көп болуп калганда шашылбаган Ажыбек баатырдын жанындай ишенген адамы болгон. Туюкбогошту айлында азыр дагы Атамбек булак, Атамбектин кара ташы деген атактуу баатырдын ысымында жер-суу аттары бар. Кыргыз эркиндиги үчүн Кокон, Кенесары бийликтеринин кандуу жортуулдарына карата Ажыбек баштаган кыргыз колу менен жан аябай салгылашып, Кенесарынын туусун колго түшүргөнгө аянбай жан үрөгөн баатырлардын бири. Согуш талаасында Атамбек баатырдын өзгөчөлүгү ар амалдарды өз маалында Ажыбек баатырга айтып, анын оң тараптан чечилишине көптөгөн салымдарды кошуп, эл сактоо, асыроодо маанилүү даражадагы сый урматы менен жүз жашка чыгып, 1860-жылдары аалам салган.



**Бошубек Куттугожо уулу (Бала Бошубек баатыр)** 1814-жылы Ат-Башы өрөөнүндө, Ичке деген жерде туулган. Он алты жашында Ажыбекке жигит болуп ченемсиз баатырдыктарды, эрдиктерди көрсөткөн. 1831-32-жылдары Ат-башыдагы Чекендинин талаасынан Кокондун алты жүздөн ашык сарбаздары менен чабышып, колго түшкөн үч сарбазды Ажыбектин буйругу менен коё бердирип, булардан уккан кабар боюнча келерки жылы жайында кошумча кол келип, жайдын толуп турган кезинде Ак-сайдагы Чычаардын бели менен Эшек арттын ортосунан Кокон хандыгынын топтолгон колу менен Ажыбектин колу беттешип, кокондуктардын колу толук талкаланып, Ажыбектин эрдиги даназаланып, ал жер «Ажыбектин чаар муруну» деп аталат. Бала Бошубектин баатырдыгы эл тарабынан оозго алынып, «Бала Бошубек, Батыр Ажыбек» деген ураан эл оозунда азыркы урпактарына чейин айтылып келе жатат.

Бала Бошубектин Кашкар, Кокон хандыктарынын, Кенерсары Касым уулунун Кыргызстанга карата кандуу жортуулдарына каршы көрсөткөн эрдиктери эл ичинде аңыз кеп болуп, азыркы урпактарга чейин жетти. Ажыбек баатырдын «жер эне» белгиси салынган көк асаба туусун ар учурларда жоого карата көтөргөн. Бир кабарда Бала Бошубөк баатыр Кокон колу менен Арпанын белинде салгылашып, Ажыбек баатыр Какшаалдан келгенче аларга ашуу бербей кармап турган. Кандай да болбосун Бала Бошубек кайраттуу Ажыбек баатырга Кокон, Кашкар, Кенесары колдоруна каршы аттанганда кырк жигиттин башы болуп, Ажыбек агасына арка бел болгон инсан экендиги эл оозунда. Кайсыл бир кабарда Бала Бошубек баатырдын сөөгү Арпанын «Сөөк деген жерине койулгандыгы айтылат.



**Калча Сазан уулу (Калча бий)** 1797-жылы кең Атбашы өрөөнүндөгү Ортокайыңды деген жерде туулган. Аксай, Арпа, Чоңорток, Аккөлмө жайлоо кыштоолорунда жашаган. 1865-жылдары Кашкардагы «Куплайкожом-Булак» (Аппаккожо)»-деген жерде көзү өткөн. Ажыбөк баатырдын кеңешчиси. Калча бийдин чоң атасы Боогачы, андан Кан Онтогор. Ошол Кан Онтогордун тукумунан айтылуу Сазан баатыр чыгып жашынан эле эл бийлеп, көп балалуу болгон. Калча бий Нарын-Атбашы, Тоюн-Кашкар жердеген моңолдорчерик элине аянбай кызмат кылган. Келечекти ойлоп, Аксайдагы Көлтөрдүн жээгин бекитүүгө камылга көрүп, кырк төөгө жүк жүктөтүп, көлдүн жээгин бекитирген, аталык камкордугун көргөн. Цинь империясы башында турган Кашкар ханы Жакыпбек-Бедөөлеткө (Йакуб бекке) кыргыз элинин атынан элчиликке барып, Кыргыз-Кашкар бийлигинин ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү бир нече жолу жигердүү чечкендиги үчүн Кашкар ханынан белекке алган «мөөр шакеги» айтылуу кыргыз бийлери, манаптарынын арасында кадырлуу даражасын көтөрүп турган. Калча бий Кокон, Кашкар, Казак хандыктарынын басып алуучулук саясатына, бугу-сарбагыш чабыштарына карата Ажыбек баатырга чечкиндүү кеңештерди берүү менен, «эл четинде жоо бетинде» болуп эрдиктерди көрөтүп, Нарын-Кашкар багытындагы элдин биримдигин бекемдөөгө болуп көрбөгөндөй орчундуу салымдарды кошкон.

Бугу тарабынан өлтүрүлгөн Ормондун сөөгү Үмөталы, Чаргындын энеси Кубулдун үйүнөн чыгат. Кубул чериктин кызы болот. Ормондун чымын жанын сураган Ажыбек баатырга көлдүк бугулар жооп таппагандыктан Ормондун ашын күтүп калышат. Тынчсызданган эки уруунун башчылары тымызын өз элчилерин тегеретесиндеги уруу башчыларына ат чаптырып, кандай кеп кеңеши бар экендигин такташа башташат.

Какшаал жерине чейин жердеп кең Нарынга чейин сурак кылып турган Ажыбек баатырга Олуя Калыгулдан келген кабарчынын сураган суроосу жоопсуз калып, Калча бий баштаган жоон топ элчилер көл бетине кеп-кеңешке келишет. Калча бий менен Калыгулдун көпке созулган узун бетмө-бет сүйлөшүүсүнөн кий-

ин Калыгулдун олуялык таамай кеңешин колдогон Калча бийдин зор эмгектеринин бири Ормондун кунун кууш үчүн сарбагыштарга моңолдорчерик эли кошулбай токтотулуп калат. Эки элге Ажыбектин калыстык кылышын калган уруу башчылары дагы колдогон (саяктардын бир канча майда бөлүктөрүнөн башкасы). Сарбагыш, бугу чабышы өтө ырайымсыз болуп, көптөгөн эл кыргынга учураган, ошол чабышуунун биринде акылман Төрөгелди «Боронбайдын айылына тийбегиле, Кулан бар», «Тилекматтын тобуна тийбегиле, ажыдаар Ажыбек бар» деп айтышы эки бир тууган сарбагыш, бугу элинин бири-бири менен өздөрүнчө Ормондун өлүмү боюнча чечишип алгысы келишкендигин далилдейт[1].

Кыргыз, Казак, Какшаал, Кытай журтчулугуна аттын кашкасындай белгилүү Ажыбек баатыр 1856-жылы дүйнөдөн көчкөндөн кийин анын ашы 1857-жылы күз мезгилинде кең Аксайдын Тармалсаз (азыркы жаңы маданий борбор) деген жеринде, коңшу Казак, Какшаал, бүткүл кыргыздардын (бугудан бөлөк) журтчулугунун катышуусунда моңолдорчерик элинин чоң манабы Турдукө батырдын башкаруусунда өткөрүлөт.

Аштан кийин бугу Боронбайдын кеги күчөп «чериктерди чабат экен» деген кабар «черик кыздары» тарабынан Турдукеге жиберилип, эл дүрбөлөңгө түшүп калат. Мына ушул Боронбайга жиберилген элчиликке дагы Калча, Конокбай, Атамбектер барышып, бугу менен чериктин ортосундагы чабышуунун алдын алып, эки элди жараштырып, Боронбай менен Турдукени куда кылып келишкен.

Элчилик, чечендик, кайраттуулугу менен кыргыз эли-журту үчүн башын байлап кызмат кылган Калча бий мына ушул эркин заманыбызда өз энчисин алып турат[2]. Ажыбектин ашында Турдуке баатырдын буйругу менен күлүктөр «саздан-сазга» чабылат деп, Атбашынын Чечдөбөсүндөгү саздан Ташрабат-Чатыркөл багытына Аксайдагы Тармалсазды көздөй күлүктөр коё берилээри белгиленип, чабылган ошончо көп күлүктердөн алтоо гана марага жетип, Калча бийдин жээрдө кашка күлүгү күүсүндө келип «тогузду» утуп, марага жеткен алтынчы күлүк басып келген экен. Аш өткерүлгөн жерге казан асуу үчүн кырк кемеге казылгандык-

---

[1] К. Жусупов Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, салт. Б-1993-ж. 87 бет.
[2] К. Жусупов Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, салт. Б-1995-ж.
К. Бокоев Кыргыз Туусу гезити 11-13-декабрь 2001-жыл

тан, азыр дагы ал жер Кырк-Кемеге деп аталат. Кийин дагы элчиликке барган Калча бий Кашкарда каза болуп, анын жаназасы Бедөөлөттүн көзөмөлүндө өткөрүлүп, билимдүү молдо-кожолор ызаат менен сөөктү узатышат. Сөөк башында Аксай, Арпа жердеген эли, Турдуке баатыр, иниси Сазан уулу Карымшактар турушат. Ошондон Какшаал жеринде «Кыргыздын өлүгү ичке жатпайт, сарттын өлүгү тышка чыкпайт» деген Бедөөлөт хандын кеби ушул кезге чейин ылакап болуп айтылып келет. Элде Калча-Карымшактын бийлиги делип айтылып, Сазан уруусун агасы Калча бийдин көзү өткөндө иниси Карымшак бийлесе, Ажыбек өлгөндөн кийин иниси Турдуке баатыр жалпы черикмоңолдорду бийлеп, чоң манап болуп шайланган. Сазан баатыр көп үй-бүлөлүү болуп, байбиченин балдарынан Айдарбек датка, Калча бий, Татыбек баатыр, кичүү байбичесинен Карымшак (энеси уйгур кызы экен) кыргыз, кытай, орусия элине аты дайын белгилүү болушкан. Бабабыз Калча бийдин Цинь империясынанбы, Кокон, Кашкар же Орус бийлигиненби алган кымкап чепкени совет мезгилинде аяш аталар Нияз менен Шарийпага тартууланса, бүгүнкү күнге «чини» (званиеси-погону) ушул кезге чейин сакталып калган. Погон ичке, баалуу, жылтыраган зымдар менен коздолуп, бизче айтканда беш бешжылдыз, жалбырактуу генералдардын погонуна түшүрүлгөндөй, оюу-чийүүлөр түшүрүлгөн да бышык материалдар менен тигилген. Погондун узундугу 24 см, туурасы 7,5 см дей. Калча бийдин, Калчанын калчатайлары Какшаалда, Тоюндагы Акжар деген айылда, Улукчатта, Жетиөгүздө, Акмузда, Акталаада, Башкайыңдыда турушат. Ошол кенен Кашкар жеринде Калча бийге карата кошулган кошоктордон бизге жеткөни:

Арашан, Аксай жерди айтам,
Айтылуу черик элди айтам.
Көкесү Аксай жерди айтам,
Көркөмдүү черик элди айтам.
Босого чыга жайлаган,
Боолантып күлүк байлаган.
Бооланган күлүк закымбы,
Бейишиң бизден жакынбы.
Аккыя чыга жайлаган,
Алкынтып күлүк байлаган.
Алкынган күлүк закымбы,
А дүйнөң бизден жакынбы.

Агала тоонун боорунда,
Ак шумкар бала чайкаган.
Адамдын көзү кайкыган,
Ак нарга оозун чайкаган.
Көк ала тоонуну боорунан,
Көк шумкар бала чайкаган.
Көргендүн көзү кайкыган,
Көк нарга оозун чайкаган.
Самооруң алтын, жез, калай,
Санжырган айтсам бир далай.
Чөөгүнүң алтын, жез, калай,
Сөөлөтүң айтсам бир далай.
Алтындан түйгөн күкүмү,
Айтылуу бийдин тукуму.
Күмүштөн түйгөн күкүмү,
Күлпөттүү баатыр тукуму.
Кең Атбашы жеринде,
Келбеттүү черик элинде.
Кер жорго минип бут чойгон,
Келбетине журт тойгон.
Суулуу булак жеринде,
Сымбаттуу черик элинде.
Сур жорго минип бут чойгон,
Сымбатына журт тойгон.
Калың элдин ичинде,
Кайкалай бастың кийинип.
Ушундай экен шум жалган,
Калемде кеттиң чийилип.
Жакшылардын ичинде,
Жанаша бастың кийинип.
Ушундай экен шум жалган,
Жазуурда кеттиң чийилип.
Аксайдын башы жел келет,
Атыңды уккан эл келет.
Көксайдын башы жел келет,
Көзүңдү көргөн эл келет. ***(Дилдекандан)***



**Турдумамбет Тоймат уулуу (Турдуке баатыр)** Ажыбек өлгөндөн кийин бүткүл черикмоңолдор уруусун башкарган. Кашкар менен чектешип, Нарын-Атбашы, Аксай аймактарын жердеген. 1863-жылдары туш-тараптагы күчтүү бийликтердин кысымынан жана кыргыздардын өз ара чырчатактарынан коопتонуп кыйналып жүргөн Турдуке баатырга агасы Ажыбектин керээзин эсине салган, Ажыбектин кеңешчиси Калча бий менен кабырга кайыштырып макулдашкандан кийин Турдуке баатыр жазында 5000 түтүндүү черик уруусунун атынан букаралыкка кабыл алуу үчүн өтүнүчү менен элчилерин орус бийликтерине жиберген. 1863-жылы 13-октябрда Турдуке баатырдын элчилери Омскиде (Омбуда) Батыш Сибирь генерал-губернаторунун алдында Орусиянын букаралыгына өтүүгө ант беришкен. Кылган кызматы үчүн элчилердин ар кимисине орус төрөсү баркыт чапан жапкан. Ал эми кадырлуу манаптар Турдуке Турдумамбет уулу (Турдуке баатыр) чоң алтын медаль менен 1-даражадагы баркыт чапанга, Карымшак Сазан уулу чоң күмүш медалга жана 1-даражадагы нооту чепкенге арзыган. Мындан тышкары дагы 4 манапка Орусия мамлекетине өтөгөн пайдалуу эмгегинин өтөлгөсү катары нооту чепкендер тартуу кылынды. Муну менен черик эли орус бийликтери келгенчекти ээн-эркин бөлөк бийликтерден кордуксуз жашаган[1].

Дж. С. Бактыгулов менен Ж. К. Момбекованын эмгегинде «В апреле 1863 г. представители племени черик Центрального Тянь-Шаня прибыли в Верный и заявили, что они уполномочены от имени своих доверителей (около 6 тыс. юрт) принести присягу на подданство Российской империи. Депутация чериков во главе со старшим манапом Турдымамедом Тойматовым была отправлена в Омск к генерал-губернатору Западной Сибири. 13 октября 1863 г. она была приведена в присяге в торжественной обстановке, к присутствии высоких чиновных лиц Сибири, а также некоторых казахских султанов. Присяга чериков почти не отличалась от присяги

---

[1]. Т. Н. Өмүрбеков, Т. К. Чоротегин Кыргыздардын жана Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы Б-1995-ж,-115 б.

бугунцев. В 1863 г. отряд русских войск провел всю зиму в Иссык-Кульской котловине. Это свидетельствовало о начале фактического установления власти России в северной части Кыргызстана.

1864-жылы россиянын составына Суусамырлык, Кетментөбөлүк жана Чаткалдык кыргыздар да киришкен. Ушул эле жылы саяк уруусунун башчысы манап Рыскулбек Нарботоев дагы орустардын карамагына кирген[1].

Турдуке Чериктин атабабасынын жери болгон Аксайдын Тармалсаз деген жеринде 1857-жылы күз айында оң-солдогу кыргыздардын жана казак журтчулугунун катышуусунда кыргыздын улуттук баатыры болгон Ажыбектин ашын өткөрүүдө уюштуруучулук-билгичтигин, көсөмдүгүн элге көрсөтүп, таанылган[1].

Чындыгында эле Турдумамбет Тоймат уулу (Турдуке баатыр) черикмоңолдор уруусун Ажыбек баатыр дүйнөдөн өткөндөн кийин башкарып, орустарга кошулууда кыргыздын чоң манаптарына жол көрсөткөндүгү талашсыз. Турдуке баатыр чоң уруу башчылар болгон Боронбай, Балбай, Төрөгелди, Адыл, Ормон, Жантай, Ажыбек датка, Жангарач, Алымбек даткалар менен үзөңгүлөш болуп, кыргыз элинин биримдигине, анын кез карандысыз жашоосуна чыйыр салган инсандардын бири болгон. Куртка чебинин беги Мамыразыкка каршы Атбашыдагы черикмоңолдор, тынымсейиттердин колун курап, Ажыбектин жигити катары ага кабар кылып, салык төлөөдөн баш тартып, кокондук кожолордун шаштысын кетирген дагы Турдумамбет болгон.

Ажыбектин чечкиндүүлүгү менен нарындык кыргыздар чепти курчап кол салып, Куртка беги Мамыразыктын эки жыл бою Анжиян бегинен 700 сарбаз сурап алып турганга мажбур кылгандыгы тарыхта маалым. Ажыбек баатыр өлгөндөн кийин Турдуке баатыр менен Калча бийдин жетекчилигинде 1859-жылдары Нарын-Атбашыдагы черикмоңолдор, тынымсейит урууларына баш болуп, чогултуп кокон бийлигине каршы көтөрүлүш жарыялап, өздөрүнүн эркиндиги үчүн салгылашып, Теңиртоолуктардын атабасынан келе жаткан баатырдык мүнөздөрүн көрсөтүшкөн[2].

---

[1] Дж. С. Бактыгулов менен Ж. К. Момбекова История кыргызов и Кыргызстана с древнейших времён до наших дней Б-2001-186-187.

[1] Ү. Асанов Нарын облусу Энциклопедия Б-1998-ж. 383 бет.

[1] К. Бокоев Кыргыз Туусу гезити 11-13-декабрь 2001 жыл.

[2] Дж. С. Бактыгулов, Ж. К. Момбекова История кыргызов и Кыргызстана с древнейших времён до наших дней Б-2001. стр. 152

Ал эми Т. Н. Өмүрбеков менен Т. К. Чоротегиндин Кыргыздардын жана «Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы» эмгегинде 1863-жылы Турдумамбет Тоймат уулу, Калча Сазан уулу баш болгон черик элинин бийлери Алатоо округунун улугу Колпаковскийге атайын кат жөнөтүп, ал катта ак падышадан өбөк-жөлөк болууну өтүнүү жөнүндө өздөрүнүн чечимин кабарлашат. Батыш Сибирдин генерал-губернатору Дюгамелдин согуш министрине жана мамлекеттик вице-канцлөргө жиберген сунушу боюнча император көп өтпөй өз макулдугун билдирет. Ошол эле жылы күзгө жуук Омскиге келген чериктердин элчилери (4 киши) 13-октябрда ак падыша бийлигине баш ийе тургандыктары тууралуу черик уруусунун атынан ант беришет. 1868-жылы Нарын чеби курулганда чериктердин көпчүлүгү Алатоо округуна карап, калганы Жакыпбектин(Якуб бектин)карамагында турду. Кийин Жакыпбектин мамлекети Чыгыш Түркстанда жоюлганда алар Кытай императорунун бийлигине өтөт[1].


Ал эми эгемендүүлүктү алгандан кийинки тарых беттеринде Теңиртоодогу черик уруусунун Орусиянын бийлигине киришинин мааниси чоң экендигин баалап мындай деп жазышат: Алар Нарын дарыясынан түштүктө, Күйкө-Турпан тоосуна чейинки Какшаал суусунун жээктеринде, Атбашы, Арпа, Аксай өрөөндөрүнөн Кашкарга чейинки кеңири мейкиндикти ээлеп турушкан. Чериктер Кокон хандыгына, циньманчжур төрөлөрүнө, кийин Кашкардын улугу Жакыпбекке салык төлөп, кош кабат эзүүгө туш болушкан.

Кийин 1877-жылы Жакып бектин мамлекети жоюлганда алар Кытай императорунун бийлигине өтүшү менен алар ээлеп жүргөн кең мейкиндик Кыргызстандын жери болуп калган. Ал эми 1864-65-жж. кыргыздын бугу, тынымсейит уруулары, Кочкор, Жумгал, Кетментөбөнү жердеген саяк уруусу Орусиянын курамына киргизилет. Үмөталы баш болгон сарбагыштар орус бийлигине 1867-жылга чейин каршылыктарды көрсөтүп, мындан ары пайда чыкпастыгына көзү жеткенден кийин Үмөталы баштаган сарбагыштар орустарга багынып берген.

1863-жылы чериктердин орус бийликтерине өз каалоосу менен өткөндөн кийин 1868-жылы Нарын жана Караколдо орус чептери курулуп, аларда туруктуу аскер кошундары тургандан баштап Кыргызстандын түндүгүндө Орусиянын бийлиги реалдуу түрдө орногон.

---

[1] Т. Н. Өмүрбеков менен Т. К. Чоротегиндин Кыргыздардын жана Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы, Б-1995-ж,-115-б.



Ма, доставленное от Миннетов,
Биев и прочих родоначальников
и старшин рода Чирик, Орды
Дикокаменных киргизов нижеподпи-
савшихся никакому правителю
отроду, обещаемся и клянемся Всемогу-
щему богу, что родъ Чирика Всепре-
святейшему Державнейшему
Великому Государю Импера-
тору Александру Николаеви-
чу, Самодержцу Всероссийско-
му и проч. и проч. и проч. и Его Им-
ператорского Величества Все-
российского Престола Наследни-
ку, Его Императорскому Вы-
сочеству Государю Цесареви-
чу и Великому князю Нико-
лаю Александровичу хотим вер-
ным, добрым, послушным и вечно
подданным быть и никуда без Вы-
сочайшего Его Император-
ского Величества соизволения и
указа в чужестранную службу не
вступать; также с неприятелями
Его Императорского Величе-
ства вредительной откровенности
не иметь, ниже какую зловредную
корреспонденцию внутри и вне Росси-
йского Государства содержать и ни
каким образом противу должно-
сти верных подданных Его Импе-
раторского Величества не

1863-жылы13-октябрда Орус букаралыгына кошулуу үчүн
жиберген черик уруусунун каты
(История Киргизской ССР, Ф-1986-73 стр).

## ДОКУМЕНТАЛДУУ МАТЕРИАЛ

**Батыш Сибирь генерал-губернатору Дюгамендин вице-канцлерге жазган каты (1863-жыл 23-апрель):**

«Орусия букаралыгына черик уруусун кабыл алуу…биз үчүн өтө пайдалуу, анткени аларга биздин таасирибизди жайылтуу аркылуу Орусия бийлигиндеги кыргыз уруусу бугулардын бейкапар бейпилдиги үчүн дагы, Кашкарга ошол кыргыздар (черикter) мекендеген аймактарды аралап өтүүчү соода жолдорун камсыз кылуу үчүн дагы эң эле оңтойлуу натыйжаларды күтүүгө болот. Орусия букаралыгына чериктердин етүшү белек кыргыз уруулары, айрыкча сарыбагыштар алардын жолун жолдошу үчүн үлгү болушу мүмкүн, арийне, анда Орусиянын чечкиндүү таасири Кашкар чегине чейинки урууларга биротоло таркалаары анык. Эгерде чериктерди Орусия букаралыгына кабыл алуу женүнде маселе оң чечилсе, анда бугулар менен чериктерди башкаруу үчүн келерки жылы Ысыккөлдө чеп куруу керек»[1].

Дээрлик Нарындан Какшаалга чейин жердеген черикмоңолдор урууларынын ушул мезгилге чейинки тарых барактарын тактоо муну менен жыйынтыкталбаса керек. Келечекте дагы документтерди кезүң менен көрүп, кандай абалда жазылгандыгынын чындыгына жетүү урпактардын милдети, бирок ошол мезгилдеги сарбагыш-бугу урууларынын ортосундагы чабышуулардын таптакыр тыйылышына орустардын келиши, черик элинин жиберген элчилиги дагы чоң мааниге ээ болгондугу талаш жоктой. Элчиликтен кийин орустарга Улуу Жибек Жолу толук ачылып натыйжада түндүк кыргыздардын жашап турган жерлеринин көпчүлүгү азыркы Кыргызстандын карамагында болуп калышынын бирден бир себеби экендигин тарыхчылар окумуштуулар аныкташкан.



[1] Ж. Осмонов, А. С. Мырзакматова Кыргызстан тарыхы Бишкек «Педагогика»-2000-ж. , 19-20 б.

**Айтбай, Суруке баатырлар:** Ажыбек баатырдын өрүшү малга толуп, Бала Бошубек, Турдуке, Айтбай, Суруке өңдүү жигиттери күчкө толуп, кол башчылары, көңешчилери Тартак Мамбет, Чунак кулак Атамбек, Калча бийлердин асыл кеп-кеңештеринен улам эл биримдиги артып айтылуу Аксай, Арпанын Үзөнгүкуушуна чейин шатырашатман эл конуп, анын бийлиги Нарындан Какшаалдагы кыргыздарга чейин жөтип, инилери Бошубек, Айтбай, Сурукеге Атбашы-Нарынга бийлик жүргүздүргөнүн уккан Ормон хан черикмоңолдор уруусунун башчыларына кабар берип, «ураанын таап топко келсин» деп чакыртат. Айтбай, Суруке баатырлар Кашкарга Ажыбекке киши чаптырып Ормондун опузасын айттырат. Ажыбек «силер урааныңарды таап, өз союшуңарды алып, салымына асый аттардан жүздү айдап бара бергиле, мен силөрден төрт күндөн кийин аттанам» деп кабар кылат. Ошентип хан алдына барыш үчүн чериктер кеңеш куруп, ар бир уруудан ондон жигит алып, ар бирине окшош кийим, окшош ат мингизип (биринчи топко өңчөй сарала чапан кийгизип, сарала ат мингизип, экинчи топко өңчөй көк ала чапан кийгизип көк ала ат мингизип, үчүнчү топко өңчөй кызыл кийгизип, өңчөй жээрде ат мингизип) Шамшынын белин ашып, Чүй бооруна түшүп, «биз Ажыбектин эли, топко келдик деген кабар хан Ормонго айтылат. Суруке баатыр баш болуп барган төрт жигиттин аттарын алдырып, Ормондун айтуусу боюнча Сурукенин көзүн таңдырып, жанындагы канжарын алдырып, «Кайдан келдиңер, ураанызар барбы, ырымыңар барбы, ататегиң ким?» деген суроолорду берип, «үч күндөн кийин топко келгиле, ага чейин эс алгыла» деп төрт атчан жигитти кошуп, «ырымын» айдап келгиле деп жиберет. Ырымды айдап кеткен төрт жигиттен кийин Суруке баатыр акылман Айтбайга:

Кездү таңды, жандан алды бычакты,
Хан эңденүп жайганы жок кучакты
Жакшыларын жайласын деп биринчи
Алды менен жайган окшойт тузакты, –

деп арманын айтат.

Анда Айтбай:

Көздү таңып жандан бычак алганы
Жоо турбайбы Ормон хандын жан-жагы
Сурап койсо ата менен тегиңди
Ичте калды сага айтаар арманы-

деп акыл кошот.

Үч күндөн кийин «Карасуунун башы» деген жерде терт дубан эл чогулган топко барышат. Ормон хан топко келип орун алгандан кийин бул топто бир гана чечим бар, чериктер ураанын таап түшсүн, эгерде ураанын таап түшө албаса ушу турган терт дубанга малы менен жанын камчыга ченеп белемүн деп жарыя кылат. Ажыбек кечигип келбегендиктен Атамбек, Турдумамбет, Калча бийлердин кеңештери боюнча Суруке, акылман Айтбай баштап, хан ордосуна ар бир уруудан алган ондон жигитти ураан чакыртат. Акылман Айтбай «азык-азык азыгың, асырап алсаң ат байлоочу казыгың», «хан моңолдор кандан бүткөн жээниң, алсаң ал, албасаң мейлиң», кызыл чийкил жээрде ат минген жигиттер «кыз алышчу кымбаттарың-чериктер, ез боорум» деп сактасаңыз хан ата, емүрүбүз өзүң менен шериктир»,

«Ай кулагы шака шак
Айда баатыр Жаманак
Күн кулагы шака шак
Күндө баатыр Жаманак

Жаманак жоодон жеңилбейт,-Ажыбек кайдасың»-деп ураан чакырат. Ар бир он жигит еткен сайын Суруке баатыр кек асабаны жерге матыра уруп кайра кетип турат. «Баягы көзүн таңган жигит жигит эмес, жолборс турбайбы, кап, өзгө эмес, өз болсо туш-тушка кыраандай, тийип ерүшүмдү малга, орумду данга толтурчу баатыр экен, Ажыбек ырыстуу баатыр турбайбы» деп, Хан Ормон жигиттерине кайрылып, «бул» топто Ажыбек баатыр билинбейт, дайнын билгилечи деген экен.

Ханга жигиттери Ажыбек топтон алыс экен, «Аюу талпакты алдына салып, кыбыланы баштанып, кылычынын мизин колу менен сылап, кыл чылбырды тутамга ченеп чайнап, топко сыртын салып жатып алыптыр ханым»-деген экен. Ошондо Ормон топко кайры-

лып «Ажыбектин жатканын кара, Айтбайынын айтканын кара, Чечдөбө жерин жердеген касиеттүү эл экен, тегин эл деп жүрсөм, тегиз эл турбайбы, калк ордунда, кан тактасында калсын»-деген бүтүм чыгарган экен. Муну менен биз Ормон Ниязбек уулунун кыргыздарга болгон калыс, чечкиндуу, көсөм, билгич хан болгондугун айкындап олтурабыз[1].

Түндүк кыргыз уруу башчылары Ормонду хан деп эсептешкени менен, ага баш ийген сыяктанышса дагы, уруу башчылары, уруу ичиндеги бийликти колдорунан чыгарышпай, ар кимиси өз уруусун өздөрү башкарышкан бойдон калып, аларды асыроо, багуу, ынтымакка чакыруу, жоого-доого бирге аттануу маселеси уруу башчыларынын мойундарында калышкан. Бирок, ошол эле учурда Ормон дагы өзүнүн хандык бийлигин башкара билген чечкиндүү, өте кыраакы, саясатчыл адам болгондуктан, калк ага урматтоо менен мамиле кылып, Ормон хан деп сыймык менен аташкан.

Ормон хандын кеңешчиси Олуя Калыгул, баатырлары Төрөгелди, Адыл, жигити Саса болгондой эле Ажыбектин кеңешчиси Калча бий, кол башчылары Тартак Мамбет, Кара Чунак Атамбек, жигиттери Бала Бошубек, Турдуке, Айтбай, Суруке болушкан.


Ажыбектин өз бийлиги заманына жараша чыгыштан Кытай Циньдик бийлиги, Кашкар хандыгы, түштүктөн Кокон хандыгы камап турган мезгилге туура келип, баатырды терең ойлонтууга түрткү берип, акылмандарынын кеңешине кулак салуу менен акыркы чечимге өзү келүүнү жана бүткүл аткарылган иштерди өз мойнуна алып турган. Ажыбек баатыр бүт айылы эли менен Нарын-Атбашы-Тоюн-Кашкарга чейин ээн көчүп конуп бийлик жүргүзгөн.




---


[1] А. Салымбеков, К. Бокоев Бабабыз Кошой жердеген Атбашы XXI кылымдын босогосунда Бишкек-201, 165-бет.

# АЖЫБЕК БААТЫРДЫН КОЛ БАШЧЫЛАРЫ, КЕҢЕШЧИЛЕРИ, ЖИГИТТЕРИ





## ХАН КӨТӨРҮҮ КУРУЛТАЙЫНА (СЪЕЗДГЕ) ЖЕТЕКЧИЛИК КЫЛЫШЫ



Чыгарманын башында айтылгандай, Ажыбек Токтобай уулу кыргыз журтчулугунун улуттук баатыры гана болбостон, ал кыргыз уруу башчыларынын чоң манаптары баш болгон жыйындарда Нарындан Какшаалга чейинки жашаган элдин атынан сөз алып, ал жыйында черикмоңолдор эли үчүн көтөрүлгөн маселелерди толук чечип турган. Мына ушундай жыйындарда ез урууcунун кызыкчылыгы үчүн эмес, жалпы кыргыз эли үчүн кадырлуу максаты бар экендигин көрүп билип жүргөн Жантай, Жангарач, Алымбек, Ажыбек даткалар, Дуулат, Олуя Калыгул, Боронбай, Төрөгелди, Балбай, Тилекмат, Сарт аке, Бала Бошубек, Калча бий, Качыке, Тартак Мамбет, Дуулат, Атамбек, Ормон, Адылга окшогон журт башылары 1843-жылдары Көтмалдыда чогулган курултайга (сьездге) черик Ажыбекти жетекчиликке шайлашат. Бул курултай эң эле орчундуу суроолорду камтып, чыгыштан кыргыздарды кездөй келе жаткан орус бийликтеринин, ортодогу Кокон, түндүктөгү Цинь бийликтеринин ортосунда калган кыргыз журтчулугун кайсыл бийликке кошуу боюнча карала турган жүрөк ооруткан маселелерди кыргыз чоң уруу башчыларынын «уй мүйүз» тартып, туура чечим кабыл алуусун талап кылган. Көп күндүк курултайдын чечими менен чоң уруу башчылары тарабынан көрсөтүлгөн Ормон Ниязбек уулу кыргызга хан көтөрүлүп, алгачкы жолу кыргыз уруулары бир хандыкка биригүүгө, кандай гана маселе болбосун чогулуп чечүүгө макулдук бекитишет.

Улуттук баатыр Ажыбектин алгачкы жолу хан көтөрүү курултайына жетекчи болушу жөнүндө Жапаркул Токтоналиев Хан Ормон деген чыгармасында чагылдырат.

Курултай башчысы Ажыбек баатырдан сөз алган

-Жангарач бий Жыйын башы баатыр Ажыбек, урматтуу бийлер, даткалар, жалпы калайык. Куда каласа, нышалла, бүгүн жакшы

сөздөрдү угуп турабыз. Кенесары султан өзүнө баш ийбеген казак айылдарын чаап, өз элине кыргын салып турат дейт, Коконго да каршы согуш ачыптыр, бир пикирге келсек…

-Жаштайынан көй кашка аталып, сарбагыштын тынайынан чыккан Карабектин Жантайы сөз алып: Кенесары өз казагын бириктире албай, элинин канын төгүп турганы аз келгенсип, Кокон менен Букаранын ортосуна шынаа урганы бул кишиден жакшылык күтүү кыйын го. Кытай да бекер отурган жок;ал дагы бери ыктытып турат;

Алымбек датка: Түркстан чөлкөмүндөгү үч мусулман хандыгы Букара, Кыйва, Кокон бири-бирине душман болуп турат, түндүк жактан орус жылып келе жатат, казак туугандарды түшүнүү кыйын, Кенесары орус менен эле согушпастан, өз элине дагы кол салып, анысы аз келгенсип Кокон жергесин басып кирип, Сырдарыя боюндагы айрым чептерди ээлеп турат. Кыргыз бир хандыкка биригүү учуру келди.

Курултай башы Ажыбек баатыр:

– Оо, калайык, Кудай алдында эл мүдөөсү козголуп, келечек жөнүндө олуттуу кеп болуп турат. Айтпай кыргыздын жүгүн көтөрүп жүргөн лөктөр ойлорун ортого салышты. Эми менин баамымда Калыгул акылмандын оюн уксак, – деди. Калыгул бий ордунан тура, сакалын сылай, тунжураган жыйынга көз чаптырып турду да; «Курултай төрүндө олтурган Сарт аке, Ажыбек баатырды карап, «Ажыбек баатыр уруксат бөрди, башсыз иш жылбайт эмеспи» деп нускалуу сөзүн айтып, Ажыбек баштап алакан жайып, Ормон Ниязбек уулу хан көтөрүлүп, хан тактыга олтургузуу аземи болуп, керней-сурнайлардын коштоосу менен Ормондун биринчи хандык жарлыгы билдирилди[1].

Кол эмгегибиздин ушул бөлүмүнө келгенибизде канчалаган жылдардан кийин бабалардан калган эркиндик туубуздун желбирегендигине мүчөлү жыл толуп, мамлекеттүүлүктүн 2200 жылдыгын белгилөөнү жакшылыкка төлгө кылып, мамлекетибиздин боосу бекем болуп, тынччылыктын, бейкутчулуктун, токчулуктун жылы болсун деп тилек кылдык. Ороз болуш кызы Калыйчанын санжырасында уруу арасында сарбагыш менен черик башынан эле бирге болуп, алар өз эн тамгаларын бириктирген бузулбас бир тууугандар болушкан деп айтуучу эле. Сарбагыштардын эн тамгасы болгон айчыктуу белгиси алардын туусунда болсо, че-

---

[1] Ж. Токтоналиев Хан Ормон Б-2000-ж.

риктердин черик тамгасы *(же жергиликтүү элдин айтуусунда жер эне тамгасы)* көк асабасында болуучу экен. Кандай болбосун байыркы кыргыз эли таштардын, аска-зоолордун беттерине калтырып кеткен кыргыз тамгалары туура чечмелеөлөрдү талап кылаарында шек жок.

Ажыбөктин заманындагы кыргыздардын алардын сырткы баскынчыларга карата биргелешкен ишмердүүлүгүн чагылдырууга келгенде тарыхчылардын эмгегисиз көз алдыга чагылдыруу кыйын. Окумуштуулар Т. Н. Өмүрбеков менен Т. К. Чоротегиндин «Кыргыздардын жана Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы» эмгегинде Кенесары менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү үчүн кыргыздар Калыгул баштаган элчилерди жөнөткөн соң, сарбагыштын чоң манаптары Ормон, Жантай, солтонун чоң манабы Жангарач, бугунун чоң манабы Боронбай, чериктин чоң манабы Ажыбек баатыр баштаган билермандар Кенен хандын талабын талкуулашат. Ошол топто кыргыздар Кенесарынын талаптарын аткаруудан баш тартып, согушка камдануу, өзү катылган жоонун катыгын берүү жөнүндө чечим чыгарат[1].

Бул болсо кокон бийликтери менен казак журтчулугуна күтүүсүз окуя эле. Ал эми ошол эле орус бийликтери бул жаңылыкты кош колдоп кубаттап, ачык эле кыргыз бийликтерин кокон хандыгына, Кененсарыга карата тукуруу чараларын көргөндүгү эмгектерде чагылдырылып келет. Муну менен орустар кыргыз бийликтерине колдоо көрсөтүп Кокон, казак бийликтеринин күч кубатын начарлатууга, ошону менен бирге бошогон аймактарды өзүнө каратуу боюнча чечкиндүү чараларга өткөн. Кыргыз ханы болуп жаңы шайланган Ормон мындай орчундуу жана кооптуу иштерге ары акылдуу жана чечкиндүү Калыгулдай, Калча бийдей кара кылды как жарган кеңешчилерин чакыруу менен алардын колдоосуна алынган мамлекеттик иштерди тайманбастан өзүнүн бийлик-шартына жараша жүргүзө билген. Ормон өзүнө караштуу сарбагыш уруусун Ысыккөлдүн айланасына жайгаштыруу боюнча бугу уруусуна кысым көрсөтүп аларга ар кандай жүйөөсүз доолорду койгон учурлары дагы болуп, бугу-сарбагыш арасы аздан да болсо ич-ара бир тууугандык мамилеси салкындай баштаган. Муну менен Кене хандын кандуу эки жолку чабуулуна, Кокон бийликтеринин жортуулуна карата бугудан кол куралып барбаган. Мындан эки уруунун сал-

[1] Т. Н. Өмүрбеков менен Т. К. Чоротегиндин Кыргыздардын жана Кыргызстандын жаңы доордогу тарыхы, Б-1995-ж,-77-б.

кын мамилеси улам-улам күчөп, Ормон жана анын жигиттери тарабынан бугуга ачык эле үстөмдүк көрсөтүлүп, Ормон бугу Боронбай, Балбай, саяк Алыбөк тарабынан өлтүрүлөт.

Ордо ойнундагы чырдан чыккан кара-өзгөйлүк, бугу-сарбагыштын кандуу, 4-5 жыл ичиндеги кайра-кайра чабышуусу бейкүнөө элди кырып, бир-туугандык ички согуш күч алат. Кыргыздарда «Ордо атмай» ойнунан бөлөк «Жамбы-атмай», «Улак-Тартыш», «Тогуз-Коргоол», «Кыз-Куумай» улуттук ойундары эл кумарын жазып, аш-тойлордо өнөр көрсөтүшкөн. К. Ачикеевдин «Тилекмат акылман башчы, даанышман кеңешчи, баатыр элчи» деген эмгегинде Семёнов көлдөгү Жуукунун ашуусуна жакындаганда бугу менен сарбагыштын кагылышынан каза болгон элдердин сөөгүн көрүп башын чайкап, күндөлүгүнө жазып чийме түшүрүп, Тилекмат, Семёновдор Сары-Жазды өрдөп, Хан-Теңири тоосунун этегине келип, айлана чөйрөсүн байкап, бийиктигине таң калгандыгы баяндалат[1].

Бул ырайымсыз согуш элдин көөдөнүндө так болуп калгандыктан, ошол кездеги бугу, сарбагыш, саяк чабышын элдик жамактарга салып сындашкан:

Солто элдин тогу,
Саяк элдин шогу,
Бугу менен Сарбагыштан
Барынан жогу[2]. (Элден)

Мындай опурталдуу уруу башчыларынын чабышууларынан кийинки ич ара мамилелердин оңолбогондугун эске алган Турдуке (Ажыбек өлгөндөн кийин) баатыр Омбу шаарына өзүнүн элчисин жиберип, оруска кошулуп, алар Нарын аймагына келгиче ээн-эркин, коркпойүркпөй башка бийликтер тарабынан кысымсыз жашашкан. Чериктер бул маалда эки бийликке тең баш ийишип турган: бир бөлүгү циньдик, экинчи бир бөлүгү кокон бийликтерине баш ийишкен. Ал эми Үмөталы, Осмон баш болгон сарбагыш-саяктар орустарга баш ийүүдөн баш тартышкан. Кийин Үмөталы орустарга багынып, ал эми Осмон багынуудан баш тартып, орустар менен атышып, кытайга кире качкан.

Ажыбек заманындагы кыргыз элинин «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу» ишмердигинин алгачкы сьездине жетекчилик кылып, сарбагыш уруусунун ири манабы Ормон Ниязбек уулун кыр-

---

[1] К. Ачикеев Тилекмат-Б-1998-ж. , 112 б.

[2] К. Жусупов Кыргыздар т-2, КБ-1993-ж. , 516-б.

гызга кан көтөрүү аземине жетекчилик жасаган, Кыргыз журтунун башына оор мүшкүл түшкенде Кене ханга карата кыргыз туусун көтерүп, колго түшкөн Кене хандын туусун казак элине жеткирген. Кашкар ханы Бөдөөлөттүн колун Аксайдан талкалаган, Кокондун Куртка чебинде кармалып турган орчундуу сарбаздарына карата кол курап, кол салып аларды талкалап, эл баштап журтчулукту талоончулуктардан алып калып, чечкиндүү чараларды көргөн Токтобай уулу Ажыбектин мамлекеттик ишмердиги, кыргыздарды бир мамлекетке биригүүгө чакырыгы азыркы эркин заманыбызда тийиштүү баа берилип, заманыбыздын жаңы жазылуучу кыргыз тарыхына өз ордун алып, анын 200-жылдык маарекеси Мамлекеттик деңгээлде өтүп, Улуу Жибек жолу менен байланышы бар Аксай, Арпа өрөөнүндөгү бир чек ара заставасына, Бишкек, Нарын шаарларындагы бир көчөгө аты берилип, айкели орнотулуп, эркин мамлекетибиздин акча бирдигине элеси түшүрүлүп, илимий конференциялар уюштурулуп, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгында Улуттук баатыр Ажыбекти даңазалоого кам көрүү-бүгүнкү урпактарынын милдети.


Атактуу жазуучубуз Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыгынын ээси Шүкүрбек Бейшеналиевдин «Тайлак баатыр» аттуу даректүү баянында 1820-1825-жылдары кыргыздардын бириккен колу Кашкар аймагындагы мусулмандардын капырларга карата күрөшкө чыгышында черикмоңолдор колун баштаган Ажыбек, Тартак Мамбет баатырлар, саяк колун баштаган Атантай, Тайлак баатырлар менен бирге болгондугу жазылат. Тайлак, Атантай, Ажыбек, Тартак Мамбет баатырлардын башчылыгында Атбашы, Акталаа, Тогузторо, Нарын багытындагы кыргыздардын Кокон хандыгына карата күрөшүн жетектешип Куртка сепилине кол салып, аны кыйратышкан. Көтөрүлүштү басуу үчүн хан жиберген жазалоочу отрядды да ойрондотушкан[1].

Ажыбек баатыр баштаган кырк жигити алардын ичинде Тартак Мамбет, Атамбек, Бала Бошубек, Айтбай, Сурукелер менен Тайлак, Атантай, Кожоберди, Байбагыш баатырлар биригип, кокондуктарга болуп көрбегөндөй куралдуу сокку урушуп, черикмоңолдор, саяк эли эркиндик үчүн салгылашышкандыгы 1984-жылы Фрунзе шаарындагы Кыргызстан басмасынан чыккан Кыргыз ССРинин тарыхынын 1 томунда 498 бетте дагы ачык эле жазылган.

Ажыбек баатыр өлгөндөн кийин уулу Абыласан ушул Курткада датка болуп, Нарын тараптагы элди башкарып турган.

---

[1] Ш. Бейшеналиев Тайлак баатыр Бишкек-1998-ж. 223 бет.



Куртка чеби курулган Нарын дайрасынын жээги



Абыласан датка болуп турган Куртка жеринен
бир көрүнүш

Ажыбектин өзү башкарган аскердик колунан алда канча көп колду жеңүү ыкмасы да кезегинде өз натыйжасын берип келгендигинде талаш жоктой. Нарын-Какшаал аймагында жашаган кыргыздарды талкалап, Ажыбекти Кокон ханына кармап келүү үчүн келген сарбаздар Атбашыдагы Чекендинин талаасынан дээрлик бардыгы талкаланат. Ага карата Кокон ханы жайдын аптабында Аксайдагы кыргыздарга жүрүш жиберет. Шашылыш чогулган кыргыздын колунун аздыгына Ажыбек өкүнүп, кокондуктардын көп колуна каары кайнап, зоотун кийип, таңга жуук кеңешме (совет) өткөрөт. Советте Тартак Мамбет менен Атамбектин сунушу эске алынып, кокондуктарды «бөрү» таламай деген ыкка салууга макулдашышат. Жоону ортого алып, төрт тарабынан тийип-качып, бүт баарын талкалап, азыраагын колго түшүрүшөт. Мындай аскердик ыкманы кийин иниси Турдуке баатыр да кокондуктарга бир нече ирээт колдонот.

Ал эми Кене хандын кыргыздарга карата кандуу чабышына байланыштуу Ажыбек баатыр баштаган жоокерлердин мекенди коргоодогу эр жүректүүлүгү эл оозунда кеп айтылат. Сапарбек Закировдун «Кыргыз санжырасы» деген эмгегинде Кененсары, Ноорузбайдын «кыргыздарга чабуул жасайбыз, согушабыз» деген сөзүн карындашы Бобуйкан угуп калат. Ал акылдуу, жетик кыз болгон. Бул кыргынды токтотуп калууга кеп күч жумшаган. Агалары сезүн укпагандан кийин эркекче кийинип, чачып түйүп, күлүк ат минип, кыргыздарга жөнөп кетет. Анын максаты кыргыздардын мыкты баатырларын сыноо болгон. Экинчиден, ылайыгы туура келип калса, кыргыздын таасирдүү бегине турмушка чыгып, чатакты токтотсом деген. Мурда угуп жүргөнү боюнча, кыргыздарда Шооруктун досу Жаманкара бар, Ормон хандын Төрөгелдиси бар, Боронбайдын Балбайы бар, Алыкенин-Табылдысы, Чыңгыш баатыр бар деп кыдырмак болот. Солто элинен Жаманкара менен Чыңгышты сынап, чыныгы көк жал баатырлар экен деп ойлойт. Аттигиниң, Жаманкарага турмушка чыкса болчудай экен, бирок, аялзатына мээрими жок, тубаса ышкысы жок жаралган жан экен, буга тийген катын сүйүү жыргалын билбей өтөт деп жүрүп кеткен экен. Сарбагыш элине барып, Төрөгелдини көрө элегинде Кененсары, Ноорузбайдын биринчи чабуулу башталып калат[1]. Кыргыз чыгармаларында Ажыбек, Тайлак, Адыл, Балбай, Төрөгелди баатырлар тууралуу көптөгөн уламыштар айты-

---

[1] К. Усенбаев Ормон хан Б-1999-ж.,

лып дагы, жазылып дагы келе жатат. Санжырада Төрөгелди, Ажыбек, Балбай баатырларды жолборс чапкан баатырлардын катарына киргизишет. Тайлак баатыр 1796-1838-жылдары, Ажыбек баатыр 1800-1856 жылдары, Алыкенин Табылдысы 1826-1859-жылдары жашашкан экен. Бул үч баатырдын өлүмү тууралуу кытай жеринде көптөгөн уламыштарды айтышат, ошолордун тактоолорун чыгармага бере кетүүнү туура таптык. Каргышка калган Алыкенин Табылдысы кийикке барып көчкү алса[1],

Тайлак кокон колунун кол башчысы Хаккуллуга колго түшүп, кутулуп келгенден кийин агасы Атантай менен өз ара салкындашып, карындашына таарынып каза болсо[2],

Ажыбек кемпир өлчү кара чычкактан өлгөн экен[3].

Бул элдик баатырлардын кыргыз элине кылган асыл ат көтөргүс иштери кыргыз барда кайрадан толукталып, тактала берет. Ошондуктан, чыгармаларды жаратууда кол ийрисине тартпай баатырларга байланыштуу окуяларды ачык-айкын жазып, карапайым калкка тартуу кылуу адамдык парз. Ал эми катагандын Эр Табылды баатырына байланышкан Нарында, Тайлак баатырга байланыштуу Акталаада, Ажыбек баатырга байланыштуу Атбашы жергелеринде көптөгөн жер-суу аттары аталып ушул биздин заманга чейин жетти.

Алсак, катагандын Эр Табылдысына байланышкан Нарын дайрасынын жээгиндеги Табылдынын кара ташы, Табылдынын үңкүрү, Калмакашуу деген жер суу аттары айталып келди. **Эр Табылды баатыр** тууралуу айтылуу акын, казалчы Казыбек Мамбетимин уулу комуз менен мындай ырга салган:

Бабабыз Кошой жөрдеген,
Башынан намыс бербеген.
Коңурбай менен Жолойду,
Кошойсуз Манас жеңбеген.
Алмамбет жаткан Чеч-Дөбө,
Абалтан ыйык жер деген.
Ар жылы жайлап Табылды,
Аргымак минген кермеден.
Арпада нечен кыз Жаңыл,

---

[1] К. Ачикеев Тилекмат-Б-1998-ж.

[2] К. О. Осмонбетов, Г. К. Осмонбетова, Эдил. К. Осмонбетов-Тайлак баатыр и его время, Б-2001, стр. 63-64

[3] К. Жусупов, Кыргыздар, Б-1993-ж.

Арбашкан жоосун сермеген.
Арашан ташы бар жерде,
Асылдар нечен гүлдөгөн…

**Тайлак тууралуу** Акталаа жергесинде Араб өлдү, Эдигиненин жаткан жери, Эралынын аткан жери, Тайлак арык жана Тайлак корук деген тарыхый жердин аттары калган.

Тайлак тууралуу эл мындайча ыр жараткан:

Тайлак минди Буурулду,
Таманы ташка туурулду.
Кылыч кындан суурулду,
Кылкылдаган көп кытай,
Заманасы куурулду.
Акталга туусун аштады,
Аскерин Тайлак баштады
Кожоберди, Байбагыш,
Кошунду булар баштады.
Каран кылды Кашкарды
Туткалы Терек жердеген,
Туйгун Тайлак эр деген.
Майыстан Терек жердеген,
Баатыр Тайлак эр деген,
Бараң аткан, найзакер,
Башынан душман жеңбеген.

Ажыбек баатыр Кокон колун бир нече ирээт жеңип, Ортокайыңдыда жайлап-кыштап жүргөндө малга жолборс кол салып тынчтык бербей, эл ары-бери каттай албай, баатырга кабар келет. Келген кабарчылар кайра айылга баргандан айбыгып, баатырдын айттырган жообуна макул болушуп, айланчыктап кетпей койгондуктан, карагерин минип кыл арканды канжыгага байлатып, Ортокайыңдынын жазысына чыгып, эл айткан карагайлуу беткейден жолборс изин кууп калышат. Кеч бешимге чейин жолборсту жолуктура албаган баатыр жигиттери менен аттан түшүп, ат чалдырып жатканда капыстан жолборс кол салат. Мандаш уруп олтурган Ажыбек каптал жагынан кол салып чукул кирип келген жолборсту кайрыла калып колундагы камчысы менен чаап калганда, жолборс баатырдын сол жак капталына узатасынан бүктүшөт. Аргымактар кошкуруп, чочуган жигиттер батынып бара албай тургандыгын байкаган баатыр, колундагы кол чаначтан ичип жаткан кымызын жерге коюп басып барып жолборстун башын көтөрсө, эчак өлүп калган болот. Азыр дагы Башкайыңды айы-

лынын карагай черлүү бул жайлоосу «жолборс», «жолборс чапты» деп ошол окуядан бери аталып келет.

**Ажыбек тууралуу** санжырачы Ороз кызы Калыйча мындай ырга салуучу эле:

Жолборс чапкан Ажыбек,
Жолдошу болуп Бошубек.
Коконго колун баштаган,
Кор кылбай элин сактаган.

Куртка бегин чабышкан,
Кур койбой жинин кагышкан.
Кул болчу элди сакташып,
Кубаттанып калышкан.

Желектүү найза колго алган,
Желбегей кийип жай барган.
Жээгинде туруп Нарындын,
Жетишээрлик эл жыйган.

Ажыбек айсарала ат минген,
Айдарым желде түз жүргөн.
Ашынган душман чегине,
Айбыкпай барып түз тийген.

Ажыбек жолборс баатыр атанган,
Жолдош кылды адамдан.
Жолобой ууру-каракчы
Журтуна болду арачы.

Ормон, Жантай, Жангарач,
Орчундуу кабар беришкен
Оорукта туруп албастан
Ажыбек, колуна болду жетекчи.

Кененге бирге барышкан,
Керилип найза сайышкан.
Канкорго өлүм ошол деп,
Кыргызын коргоп калышкан. ***(Калыйчадан)***

Кезегинде кыргыз журтчулугун калмактардан коргогон катаган элиндеги элдик баатыр Эр Табылды өзүнүн Арчаторусу, Улуттук баатыр Тайлак өзүнүн Буурулу, Улуттук баатыр Ажыбек өзүнүн Ка-

рагери менен элди баскынчыларга карата баштап, кыргыз элин сырткы жортуулчулардан коргоп, эркиндик үчүн болуп көрбөгөндөй акылмандыкты, эрдиктерди көрсөтүшкөн экен. Ошондуктан кыргызда «ат адамдын канаты» деген бабалардын накыл кеби мурас катары элге жетти. Эр Табылды, Тайлак, Ажыбек баатырлардын замандарын дагы тереңирээк изилдеп, тактап чоңураак көлөмдүү чыгармаларды жаратуу, айкелдерин орнотуу урпактардын ыйык милдеттери. Ажыбек санжырачы Ороз болуш кызы Калыйчанын айтуусунда «өтө салмактуу сүйлөп, шашпаган, алп мүчөлүү, калың каштуу, өңү кара сур тарткан, көзүнөн от жанган, пешенесин «жарык» колдогон, өзүнүн замандаштарына жана душмандарына өтө сүрдүү, кайраттуу болуп көрүнгөн адам болуптур, кайын атам Чагарак-Куйрук-Чарт-Аяздан оозмо-ооз уктум эле» деп эскерээр эле. Ошондон замандаштары баатырды «Ажыдаар Ажыбек» - деп аташчу экен.

Азыркы эркин мамлекетибиздин эгемендүүлүгүнүн бирден-бир көрүнүшү – эл кастарлап, эл сүймөнчүлүгүнө ээ болгон ата-бабалардын эл үчүн жасаган эмгеги, эрдиктери жарыкка чыгып олтургандыгы. 2002-2003-жылдары Жалалабат жергесине орнотулган элдик баатыр Курманбектин, Нарын шаарына тургузулган Тайлак баатырдын айкелдери калк кадырында калып олтурат. Ал эми туңгуч президентибиз Акаев А. А 2003-жылды Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылы деп белгилөө жөнүндөгү Указы мамлекет башчысы катары кыргыз элине болгон зор, ат көтөргүс кызматы экендигинде талаш жок.

Жетимиш жыл ичинде мындай инсандар анчалык толук изилденбей, ал эми ооз-эки санжыра түрүндө айтып жүргөн аксакал, аталарыбыз бүгүнкү күндө азайып калгандыгы бир арман болсо, экинчиден мектеп окуу куралдарында аты тарыхта ташка тамга баскандай бул кыргыз элинин Улуттук баатырларынын толук, калыс камтылбай, өз орундарын азыр дагы ала элек десек жаңылыштык болбос.

Кытайдагы билимдүү адам Үсөйүн Ажы Ажыбектин бир арманын мындайча кагазга түшүрөт: «Чоко Кара Бердиш менен Кашкар, Тегирметилерге кетип бара жатсам, Жаангир кожо Кашкар шаарын өзүмө каратам деп, бир нече көп кыргыздарды баштап келип урушуп, аларды кырдырып жеңилип качкан экен. Манжу аскерлери кууп келишиптир, бир канча мезгилден кийин кайтып келе жатсак, алар Жаангир кожону кармап алышыптыр. Кожо бизди карап «кутказсаңар» дегендей болду, ошолордун колунан Жаангир кожону ажыратып алып, Бейжиндеги ханга өзүм тартуу кылып алып барайын десем, Бердиш болбой койду. Кийин уксам, ал сыймык Кучарлыкка кетиптир, кап» деген экен.

Ал эми азыркы тарых изилдөөчүлөрүбүз К. О. Осмонбетов, Г. К. Осмонбетова, Эдил. К. Осмонбетовдордун «Тайлак баатыр и его время» деген эмгегинде Жаангир кожо тууралуу мындай маалымат-

тарды берет: «Сведения поступаюшие в Пекин о состоянии дел у Джахангира в кыргызских кочевьях, и ответные указы не поспевали за ходом бурных событий-подлинных и мнимых. Только Чан Лин доложил о действиях, предпринимаемых для поимки Джахангира укрыл небезызвестный саякский бий Атантай в Тогузторо. Более того, Джахангир собирает новые силы и уже подбивает кыргызов снова идти в поход на Кашгар.

Бий кыргызов-черик Шадыбек[1] докладывал Чан Лин, вызвался отправиться в Тогузтороо и изыскать способ схватить Джахангира. В Пекин желание Шадыбека восприняли настороженно: он, вероятно, просто выведывает информацию и изучает обстановку. Тем не менее, было решено выдать ему серебра и другие подарки на тот случай, если он действительно захочет помочь цинскому командованию. Джахангир в конечном счете попал в руки цинских властей. Но, доподлинно известно, что кыргызские бии и старшины не были причастны к его поимке. Об этом свидетельствует исторический факт: отсутствие в списках лиц, представленных к награде, имен кыргызских биев[2].

Ажыбек баатыр Ормонду кыргыз ханы катары етө урмат менен сыйлашы, Ормон кайсыл чет жерге көчүп барбасын аны менен кошо барышы, кыргыз бийлери, манаптары менен бирдикте чогулган жыйындарда туура, калыс сөздөрүн алдыга жая салышы менен кыргыз журтчулугун бир хандыкка бириктирүүгө кошкон орчундуу, айтып түгөткүс инсандык зор салымы деп билсек жаңылышпайбыз[3].

Кийин эл көбөйүп, Ормон өзүнче бийлик жүргүзүп калган убакта Ажыбек баатыр Нарындан Какшаалга чейин жердеген өз эли менен Какшаалдагы кыргыздарга бийлик жүргүзүп Атбашы-Нарынды кеңешчиси Калча бийди баш кылып, инилери болгон Бала Бошубек, Айтбай, Сурукелерге бийлетет экен.

Өзөндөргө эл толуп, өз багыттары менен отурукташып Нарын-Атбашы, Аксай-Арпа, Тоюн, Кашкарга чейин черикмоңолдорлор; Тогузторо, Жумгалга саяктар, чоро саяктар, Кочкор, Ысыккөл, Чүй тарапта сарбагыш, солтолор, Келдүн тескейине бугулар жайлашып эл отурукташкан.


---

[1] Бий кыргызов-черик-Шадыбек деп черик-Ажыбек баатырды айтып жатса керек ( А. С. , А. А. , К. Б. ).

[2] К. О. Осмонбетов, Г. К. Осмонбетова, Эдил. К. Осмонбетов Тайлак баатыр и его время Б-2001-г. стр. 47-48.

[3] Ж. Токтоналиев Хан Ормон, Б-2001-ж.
К. Бокоев Кыргыз Туусу зезити 11-13-декбарь 2001-ж.

## КЕНЕ-ХАНДЫН ЧАБУУЛУНА КАРШЫ КЫРГЫЗДЫН ТУУСУН КӨТӨРГӨН



1843-жылдары кыргыз журтчулугу Ниязбек уулу Ормонду хан көтөрүп алгандан (кызыл тебетей кийгизгенден) кийин үч-төрт жыл аралыгында, 1846-жылдары Кене хан кыргыздарга карата биринчи кандуу чабуулун баштап, кол башчысы Норузбай, Эржан төрөлөрүнүн баатырдыгына таянуу менен кыргыз элин караканап кылып чаба баштаганда Ажыбек баатыр, Жантай, Төрөгелди баш болгон кыргыз аскерлери Норузбай менен Кененсарынын колуна катуу каршылыктарды көрсөтүп, машыккан казак жоокерлеринин мизин кайтарып, черикмоңолдор, солто, сарбагыш баатырлары элди-журтту ырайымсыз жортуулчулардан биринчилерден болуп сактап калган[1].

Ал эми 1847 жылы кулжа айынын жыйырма төрттөрүндө Кенесары Касым уулу кыргыздарга экинчи чабуулун даярдап чыкмак болгондо Бопуйкан деген карындашы «түшүмдө саамайым erттөнүп кетти, кыргызга аттанбаңыз» деген кебине маани бербей, машыккан колун жыйнап, Кыргызстанды басып алууга карата кандуу жүрүш жасайт. «Кыргыздарды Кене хан чабат экен» деген кабар боюнча даярданып жаткан солто, тынай, черикчи уруу башчылары тыңчылардан уккан кабар боюнча Кенесары, Норузбай баштаган казактын колу кайсыл жерге келгендиги, кимдер менен урушмак болгондугун тактоо максатында ар уруктан үч-төрт киши ылгап жиберген.

Чалгынчылар Карабалтага жеткенде «Көне хан урушуп, Меркени камап жатат» деген кабарды алышып, аны тактоо максатында

[1] Ж. Токтоналиев Хан Ормон Бишкек-2001-ж.-173-бет.
К. Усенбаев Ормон хан Бишкек-1999-ж. 55-59 бет.

чогулуп барган жыйырмадан ашык кишиден Кожоянга бир киши кошулуп, чалгынды андан ары улантышат. Алар «Меркенин беги Кене хан менен уруша албай, тартууга Кызылооз деген аргымагын жана союш бериптир» деген кабар алгандан кийин алар токтоосуз жүрүп Пишпектеги өзбектин беги Алишерге келип, Кенесарыны кабарлайт. Алишер Кене хан менен уруша турган ыкласын айтып, Кене хан Пишпекке келгенде сепилдин башына бийик орнотулган чапанга от коюп белги берээрин билдирип, кыргыздарды узаткан.

1846-жылкы Кене хандын жортуулуна карата кандим болгон Жантай баатыр ошол тегеректе жашаган кыргыздарды күн мурун бүт көчүрүүгө аракет кылып, орчундуусун Шамшынын бөксөсүнө чыгартып жиберип, шашылыш кабарды Какшаалдагы Ажыбекке жиберткен.[1]

Аксай, Арпа-Кашкарды жердеген алп мүчөлүү Ажыбек баатыр кеңешчилери Калча бий, Тартак Мамбетти шашылыш чакыртып, Жантайдын кабарын айтып, алардын кеп-кеңештерин сураган. Чогулган кеп-кеңештен кийин Какшаал-Нарын-Атбашы жердеген кыргыздардан кол курап, Бала Бошубек баатыр Ажыбектин «жер эне» белгиси бар көк асаба туусун бийик көтөрүп кол алдында жол баштап, Кене хандын кандуу жортуулуна каршы Чүйдү көздөй шашылыш жол тартышкан.

Эгемендүүлүктүн жаңы илими болгон «Кыргыз Республикасынын тарыхы» деген эмгекте:

«Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы чуу.
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырткан улуу чуу», – дегендей[2] Ажыбек баатыр башында турган кыргыз колу казак ханы Кенеге жана казактардын айтылуу баатыры Ноорузбай төрөгө каршы чечкиндүүлүк жана ынтымак менен болуп көрбөгөндөй соккуну урушкан.

Алгачкы жолу кыргыз колунан жапа чегип калган Кененсары, кандай да болбосун, кайрадан кыргыздарды каратууну максат кылган. Кене хандын бул кыргыздарга каршы жасаган кандуу жортуулдарында Ажыбек баатыр кыргыз аскер колуна бүтүндөй жетекчилик кылып (башкарып) кыргыздын туусун көтөргөн[3].

---

[1] Усенбаев К. Ормон хан Бишкек-1999-ж. 48-бет.

[2] А.Асанканов ж. б. Кыргыз Республикасынын тарыхы-Б-2000-ж, 193-194-б.

[3] Ж. Токтоналиев Хан Ормон Бишкеке шаары, т. 2, 173 бет.
Ү. Асанов Нарын облусунун энциклопедиясы Б-1998-ж, 122-123-бет.

Ороз болуш кызы Калыйчанын жамактарынын биринде мындай айтылаар эле:

Ажыбек Кыргыздын туусун аштаган,
Кененге колун баштаган.
Каптаган калың казактын,
Белбоосун үзүп качпаган.
Ажыбек «жер эне» туусун аштаган,
Аксайдан колун баштаган.
Кылтылдаган кытайды,
Кашкарга кууп таштаган. ***(Калыйчадан)***

Мындан кийин Жантай Кенесарыга Калыгулду элчиликке жиберет. «Калыгул барса, Кенесары өзүнүн жигиттери менен айылдан обочо жердеги дөңгө олтуруп, алдына ак кийиз салып, төөнүн жүнүнөн боз таар чепкен, башына кара менен кыюуланган шуштукуй ак калпак кийип, дилде кемер курчанып, кылычын кынынан сурбастан, чатына кармап таянып олтурган чакта, Калыгул аттан түшүп, жолдошуна атын берип, эки колун бооруна алып, «атсалоому алейкум, алдаяр таксыр» дегенде Кенесары унчукпай жалдырап карап олтура берген. Алдында үйүлүү жаткан 500 чамалуу кылыч болгон. Ат минген, мылтыкчан 1000ге чамалуу жигиттерине чу койдуруп бара жатып аттырып, кылыч чапчуларын бир башка бөлүп кылыч чаптырып, найзакер кишилерин бир бөлүп найза сайдырып жаткан экен.-Сен кимсиң ?-деп бир казак сураганда Калыгул: «Кыргыздан элчиликке келдим»,-деген. «Хан алдына кыргыздан элчиликке келген болсоң, мына найза, кылычты сендер үчүн даярлаттык»,-деп алдындагы үйүлгөн кылыч менен айланасында атышып, чабышып, машыгып жаткан аскерин көрсөткөн. Калыгул «Өгүнү, кыргызга атанып барганда, бул найза-кылычыңар үйдө калганбы?»-деген. «Макоо, наадан кыргыз, хан алдына оозуңду баса, көзүңдү ача сүйлө»,-дегенде, Калыгул: «Кыргыз мени элчиликке жибергенде «казактын этин жеп, кымызын ичип, бекер кайтып кел» дегөн эмес, «кезектүү сөзүңдү жибербей, айтып кел деген»,-деп кесе айтканда, кызылала бачайы күрмө кийген, кийимдери таза узун бойлуу ичке шыптай болгон ак чекир сыяктуу сакал-муруту чыга элек жаш жигит «биздикине конок болуңуз» деп алып кеткен. Ошого чейин Кененсары эч сөз айтпаган. Бул жигит баягы, айтылуу Нооруз төрө экен» деп Белек Солтоноевдин «Кызыл Кыргыз Тарыхынын» 1 томунда эскерет.

1846-жылы эрте жаздагы Ноорузбай, Эржан баатырлар баш болгон казак жортуулчулары менен болгон солто, черик, сарбагыштардын орчундуу салгылашуусунан кийин Ажыбек баатыр менен

Жантай хандын кеңеши боюнча биринчи жиберген элчилердин башында такшалган дипломат, казак-кыргызга аттын кашкасындай белгилүү Калыгул Кубат уулу турган. Ал өтө чечен, токтоо, жалган сүйлөбөгөн, кайраттуу киши болгон. Бул мезгил кыргыздарга каршы орчундуу согуштук аракети ордунан чыкпай калган Кене хан өз жоокерлерин катуу даярдыктардан өткөрүп, кыргызга карата экинчи кандуу чабуулуна даярданып жаткан учур болгон. Ушул эле элчиликте Кене хандан Калыгул сурап барган Найза кызыл менен Таштанбектин болотун, берип кайтарган[1].

Кенесары менен Ноорузбайдын сый-сыпатынан кийин, алардын ынтымакты көздөшкенүнө ыраазы болуп, өз элинин атынан анын оор ахвалын эсинен чыгарбай Калыгул төмөндөгүдөй убадасын билдирет: «Казак-кыргыздын жоосу болсо, биргелешип жоолайлы, өзүбүз элдешип туралы, чоң кеңешибизди Кене ханга салып, анын айтканынан чыкпайлы[2]».

Бул жөнүндө Е. Бекмаханов мындай деген өзүнүн оюн айтат: «Кенесары договорился с Калыгулом, что впредь казахи и кыргызы будут жить дружно и находиться в добрососедских отношениях, что кыргызы будут прислушиваться к советам Кененсары.

Калыгул от имени кыргызского народа дал обөшание: «Кыргызы и казахи будут дружественными самостоятельными странами но по всем важнейшим (делам) целям будут советоваться с Кенесары и прислушиваться к өго голосу[3]».

Мына ушундан кийин кыргыз, казак аз болсо да ынтымакка келишип, ар бири өзүнчө көз карандысыз бойдон калышат. Эки тараптуу сүйлөшүүдөн кийин кагылышуу убагында колго түшкөн туткундарды алмашуу жөнүндө макулдашылат. Калыгул казак туткундарды тим эле бошотуп берем деп убада берип, Кененсарынын 1846-жылдагы алгачкы салгылашуусундагы казак жоокерлери колго түшүрүп алып кеткен Таштанбектин болот кылычын кайтарып берүүнү өтүнет. Кенесарынын буйругу боюнча бир кылычты алып келип Калыгулга берет. Калыгул аны колуна алып кармап көрүп, «бул Таштанбектин кылычы эмес экен» деп кайтарып берет. Экинчи кылычты алып, келип казак жигит «Мактанган кылычың осыму» дегенде, «бул болот эмей эмне?» деп Калыгул таш тулганы тартып жибергенде аны кылыч кыя чапкан имиш»[4].

---

[1] Б. Солтоноев Кызыл Кыргыз тарыхы Бишкеке-1993-ж. , 1 том 208 бет.

[2] Б. Солтоноев Кызыл Кыргыз тарызы 1-т. 201 бет.

[3] Усенбаев К. Ормон хан Бишкек-1999-ж. 57-бет.

[4] Усенбаев К. Ормон хан Бишкек-1999-ж. 57-бет.

Бир кабарда (санжырада) баатыр Татыбек кол топтоп, кең Арпаны жайлап жаткан Ажыбекке кеги күчөп, ага каршы атланыш үчүн мине турган жакшы аргымагы жок, каршысына көз ирмебей чаба турган болот кылычы жок, эл кадырманы болгон аксакал-көксакалдарды Тайлак баатырга эки милдет-шарт менен жиберет, анда Тайлак тирүү экен. Биринчиси: топтолгон колду баштап баруусун, кокус баруудан баш тартса Буурул менен Тайлактын «шыпырма» деген болот кылычын сурат. Келген калк кадырмандарынан Татыбектин койгон шартын уккан Тайлак туура көрбөй элди кыргындан сактап калыш үчүн келгендерди кайра кайтарат экен. Экинчи ирээт келген топко Тайлак каршы тура албай, «Ажыбекке каршы аттанбайм, макул болсоңор Татыбек чогулткан кол башчыларын токтотуп калсын, мен Ажыбек баатырга кеңеш салып киши чаптырдым, болбосо мына Буурул мамыкта байланып турат, тигине «шыпырма» болот керегеде илинип турат» деген дейт.

Татыбек болотту сынаш үчүн топ болуп турган чийдин түбүн кылыч менен чапканда, топ чий жыгылбай калган экен, тегеректеп турган жоокерлер кылычтын курчтугуна күмөн болуп турганда Татыбек баатырдын жанында турган кары киши жигиттин найзасын колунан алып топ чийди тобу менен жапырып түртүп койсо жыгылып калат.

Татыбек баатыр менен Ажыбектин колу Арпанын түзөңүнөн бетме-бет келип, эки эр жекеге чыга турган болот. Эки тараптын сүйлөшүүлөрүндө Ажыбек шарт коёт. Шартта «кимде-кимибиз жекеден шейит кетсек, эки кол беттешпестен тарасын дегенде Татыбек баатыр макул болот экен. Жекеден Татыбек шейит кетип, бет маңдайлашкан эки кол Ажыбектин көсөмдүгүнөн кыргынсыз тарайт. Татыбек баатыр Букар менен Кокон бийлигине белгилүү болуп, кадырман эл баалаган баатырлардан экен. Кокон бийлигине Татыбектин өлүмү дайын болуп, күмбөзүн салыш үчүн кокондук бийликтердин жиберүүсү менен сарттар келет. Алардын: «Татыбек баатыр кишиден каза таба турган шарты жок эле, кандай кеселден кайтыш болду» - дегенде «Тайлактын тилин албай, ажыдаар Ажыбек баатырга өзү катылып, набыт кетти» деген экен. Ажыбек баатырдын наамы Букардын көк ташына чийилген деген элдеги кеп ошондон калат.

Болгон окуяны уккан Тайлак баатыр Буурулду суратып алып, болот кылычты Татыбектин үйүндө калтырткан экен. Кийин бул Тайлак баатырдын «шыпырма» деген болот кылычы Таштанбекке тийип «Таштанбектин болоту» деп аталып калган деп Таштанбектин

болоту тууралуу санжыраны Ороз болуш кызы Калыйча айтуучу эле (Татыбектен экөө – экинчиси черик Татыбек баатыр).

Алгачкы кыргыз, казак бузулушунун башында, 1770-71-жылдар эле Эсенкул баатырдын тушунда жортуулчуларга карата:

Кептүгү ала каргадай арык
тукумунун колу келип калды.
Саяктын сан колу келе жатат.
Чегирткедей каптап чериктин
колу келе жатат.
Буудандарын жулкунтуп,
бугунун колу келе жатат.
Солтонун солоондору келе жатат

-деп айтылып эки элдин бири-бирине болгон кысымы жазма даректерде чагылдырылып келген[1].

Калыгул Кубат уулу башчылык кылган кыргыз элчилиги негизинен өздөрүнө жүктөлгөн максатты, алдына койгон орчундуу жана ете эле опурталдуу милдеттерин аткара алган. Бирок эки элдин арасында дароо эле толук тынчтык боло койгон жок. Бири-бирине барымталашуу улана бергендиктен, мындай араздашууну биротоло тыюу максатында казактын белиглүү баатыры Шорук солто уруусунун таасирлүү адамына «элчиңерди жибергиле, ынтымакта бололу» деп атайы кайрылат. Тынчтыкты көксөп турган Жангарач бий атактуу баатыр Жаманкара, Болотту баш кылып он беш кишини элчи кылып жиберет. Токмоктон алыс эмес жерде болгон кайсыл бир чоң ашта эр сайыш болуп, казактын атактуу баатыры менен жаш жигит Жаманкара беттешип, күч жагынан алда канча артыкчылык кылган Жаманкарадан бул эр сайышта эптеп кутулган Шоруктун ичинде кеги калып, элчиликке барган Жаманкараны Кене ханга жамандап, аны жайлап салуу жөнүндөгү кеңешин берет[2].

Кыргыз манаптарына кыжыры келип турган Кенесары хан Шорукка маакул болуп, келген элчилердин баарын өлтүрүүгө буюрат. Жаманкара баатырды жапайыларча кыйнап, элчи Туранды дагы кошо өлтүрүшөт. Элчилердин кайгылуу тагдыры жана алар женүндөгү суук кабар калың кыргыз элине шамал менен тарап, эл арасында казактарга кескин наразычылыктарды пайда кыла баш-

---

[1] Б. Солтоноев Кызыл кыргыз тарыхы 1-том. 166-б.

[2] Усенбаев К. Ормон хан Бишкек-1999-ж. 78-бет.

таган. Бул болсо эки элдин ортосундагы ансыз деле татаалдашкан мамилени ого бетерден курчутат[1].

Мындай курч кабар уккан Ормон тынч жата бербей, ал дагы түндүк кыргыздардын чоң манаптарын (бугу, сарбагыш, саяк, кушчу, черик, саруу) чакыртуу менен уруу башчыларынын кеп-кеңештерине кеңүл коюп, Чүй боорундагы солто, сарбагыш уруулары менен Кененсарынын ортосундагы улам курчуп бара жаткан маселени талкууга алышат. Чакырылган кеңешмеге бугудан Боронбай, Балбай баш болгон бул уруунун билермандары арбынырaак келип, негедир кеңешме кечигип, созулат. Терең ойлуу Ормон келгендерге баш ийкөө менен анчалык кабыл албай, суз эле. Мунун баарын байкап, «журт башынан[2] кандай деген сөз чыгаар экен» деп, тымызын ички ойлору менен алек болгон Боронбай манап тынч ойлуу.

Кашкар-Нарын-Атбашы тараптан келе жаткан кабарды Саса ханга чукул келип, акырын кулак түбүнө жар салды, ойлуу олтурган Ормон обдулуп, колу менен ишаарат кылып белги берет. Ажыбек, Калча бий, Айтбай баш болгон жоон топ адамдар хан алдына келип түшүп, шамдагай жигиттер боз чаңгыл болгон кара тер баскан аргымактардын чылбырынан кармап, бат эле аттарды алышты. Саса баатыр колтуктап түшүргөн Ажыбек хан өргөсү тарапка жол көрсөткөн жигит башчысы жана жоон топ коноктор менен Ормонго бет алып басты. Дебечөде аюу талпактын үстүндө мандаш уруп, кымкап чепкенди желбегей жамынып, Чүй тарапты карап олтурган хан Ажыбекти көздөй ызаат менен ордунан турганда тегеретесинде олтурган Бооронбай баш болгондор жапырт туруп, Ажыбек баатыр менен амандашып көрүшүштү. Ал-жай сурашып мал-жандын, эл журттун амандыгын билишкенден кийин, Ормон ханды ээрчиген коноктор «ак малга» бата тилеп «айдан аман, жылдан эсен чыгалы, биринчи Теңир экинчи Кызыр езү колдосун» деп, даамга олтурушту. Уруу башчыларын ирээти менен кемчилиги жок тейлеп, кынтыксыз иш кылып жаткан Ормондун жигиттерине ичинен ыраазы болуп, Ормон менен катарлаш олтурган Ажыбек Олуя Калыгулдун сөзүнө кунт коюп көңүлүн бурду.

«Казактардын Кене ханы кыргыздарга карата кол жыйнап, экинчи жолу кол салганы жатат деген кабар Ормон ханга да жетип, ушул маселени силер менен жалпы олтуруп чечели деген жыйынтык менен ушул жерге чогулдук, Кене ханга каршы кимдер кандай жардам

---

[1] Б. Солтоноев Кызыл Кыргыз тарыхы Б-1993-ж. 2-т. 3 бет.
[2] эл башкаруучу, хан деген түшүнүк.

берет, ары-бери каттаганардан ар жума сайын кабар алышып туралы, кокус кол салып калса, айтылган болжошкон күндөн калбай, союшуңар менен камдуу келүүңөрдү туура таптык» деп, Ажыбек баатырга карап, алгачкы жолу кыргыздарга каршы Кене хандын жортуулун басып, өзүнүн чечкиндүүлүгүн көргөзгөн эмгегин чогулган эл билсе дагы, кайрадан Олуя өтө ызааттык менен жарыя салды. Кене хан, Ноорузбай төре, Эржан баатырлар жөнүнө кеп салып олтуруусун суранган Калыгулга ызаат кылып, Ормонго карап, сыймыгы башына келип, Ормон менен тең ата болгон Ажыбек Ноорузбай төрөнүн жаш жана эбегейсиз баатыр экендигин, Эржан баатырдын эрдигин чогулгандарга кеп салып, Кене оңой жоо эмес экендигин, анын машыктырган колу кыргыздарга бир топ кыйынчылык алып келгендигин олтургандарга баян айтып, кыргыздар бир топко топтолбосо кыйын болуп калаарын кабар кылып, бий-болуштарды ынтымакка чакырды. Кеңешмө эмне себептен кеч башталып, Кашкардан Ажыбек баатырды күткөндүгү эми ачык-айкын болду. Ажыбек баатырдын сөзүн кубатка алган кепке чечен Калча бий Калыгулду карап, журт башы Ормонго ызаат менен түндүк кыргыздардын бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу ынтымагын ырастоо менен сөзүн аяктады. Сөз аякталып бийлер, манаптар Кене хандын оңой жоо эмес экендигине дагы бир жолу ишенич кылгандан кийин, Ормон сөздү өзү алып саяк, черик, моңолдор, сарбагыш, бугу, кушчунун чоң манаптарына, кокус жоо кол салса кошо турган колдун саны, союшка алып келе турган малдын саны, курал-жарак маселелери такталып тараушты.

Бул жыйындан көп өтпөй 1847-жылдары Кене хандын экинчи жортуулу башталганда Жантай менен Ормон хандын шашылыш кабарына дүркүрөгөн колу менен келген Ажыбек баатыр Ормондун сөзүнө кулак салып, Кененсары Касым уулунун (1802-1847) чабуулуна каршы кыргыз аскерлерин жетектеп, кыргыз туусун көтөрөт. Ормон хандын жетекчилиги менен түндүк уруу башчыларынан чогулган аскер колу Чүйдү көздөй бет алышат (бугу уруусунан башкасы).

1846-жылы күзүндө Жаманкара баатырдын агасы Чыңгыш инисинин кунун кууп, канга-кан деген ураан менен жетимиш-сексендей жигиттерден кол курап барып, Шорук баатырды өлтүрүп, анын айлын чаап, жылкысын айдап кетет. Бул араң турган казак, кыргыз ортосундагы каршылыкты кескин түрдө күчөтөт да, Кенесарынын кайрадан чабуулга чыгышына түртү болот. Мына ушундай татаал жана опурталдуу шартта Чүйдө турган солто, сарбагыш урууларынын башкаруучулары шашылыш Кенесарыга үчүнчү жолу элчисин жөнөтүшөт. Анын башында сөзге чебер Тынаалы, таасирлүү Байте-

ректер турушкан. Элчилердин курамына дагы бир нече кадыр-барктуу адамдар киришкен. Кенесарыга белек катары күлүк жолборстой чаар атка жолборстун терисин жаап жетелеп алышкан. Бирок элчилерди Кененсары сыртын салып, кыртышы сүйбөй, жүзүн үйрүп, терс кабыл алат.

Какаганга муштаган болуп, кыргыз элчилери келген түнү солтонун белекбай уругунун көпкөлөң боз балдары Кененсарынын жылкысына тийип, тогуз ак чаар байталын айдап кетишет. Анысы аз келгенсип, барымтачылардын изин кууп барышкан казак жигиттерине бөлөкбайлар орой мамиле кылышат. Ансыз деле кыжыры кайнап, биринчи чабуулу оңунан чыкпай жаны күйүп, экинчи чабуулга даярданып жаткан Кененсарыга бул окуя табылгыс шылтоо болуп дароо эле машыккан жоокерлери менен союл көтөргөндөрдүн баарын алып, а тургай кыз-келиндерден бир нечесин эркекче кийгиздирип, желеси менен жылкысын айдатып, көгөнү менен малын алып, элчи башчысы Тынаалыны жол көрсөткүч болууга аргасыз кылып, бүткүл кыргыздарга карай чоң жортуулга чыгат. Кене хандын бул жортуулун жергиликтүү калк колдой берген эмес. Өзгөчө кыргыздар менен улагалаш жашашкан Улуу жүздүн көбү Кенесарынын уюштурган чабуулун колдошкон эмес болучу. Дуулат, чапырашты казактары дагы сөз кылып жаткан жортуулду колдогон эмес эле. Ал гана турсун, Кенесарынын карындашы Бопуйкан «мен жаман түш көрдүм, ишиңер оңунан чыкпайт, жортуулуңарды токтоткула» деп агасына кесе айткан болучу. Бирок Кенесары жана анын жан-жөкөрлөрү эч кимди угушпай, жортуулга чыгышат. Кыжыры кайнаган Кенесары элчилердин баарын өлтүрүп, Тынаалы менен Байтеректи гана аман калтырган.

Ал эми 1846-жылдагы кандуу чабыш Чүй өрөөнүнүн аягынан башталып, Ноорузбай менен Эржан баатырлар жетектеген жоокерлер тез эле Аулие-Ата, Мерке чептерин ээлеп, Кокон хандыгынын өкүлдөрүн баш ийдирип, Карабалта, Аксууга жетип, Жайыл элин чаап, тоноп киришкен. Алар ырайымсыздык менен жергиликтүү калктын атактуу ата-бабаларынын мүрзөлөрүн каздырып, сөөктөрүн ыргыттырганга чейин барышкан. Боюнда бар аялдарды, наристе балдарды да аяшкан эмес. Бул кандуу салгылашууларда солтонун баатыры Жаманкара уулу Чоткара, сарбагыштын атактуу баатыры Төрөгелди, чериктердин атактуу баатырлары Ажыбек, Бала Бошубек, Карачунак Атамбектер өзгөчө атакка ээ болушуп, эл көзүнө көрүнүшкөн. Бул чабышта Ноорузбай менен Эржан баштаган төрөлөрдүн (жортуулчулардын) мизи кайтарылып

Ажыбек баштаган кыргыз жоокерлери, анын ичинде сарбагыш Төрөгелди, солто эли тарабынан толук жеңилүүгө учурап, кыргыз ата журту сакталып калган.

Казак ханы Кенесарынын кайтадан кыргыз журтчулугуна согуштук даярдануусу жүрүп жатканын тыңчылар аркылуу дайын болгон кабар боюнча Ормон хан түндүк кыргыз уруу башчыларына (бугу, саяк, черик, сарбагыш) кабар бердирип, жоого даяр колу менен келүүсүн буюрган. Жумгалдык саяктардан Дуулат, Түлөкө баш болгон эки үйдөн бир жигит, кош ат жетелеп келип, Ормонго кошулат. Капталындагы бугу менен Нарын тараптагы черикмоңолдорго жиберген кабарчыны күтүп, Ормон саяктардан келген жигиттерди жана өзүнүн уруусунан топтолгон жигиттерди кармап жата берген. Жолдун алыстыгына байланыштуу Нарын, Кашкар тараптан черикмоңолдордон тогуз жүздөн ашык кол менен Ажыбек, Тартак Мамбет, Кара чунак Атамбек, Бала Бошубек, Калчабий, Айтбай, Суруке баш болгон баатырлар, Абайылда баш болгон топ мергендер Ормон ханга урмат менен келишкен.

Ажыбек баатырды эки күн бою күтүп чыдамы кетип, келгендерге санын аткый кармап олтурган Ормон Ажыбек баатыр күтүрөгөн колу, мал-жаны менен келе жатат деген кабарды Сасадан эшиткенде «эми жоого аттаналы» деп кан тактасынан өйдө болуп, кемселин түздөп, жигиттерине жоо жарагын алып келүүсүн буюруп, керней-сурнайчыларын чакырттырган. Кене хандын 1847-жылкы (кой жылында) экинчи чабуулуна да Боронбай, Балбай баштаган бугу урууларынан жардамга кол келбегендигине көзү жеткен Ормон чогулган черикмоңолдор, саяк, сарбагыш уруулары менен Кене ханга каршы Чүй бооруна аттанган. Кыргыз ханы Ормонго кекенген Кенесары жыйырма миңден ашуун кол менен кыргыз жергесин каптап кирген. Кене хандын жортуулунун курамында болгон Байзак датка, Супатай баатыр, Кудайберген, Бает, Чубуртбалы, Агыбай, Богогусчул баатырлар жана Бармен даткалар жоокерлери менен кошулуп, кыргызга аттанышкан.

Жортуулчулардын арасында Кенесарынын үч уулу, инилери Наурбай, Кудайменде, жээни Ержан жана башка жакындары болушкан. Кыргызстанды каратып алуу максатын көздөгөн Кенесары «катуудан казан, жумшактан күл калсын»» деген өзгөчө ураан алдында езүнүн чабуулун баштаган. Казак тарыхчылары бекер эле «Кенесарынын Кыргызстанга жасаган жортуулу ачыктан-ачык басып алуучулук мүнөздө болуучу» деп жазышкан эмес чыгаар.

Белгилүү окумуштуу, Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, илим жана техника боюнча мамлекеттик сыйлык-

тын лауреаты, тарых илимдеринин доктору, профессор К. Усөнбаевдин окурмандардын назарына тартуулаган, Ормон хандын өмүрүнө, анын ишмердүүлүгүнө кенен-кесир токтолгон чыгармасында Кененсарынын кыргыз элине өзгөчө мыкаачылык, басып алуучулук жоруктарын кеңири баяндайт. Алсак, Сибирь корпусунун командири 20 май 1847-жылдагы жазган рапортунда Россиянын согуш министрине мындай деп кабарлайт: «Мятежный Султан Кенесары, действуя против дикокаменных кыргызов, имел сначала большой успех и истребил более 1000 кибитков, не шадя даже детей и углубился в их пределы, но дикокаменные кыргызы, будучу ожесточены его поступками, сделали обшее восстание, собравшись под начальством бия Ормона. Разбили первый Кененсаринский отряд в количестве 5000 человек, предводимый племенником Кенесары Худайменде, которого взяли в плен и потом казнили» деп көрсөтөт.

Ал эми Султан Камбар Алинов 12 апрель 1847-жылы Жетисуу отрядынын есаул (ясаул) Нюхаловго жазган катында мындай дейт: «Кенесары в течение всей зимы бился с каракыргызами...Нападал на многие аулы каракыргызов, побил множество их людей и овладел великим числом скота».

Кенесарынын көтөрүлүшүн атайы изилдеген Н. А. Середа бул жөнүндө өзүнүн оюн мындайча билгизет: «Кенесары двинулся на обитаюших в горах Алатау дикокаменных кыргыз с целью подчинить их своей власти.

Трудности борьбы раздражили Кенесары, направил всю свою энергию на то, чтобы уничтожить самостоятельность племени дикокаменных кыргызов...Верный своему обешанию Кенесары с редкой жестокостью принялся за истребление дикокаменных кыргызов.

Покоряя аулы непокорных, он ознаменовал путь свой небывалыми примерами варварства. Кенесары приказывал разводить костры, ставил на них в котлах воду, и когда вода начинала кипеть, тогда по приказанию хана пленные с их семействами, приводились к кострам со связанными руками и на их глазах жены и дети их, будучи связаны по рукам и ногам, были брошены теленгутами (род воинов при хана) в котлы и варились там. По окончании этой пытки пленых мужчин, измученных зрелищем страдания близких их сердцу людей, ставили в шеренгу и предавала жестокой смерти[1].

---

1. Н. А. Середа «Бунт киргизского Султана Кенесары Касымова, Вестник Европы. » 1871, кн. 8. 688-689.

Ошол доордогу белгилүү журналист Н. Маевдин байкоосу боюнча «Кенесары хотел действовать террором, он не шадил даже мертвых. Близ Токмока находятся могилы кыргызских батыров Каная и Иссы-Ходжи (Ешкожо) Кенесары вырыл из могилы их трупы и приказал обезглавить. Но несмотря на все крутые, даже свирепые меры, ему не удалось подчинить своей власти вольнолюбивых кара кыргыз»[1].

Жортуулчулардын кандуу ырайымсыз чабуулу Жантай, Жангарач (1801/1802-1864), Ормон, Терөгелди, Ажыбек, Бала Бошубөктердин дагы тынчын алып ордодон келген кабар боюнча аларды чечкиндүү кадамга түрткөн. Бул жөнүндө Батыш Сибирь генерал-губерна-тору Вишневский мындай деп кабарлаган: «Дикокаменные кыргызы решились действовать против Кенесары отчаянно и погибнуть самим или его уничтожить»[2].

Ормондун жетекчилигинде калк башчылары бири-бири менен кабарлашып, жоого каршы бирдиктүү аракеттерди жүргүзүшкөн. Кыргыз ханын тегеректеген уруу башчыларынын ынтымагы алардын жоого карата бир адамдай болуп биригиши, көрөгөч-көсөмдүктөрү түндүк уруу башчыларынын жолугушуусундагы кеңешмеде курал-жарак, ок дары, аскер саны, мине турган аты, иче турган тамагына чейин эсептелиши менен кыргыз аскерлеринин башында турган Ажыбек баатырдын калкка болгон кадырлуу иштерман экендиги дагы бир ирээт толук билинген.

Олуя Калыгулдун батасын алып, түндүк сарбагыш, черик, моңолдор, азыраак саяк колу менен (бугу келбегендиктен) колун баштап, кыргыздын Туусун көтөргөн Ажыбек баатыр баш болгон кол Текеликтин сеңирине шаңдуу бет алган.

Кененсарынын колу Чудан атганып чыгып, кечке маал келип, Текеликтин сеңирине жакын жердеги Каракоңуздун чыгыш жагындагы Майтөбөгө жайланышат. Казактар көк чатырын тиктирип, күзөтчүлөрүн койдуруп, чатырдын бет маңдайына Туусун илдиртип, тегерегин иликтетип, чабуулга камына баштайт. Кене хан ар дайым эле салгылашууга катыша бербей, белгилүү жерде туруп өз жоокерлерине көзөмөл жүргүзүп, жетекчилик кылуу менен ар бир кыймылга баа берүүчү экен. Бул чабышууда дагы ошондой болот. Бул салгылашуу башталганга чейин эле Токмоктун чыгыш жагындагы

---

[1] Маев Н. Из путевых заметок. Материалы для статистики Туркестанского края. Вып. II, С-Петербург, 1873. с. 347. 1. Маев Н. Из путевых заметок. Материалы для статистики Туркестанского края. Вып. II, С-Петербург, 1873. с. 347.

[2] ЦГА Республики Узбекстан. Ф. 105/с, оп. 1, д. 8, л 61.

Ортобашы деген жерде чогулушкан Жантай, Жангарач жана башка Чүй боорундагы солто, сарбагыш манаптары Ысыккөлдүн Байсорусунда турган Ормон ханга атайы чабарманчы жиберишип кабарлашкан. Жоо жоолашып жаткан калкына Ормон хандын жаны ачып, дароо эле аракетин баштаган. Ал саяк, сарбагыш, черик, бугу, кушчу уруу башчылары менен кабарлашып алардан азык-түлүк, аскерден жардам күтүп жатышкан Чүйлүктөргө кол курап барып калууга чакырат. Бирок, алыстан черикмоңолдор, саяк урууларынан куралган кол жана курал-жабдык, азык-түлүктүн кечигип келгендигине байланыштуу, согушка түндүк кыргыздардын уруу башчылары, Ормон баш болуп кечигип барат.

Кенөнсары чабуулга өтүү алдында өзүнүн жоокерлерин үчкө бөлөт: оң канаты Эржан төрө баш болуп сарбагыштарды көздөй бет алат. Норузбай жетектеген сол канат солтону чапмак болот, Кенесары өзү түздөн-түз жетектеген колу Бурананы көздөй жөнөп, ал тараптагы айылдарды жазаламак болгон.

Ал эми Норузбай төрөнүн төлөнгүттөрү жортуулчулардын негизги күчүн түзгөндүктөн, черикмоңолдорлор баш болгон Ажыбек, Төрөгелдинин жигиттери салгылашмак болгон. Жангарач бий башында турган солтолор Эржан төрөнүн колуна каршы, Жантайдын жетекчилиги алдында тынайлар Кененсарынын жоокерлери менөн беттешмек болушкан. Салгылашуу мына ушул үч багытта болуп, бир нече күнгө созулган. Жортуулчулар жеңишкө жөтишкен учурларда кыргыз айылдарын ырайымсыздык мөнен талап-тоноп, малдарын айдап кетип, келин-кыздарын олжолошкон. Бул болсо жалпы эле кыргыз элинин, согушта катышып жаткан ар бир жоокердин намысын козгоп, чечкиндүү күрөшкө түрткөн. Негизги колдон мурда барып, Май-Төбөдөгү Текелүүнүн сеңиринде (Теке-Секирик жэ Кекиликтүүнүн сеңири) жортуулчуларга каршы салгылашып жаткан жоокөрлөргө түндүк кыргыздардын нөгизги колдору келип кошулуп, согуш жаңы мүнөзгө ээ болгон.

Кене хан менен кыргыз жоокерлеринин чабышуусуна бир нечө күн болгондон кийин черикмоңолдор колун баштаган Ажыбек, Бала Бошубек баатырлар, саяк колун баштаган Дуулат, Түлөкө баштыктар, сарбагыш колун баштаган Ормон хан өзү болуп Кене хандын жортуулчуларына карата кыргыздын Туусун көтөргөн Ажыбек баатыр баш болгон кол менен (бугудан Боронбай, Балбайды күтүп келбегенде) керней-сурнайлардын коштоосунда Чүйдү көздөй жөнөйт. Ормон хан баш болуп барган кол менен алып барган азык-түлүктөр жоокерлерге таратылып көпчүлүк жоокерлер ат которуп минип,

жеңишти камсыз кылууга аябагандай өбөлгө болот. Ормон хан менен кошо келген черикмоңолдор, саяк урууларынын чоң манаптарын (Дуулат, Түлөкө, Ажыбек, Бала Бошубек, Тартак Мамбет, Калча бий, Атамбек, Айтбай, Сурукелерди) Жантай, Жангарач, Төрөгелди, Адыл жана башка манаптар чоң урмат менен тосуп алышкан.

Ошол эле күнү өздөрү менен ала келген семиз ак боз бээни союшуп, өткөн ата-бабаларына арнап бата алышат. Ормон хан жай алып, жоо беттегөн кыргыз жоокерлеринин ал-абалын Жантай баштаган манаптардан оозмо-ооз уккандан кийин өзү баш болуп жоокерлерге Ажыбек баатырды Кенесарынын колуна карата кол башчы кылган жарлыгын жарыялап, Жангарач, Жантай, Төрөгелди баатырлардын коштоосунда жоокерлер менен көзмө көз сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, алардын чыдамкайлык мүнөздөрүнө ичтен кубат алган дагы, бүт уюштуруу, башкаруу жана кабарларды таратууну аскөр башы аркылуу колуна алат.

Сарбагыш, саяк, солтолор жоого көтөрүүчү өз тууларын, чериктер «жер эне» белгиси бар көк асаба туусун көтөрүшүп, туу астында керней-сурнай менен Нарын-Атбашы, Кочкор, Жумгалдан келген негизги кол Чүйдөгү жортуулчуларга каршы салгылашып жаткандардын жеңишке карата болгон ишенимин күчөтүп, ийгиликтерге шыктандырган. Таластан да бир нече киши жардамга келишкен. Чабышуудагы ийгилик кыргыз жоокерлөр жагына оой баштаган. Чаржайыт, бытыранды болгон курч мүнөздөгү салгылашуу, түндүк кыргыздардын кол башчылары болгон Ормон, Ажыбектер келгенден кийин ирээтке келип, уруу башчылары Ормонду кунт коюп угуп, анын айтканын аткарууга алышкан. Өзгөчө Май-Төбөнүн жанындагы Кекликтин сиңериндеги салгылашуулар өтө курч мүнөзгө ээ болушкан[1].

Ноорузбай баштаган казак колу чабуулга өтүп, тынайлардан кайра майтарылып, экинчи жолу катуу салгылашуудан кийин Куттуксейит уулу Шаменди баш кылып кырк-элүүдөй тынайларды туткунга алат. Шамендин кайнатасы Адыл жана Төрөгелди баатырдын үч жүздөй жигиттери тайманбастан чабышып жатып жоону чегинтүүгө аргасыз кылышып, туткундагылардын кырк сегиздейин куткарып алышкан. Эржан төрөнүн колуна каршы солтолор өзгөчө баатырдыкты, катуу каршылыктарды көрсөткөн. Жоо сайышта жети кашка уругунан Алдаш жекеге чыгып, Эржан төрөнү ыргыта саят. Норузбай төрө баш болгон бир топ казак жигиттери чаап келип, жээни Эржанга жардамдашып куткарып алууга ара-

[1] Р. Жолдошев Ормон хан баяны. Аалам кулжа айы(июль) № 10-11, 1992-Ж.

кети ордунан чыкпай кыргыздарга кайрылып: «Эржан төрө деген осу, кыргыздар жаксылап багыңдар»-деп чапкан бойдон кетип калат. Жаманкара баатырдын иниси Самак канга-кан деп Эржанды жара тартып: «Жаманкарынын күйүтү эми кетти» дептир. Буга чейин эле Эржан менен Норузбайдын колуна жардамдашып, аларды куткарууга Аккойлуу, Бейет, Агыбай, Чымырбайзактар үч миңден ашык жоокерлери менен чабуул салышкан. Булардын колу жергиликтүү калктар менен салгылашып жатканда буктурмада жашырынып жаткан үч жүз солтолордун жигиттери капыстан чыгып, жортуулчуларды качырып кууп жөнөшкөн. Чабуул улана берип, жеңиш улам утур бир жагына ооп турган.

Убагында Ажыбек баатырга Ормон өз опузамды көрсөтөм деп жасалгалуу ээр токуму менен тартуу кылган Карагер тулпарын минген Ажыбек кеңешчилери Тартак Мамбет, Калча бий, жигиттери Бала Бошубек, Кара Чунак Атамбек, Айтбай, Сурукелер баштаган жоокерлерин алдына салып, өзүнүн «Жер-Эне» белгиси бар көк асабасын Бала Бошубек баатырга көтөртүп, кең Чүй бооруна аттанат. Ормон хан болгондон кийин эсирип, «Атбашыны жердеген черик уруусу жети атасын таап, урааны менен мага түшсүн, эгер ураанын таба албаса, анда жети дубан элге малы менен жанын бөлүп берем» деп кабар кылат. Бул маалда Ажыбек Нарындан Какшаалга чейин сурак кылып турган мезгили болот. Ажыбек 40 жигити менен жыйын курулган жерге келип чериктердин ураанын тапкан соң, Ормон өзү конок кылып, мурда байкаган анын кызыр колдочусун сыйлап, Ажыбекке өзү минип жүргөн Карагер тулпарын токулгасы менен берип, тиги дүйнөлүк дос болот. Тартуу кылган жасалгасы менен Карагер тулпарды минип, Каракужурдагы Ормондун жылкысына кырк жигити менен тийип, Нарындын башындагы ссуга жылкыларын шыкап жатканда, Адыл баатыр намыстанып кыргызга белгилүү Аксур деген күлүгүн минип, Ажыбекти сынамакка, жигиттерин ээрчитип жылкыларын ажыратып алганга артынан жете келет. Ошол жерден Ажыбек менен Адыл баатыр экөө сайышып Ажыбекке алы жетпегенине көзү жетип Аксурдун күлүктүгүнө салып качып кутулат. Ошол Адыл баатыр Кенесарынын чабышында Ноорузбай төрө менен жеке сайышка чыгып, бирин бири ала албай коёт. Норузбай төрө ошондо 25 жаштагы, күчүнө келип эр сайышта эч кимге алдырбаган, казак жигиттерине кылыч чаап, найза сайганды үйрөтчү экен. Өзү шамдагайлыгы, ыкчамдыгы жана көзгө сайса кайра тартпаган эрдиги менен баатырлардын арасынан айырмаланган. Башка баатырлардан анын дагы бир айырмасы сайышка түшкөндө найзаны

бир колу менен кармап гана сая берүүчү экен. Өмүр бою эки колдоп найза сайбаптыр. Ноорузбай төрө баатыр катары жалаң гана Казак, Кыргыз эмес бүт Орто Азияга аттын кашкасындай белгилүү болгон. Бугу, сарбагыш чабышына жигердүү катышкан Адыл баатыр Төрөгөлди тарабынан «Күлүстөн» да аталып, бул ырайымсыз көпкө созулган кандуу чабышта Адыл сарбагыш жоокерлерине эр жүрөктүүлүктү көрсөтүп, Ормон хандын айтып кеткен керээзин аткарууга жан аябай далалат кылган. Кезегиндеги той-тамашада Адыл Балбай баатыр менен жеке сайышка түшүп, бирин-бири ала-албай, алты дубан элге өнөр көрсөтүшкөн экен[1].

Ажыбек, Бала Бошубек баатырлар баш болгон чериктердин колу жортуулчулардын негизги колу болгон Норузбай төрөнүн (баатырдын) колуна каршы салгылашып, аларга орчундуу кысым көрсөтүп жортуулчулардын шаштысын кетирип, бир нече жолу казак жортуулчулардын курчоосунда калып, жалгыз өзү колго түшпөй салгылашып жаткан Төрегелди баатырды көргөн Ажыбек Ноорузбай төрө менен жан аябай сайышып, кырк жети жаштагы Ажыбектен найза жеп жараланган Норузбай төрө Төрөгелдини таштай өзүнүн көп колуна кире качып кутулат. Төрегелди баатырды аман алып калышып, Ажыбек, Бала Бошубек баатырлар баш болгон черикмоңолдордун колу Ноорузбайдын көп колун кайра кайтарганга, чегингенге орчундуу дуушар кылышкан[2].

Өзгече Май-Төбөдөгү, Кекликтин сеңириндеги моңолдорчөрик элинин жортуулчуларга каршы согушкан эрдиктери эл тарабынан эркин заманда ачыкка чыгарылып, аларды калыс санжырачылардын айтуусунда дагы толукталып, профессор К. Үсөнбаевдин «Ормон хан» деген эмгегинде орчундуу баа берилген. Тартак Мамбет, Атамбек, Айтбай, Суруке баатырлар баш болгон черик-моңолдорлор казак жортуулчулары менен жан аябай салгылашып жатып, колго түшүп калган кыргыз баатырларынын бири Шерботону дагы куткарып алышкан[3].

Кене ханга карата болгон салгылашуулар кээде эр сайыш менен башталып, анан жалпы эле чабышууга да өтүп турган. Барган сайын намысына келген жергиликтүү жоокерлердин саны көбөйүп, жортуулчулар болсо жаңы кол келип кошулат деп күтүшкөн. Бирок, ал үмүттөрү ордунан чыкпай, казак эли Кене ханды толугу менен

---

[1] А. Салымбеков, К. Бокоев Бабабыз Кошой жердеген Атбашы XXI кылымдын босогосунда Б-2001-165-166-б.

[2] Ж. Байдилдеев Тайлак баатыр баяны Бишкек-2001-ж. 40 бет.

[3] Усенбаев К. Ормон хан Бишкек-1999-ж. 70-бет.

колдогон эмес. Анын үстүнө жортуулчулар ичип жаткан сууну Ормон хандын түздөн-түз көрсөтмөсү менен башка жакка буруп жибериши, жортуулчулардын авалын ого бетерден начарлаткан. Каракоңуздун суусун солто, сарбагыш, саяктар тосуп алып, жортуулчуларды дээрлик суусуз калтырат. Ошентип жоонун шайы оой баштайт. Эми казак жортуулчуларын жергиликтүү калк туш-туштан курчап алат. Алардын күн чыгыш жагын эсенгулдар, саяктар, талкандар тосушат, Чүй суусу тарабын бөлөкбайлар, тынайлар, черикмоңолдорлор торошот. Бирок, Кенесарынын көп жылдар бою салгылашууга машыгып, такшалган эр көкүрөк жоокерлери алда канча кубаттуу эле. Алар оңой менен алдыра коё турган эмес болучу[1].

Кенесарынын кыргыздар менен болгон кагылышуусуна арналган макалада мындайча чагылдырылган: «Ормон имеет громаднешее влияние на каракыргыз, потому вступать в борьбу с таким популярным человеком было весьма рискованно. Между тем, Ормон обьявил всем своих приближенным кара кыргызам, что он постарается во что бы то ни стало переломить войска Кенесары Касымова и отдать его в полное распоряжение каракыргыз»[2].

Кыргыз мергенчилеринин ичинен эң машыккан өтө чеберлеринин бири Абайылда мергендин сунушу менен жээни Чаргын баш болгон бүткүл мергенчилер Кене хандын чабуулуна карата жапырт ок чыгарууну уюштурушкан. Муну менен Кене хандын аскерлеринин үшүн алышып, муну күтпөгөн казактардын калың колу дүрбөлөңгө түшкөн[3].

Эртеден кечке чейин тынымсыз салгылашкан эки кол кээде айлананы жөө туман басып, жер бети көрүнбөй калганда беттешүүлөрдү токтотуп өргүү алышкан. Ушундай керек учурда убакытты Ажыбек текке кетирбей өзүнө «совет» чакырып, өзү ойлогон ойлорун кол башчыларынын алдына салып, кеңешчилердин кебин уккан. Ал эми мындай советке Ормон дайыма башчылык кылышы менен анын айла амалдары толук колдоого алынган. Аскер башы Ажыбектин жана Төрөгелди, Адыл, Бала Бошубек, Жантай, Жангарач, Калча бийлердин акыл кеңешин угуп ал кеңештерди согуш талаасына жана эл (аскерлер) ичине колдоно билген.

Ажыбекке жанындай ишенген Ормон хандын билгичтиги менен бир нече кыргыз жигиттерин (казакча билген тың жигиттерди) жор-

---

[1] Аталган чыгарма

[2] Усенбаев К. Ормон хан Бишкек-1999-ж. 70-71-бет.

[3] А. Салымбеков, К. Бокоев Бабабыз Кошой жердеген Атбашы XXI кылымдын босогосунда Б-2001-ж, 561-бет.

туулчуларга жашыруун тыңчы кылып жиберип, алар эл арасына: «орустар менен кокондуктар кыргыздарга жардамга келе жатышыптыр», «тоо бетиндеги күйгөн сансыз от Ормон хандын аскерлери», керээли кечке чаңдап тоо ашып келе жаткандар булар Теңиртоолук аркалык кыргыздар; ал эми топ болуп ок аткан миңден ашык кезгө атаар мергендери ордонун мергендери» дешип, элге кеп таратышкан, бул кабарларды уккан карапайым жортуулчулардын арасында бири-бири менен келишпөөчүлүк, ишенбөөчүлүк күч алып, ич ара чоң дүрбөлөңгө түшүшкөн. Айрыкча таң аткандагы таза абага керней-сурнайчы Орозбак папылдатып тоону жаңыртып керней тартканда мындай үч уктаса түшүнө кирбеген Кенесары таң калып, жанындагы Чымырбайзак менен Супатай төрөдөн «мынау сыйырча мөөрөгөн не» дегенде «алдаяр таксыр, кыргыздын чабагы менен чарпышып жатуучу элең, жаяны эми келди»» деп баса айткан[1].

Аскер арасындагы дүрбөлөң, ушак-айың ар бир сөз Кене ханга чыпчыргасы коробой жетип тургандыктан аларды кулагы менен уккан кол башчы сестенип, чочулай баштаган. Анын тегерегиндеги султандар андан бетер чочулашып, тымызын ич ара эртеңи эмне болооруна ишенишпей, жетектеп келген кол башчыга ишеними жоголо баштаган. Кене хан төрөлөрү менен кеңеш куруп кыргыз ханы Ормонго үч кишиден турган элчи жиберген, келген элчилер кыргыз ханынан жооп албастан кайра кетишкен. Ормон хандын тыңчылары казактын Супатай менен Султан төрөлөрүнө жолугуп, Ормон хандын дубай саламын айтышып убадалашкандан кийин кыргыз жоокерлериндей алар дагы (казактар) ак көйнөк кийишип, кандуу кагылышууда көпчүлүгү аман кутулуп кетишкен. Ормондун көрсөтмөсү боюнча кол башчы Ажыбекке буйрук берилип, жалпы кыргыз жоокерлери дагы «ак көйнөк» кийишип салгылашууга киришкен. Ормондун айтуусу боюнча кол башчысы Ажыбектин жетекчилиги менен кыргыз жоокерлери эртеңки чабышууга даярданып, Ормон өткөргөн аскердик кеңешмеден кийин алар төмөндөгүдөй жайгашкан: Текесекирикте талкандар, Мыкандын Карасуусун бойлото бөлөкбайлар, тынайлар, черикмоңолдорлор, анын күн батыш жагын сарбагыш, саяктар ээлеген[2].

Ормон хандын өзүнөн күчтүү даярдыгы бар казак жортуулчуларын жеңишинин бирден-бир орчундуу себеби болуп, Ормон өзү аскер башчылары, кеңешчилери баш болуп, куралданган жоокер-

---

[1] Б. Солтоноев Кызыл Кыргыз тарыхы Бишкек-1993-ж. »-т, 8-б.
[2] К. Үсөнбаев Ормон хан, Б-1999-ж.

лерди өз көзү менен кыдырып көрүп, азык түлүктөрүнүн камылгасы ар бир жоокерге жеткирилишине талап коюп, жоокердин куралдарын көзү менен көрүп, алардын согуш талаасында учураткан сунуштарын, кеңештерин угуп, ат котортуп (алмаштырып) чабышууда бири-бирине көз салуусун тапшырып, жыйылган аскерлердин көзүнчө уруу башчыларынан кол башчы болуп дайындалган Ажыбек баатырдын буйругун угууга алган убадасы кыргыз жоокерлеринин биримдигин күчөтүп, бири-бирине бирдей дем менен жоого аттануусу эң чоң себеп болгон.

Кыргыз аскерлеринин башчысы Ажыбек, кол башчылар Төрөгелди, Бала Бошубек, Адыл, кеңешчилери Жангарач, Жантай, Калча бийлер кыргыз ханынын сөзүн эки кылбай, сырткы жортуулчуларга каршы бир адамдай турушу ийгиликке жетишүүнүн дагы бир өбөлгөсү эле. Ормон хан аскер башчылары жана кеңешчилери менен жашыруун совет өткөрүп, жоого карата жарак-жабдыктарды дайындагыла, таң азандан жоого аттанууга жоокерлер даяр болсун, Орозбак кернейин тартканда жоого чыгабыз, каптап келе жаткан жоого Абайылда, Чаргын баш болгон мергенчилердин тобу жапырт ок аткандан кийин чабуулга бирдей чыгабыз, кошумча күчтөрдү, буктурмаларды мерчемдүү жерден өзүм кошуп турам, азыр эс алгыла, аттарды суутуп, таң азанга даяр болгула деп чоң манаптарды кошундарына жиберет. Ажыбек баатыр, Төрөгелди, Адыл, Бала Бошубек менен бардык кошундарды дагы кайталап кыдырып, калың колго каршы аттана турган мергендердин топторуна ар бир ок саналуу экендигин эскертип, Чаргын менен Абайылдага ок-дарылардын санын алдырып, даярдоонун камын жеген. Жергиликтүү элдин чамасына жараша даярдалуучу окторду эске алышып ар бир кыймылды Ажыбектен билип, Саса аркылуу байланышып турушкан. Бул жерде Ормондун эң ишенимдүү адамдарынын эң жакыны болгон Ормон айткан кептен ашык кеп айтпаган Сасага окшогон кыргыз жигиттеринин жортуулчуларды жеңүүдө дагы өз салымдары бар экендигин эскере кетишибиз абзел. Сасаны өтө улгайып калган кезде (болжолу жетимиштен ашкан убакта көргөн) көрүп, анын өз оозунан Ажыбек баатыр тууралуу, анын жигиттери Бала Бошубектин, Кара чунак Атамбектин, Тартак Мамбеттердин Кене ханга карата көрсеткен эрдиктерин угуп, Саса баатырды атайын кең Аксайга ат коштуруп урмат менен алдырып келген «Чагарак-Куйрук-Чарт-Аяздан» келини Ороз болуш кызы Калыйча оозмо-ооз угуп, бул санжыра баяны бизге чейин жетип, алгачкы жолу 2003-жылы Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн жылын

өткөрүү салтанатына жана Ажыбек баатырдын 200 жылдык маарекесине карата белек катары сунушталып олтурат.

Эртеси таң азандан керней-сурнай үндөрү таза абаны жаңыртып, жортуулчулардын үшүн алып, мындай шаң менен кыргыз жоокерлери катар туруп, Ормондун буйругу менен жортуулчулардын колуна жараша жайланышкан талкан, бөлөкбай, тынай, черикмоңолдор, сарбагыш, саяк уруулары чоң (катуу) салгылашууга кирген. Каптаган казак жортуулчуларына каршы Чаргын, Абайылда баш болгон мергендердин топтошкон жерден бирдей (залп менен) ок менен тосуп алышы эр жүрөк казак колун майтарылууга, ыкыс берип дагы кандай болот деген олку-солку салгылашууларга алып келген. Ормон хандын анык аскер башчысы болгон Ажыбек, кол башчылары Төрөгелди, Адыл, Бала Бошубек, Жантай, Жангарач, черик Калча бийлердин кеп-кеңеши менен такталган салгылашууда казак жортуулчулары канчалык баатырларча салгылашса дагы, канмайданда шайы ооп, аз-аздан кыргыз жоокерлерине алдыра баштаган.

Ажыбектен найза жеген Ноорузбай баатыр (төрө) бул салгылашууда анча көрүнүктүү кол баштабагандыктан, аларды кыргыз жоокерлери толук курчап алышып, сырт менен таптакыр байланыштарын үзүп салышкан[1]. Жортуулчулардын суусуз калганы аз келгенсип, тамак аш, азык-түлүгү дагы түгөнөт.

Мына ушундай татаал жана оор шартта курчоодо калган Кенесары хан султандарын баш кылып таасирлүү жоокерлерин кеңешке (советке) чакырат. Бул кеңештин максаты жөнүндө профессор Е. Б. Бекжанов мындай деп жазган: «Понимая безвыходность положения, Кенесары создал военный совет, чтобы решить как выйти из положения»[2].

Кеңештин катышуучулары эки түрлүү ой айтышат: алардын бир тобу бүт күчүбүздү жыйнап курчоону жарып чыгып кетели дешсе; экинчилери жардамга жаңы күч келип калаар, чыдай туралы дешкен. Бирок Кене ханга кошумча кол келген эмес. Казак жоокерлеринин ахвалы барган сайын начарлап, ал эми курчоо болсо күн сайын күч алуунун үстүндө болгондуктан, казак жоокерлеринин арасында туруксуздуктар пайда болуп, салгылашуу майданынан жашыруун кача баштакан.

Биринчилерден болуп Кене хандын кекетүүсүн жеген, күч менен келип кошулган Супатай бий өзүнүн бүт колу менен кетип калат.

---

[1] Ороз болуш кызы Калыйча

[2] К. Үсөнбаев Ормон хан, Б-1999-ж.

Удаа эле Султан Рустам да өз жоокерлери менен кошунду таштап качууну уюштурат. Супатай, Султандардан кийин да башкалар салгылашуудан баш тартат.

Кене ханга чын ыкласы менен берилген Ноорузбай төрө баш болгон жоокерлери, жакындары тегеректеп, аны кыргыздардан аман-эсен алып кетүүнүн амалын ойлошот, бирок бул аракет ишке ашпайт. Курчоодогу казак колу менен кыргыз колунун ортосунда катуу кандуу салгылашуулар болуп, каш карайып түн кирип эл орунга олтурганда казак тарапка көзөмөлгө койгон жоокерлерден «казак качты», «жоо качты» деген кабар таралып качкындардын артынан куугун түшөт. Караңгыда чаң-тополоң, кыйкырык-сүрөөн болуп, салгылашуу курчуйт. Төрөгелди «Черикчи»; «Ормон»; Ажыбек «Жаманак»; сарбагыштар «Жантай», Бала Бошубөк «Ажыбөк», калгандары: «Бөлөкбай», «Атаке» деген жана башка ураандар жаңырып, качкан ошончо жоону кубалаган кыргыз колу атчандардын дүбүртү, атылган октон ой-тоодогу кыйкырыктан, жарадар болгондордун онтоосунан жөр-суу дүңгүрөп кеткен[1].

Аркасынан куугун түшкөн казак жортуулчулардын бир канчалары аман калуу максатында жандалбастап, кыргыз жоокерлөри сыяктуу «ак көйнек» кийип алгандарынын көпчүлүгү кээ бир маалыматтарга караганда аман да калышкан. Качкан жортуулчулар качып бара жатса дагы, орчундуу кайраттуулукту көрсөтүшүп, кыргыз жоокерлерине каршылыктарын токтотушпай уланта беришкен.

Мыкандын Карасуусун бойлото жайгашкан бөлөкбай, тынай, черикмоңолдор баштаган Ажыбек баатыр башында туруп салгылашкан кыргыз жоокерлери казактын Кене ханынын туусун колго түшүрүү үчүн жан аябай салгылашкан. Кене ханды коштогон Норузбай жана ал тарапта салгылашкан жоокерлер бар күчүн жумшап Кенесарыны куткарууга болуп көрбөгөндөй эрдиктөрди керсөткөн. Окуяга өзүнүн көз карашын таңуулаган.

К. Алыбеков «Сотни Кененсары Касымовцев, засасываемые предательской рекой, потонули под ударами наседаюших каракыргыз, но погибая, они выручали своего любимца-Султана Кенесары Касымова. Жертвуя собой, они спасали Султана, перебрасывая его с одной тонушей лошади на другую»[2]

Чабышуудан качкан казак жортуулчулардын көпчүлүгү кыргыздарга көрсөткөн орунсуз адамда жок жоруктары үчүн Мыкандын

---

[1] Б. Солтоноев Кызыл-Кыргыз тарыхы
[2] К. Үсөнбаев Ормон хан Б-1999-ж.

Карасуусундагы сазга көпчүлүк кол кире качып, өзүлөрү сорулуп өлүшкөн. Мыкандын сазынын Карасуусун бойлото казактар менен чабышып жатышкан бөлөкбай, тынай, черикмоңолдор саздан аман чыккан бир аз жортуулчуларды жана султандарды колго түшүрүшкөн. Султандардын арасында Норузбай, Кене хан өзү бар болгон. Тынай уругунан Дайырбек, Калча деген жигиттер Норузбайдын аркасынан түшүп туткундашкан. Карымшактын тынайлары шашке ченде Текелүүнүн сеңиринин батыш түндүгүнөн Кененсарыны колго түшүрүшкөн.

Кене хандын тапшырмасы менен экиге бөлүнүп, анын туусун журтчулугуна колго түшүрбей аман-эсен жеткирүү үчүн толук куралданган тандалма жоокерлеринин артынан сая түшкөн Атамбек, Бала Бошубек баатырлар баш болгон черикмоңолдорлор катуу салгылашып жатып, Тууну колго түшүрүп, Ажыбек баатырга кабар кылышкан. Көп узабай Норузбай, Кене хандын дагы колго түшкөндүгү Ажыбекке маалым болуп, бул кабарды Ажыбек Хан Ормонго жеткирүү чараларын көргөн. Кене хандын туусун колго түшүргөндөн кийин Ажыбектин жигиттери Ормонго жеткиришет.

Казак жортуулчуларынан түшкөн олжолордон оолак болгон Ормон менен Ажыбек кандуу согуштун аягында кыргыз колун (аскерлерин) тактап өлгөн-житкендердин «ээсине берүү» асөмдерин жасатып Ормон хандын айтуусу менен жоодон түшкөн олжолор бөлүнүп, бүткөндөн кийин хан өзүнүн кеңешмесин чакырып, Кенесарынын туусун жеткирүүнү кимге тапшыруу жөнүндө кеп болот.

Жангарач, Жантай, Төрөгелди, Ажыбек, Адыл, Калча бий, Бала Бошубек, Дуулат ж. б. чоң манаптардын катышуусунда бул маселе каралып, казак элине туу жеткирүү сыймыгы чоң манаптардын бирдиктүү чечими менен Ажыбек баатырга тапшырылат. Кеңешмеде сөз алган калың кабактуу, көзүнөн кайраты жанган, алп мүчөлүү Төрөгелди: «Кадырлуу бийлер, эл урматтаган ханыбыз, Кенесарынын кандуу кармашы, эки бир тууган элге көп жоготууларды, көз-жашты алып келген окуяларды баарыбыз бирге көрүп, бирге күбө болдук. Кенесары, Ноорузбай, Эржандын мындан мурдагы кандуу чабышында Ажыбек, Жантай бий үчөөбүз баш болгон кыргыздарга бир топ кыйынчылыктарды, өлүм-житимдерди алып келгендигин кудай алдында ачык айтал ы. Кенесары муну менен токтоп калбай, кайрадан түмөн кол курап, Алатоону басып алууга умтулган ою ордунан чыкпады. Ажыкемдин, урматту бий Жантай экөөбүздүн биринчи кабары-

бызга, Ханыбыз Ормон кайда жүрбөсүн бирге жүрүшү мени көп санаалардан алыс кылат. Кандай кабар бербейли Ажыбек иним баштаган 40 жигити, шатыра-шатман келген колу мына бул салгылашууда дагы өздөрүнүн баатырдык мүнөздөрүн көрсөттү. Мына кечөө эле Кокон колун кайтарганда Ханыбыз менен Туу түбүндө бирге туруп, Аксайдын кең талаасында экөбүз биргелешип аларга каршы Ажыбек иним башында болуп, кан төккөн катуу салгылашууларда бирге болдук. Мен дагы Сиздер чечкен чечимге кошулам, Кенесарынын Туусун Ажыбек баатыр баш болуп, Бала Бошубек, Адыл баатырлар коштоп, казак туугандарга алып барып келишсин» – деди.

Кадырлуу Жантай бий Ормондон ызаат менен сөз алып, Ажыбек, Адыл баатырлардын элди уюштуруп жортуулчуларга карата жасаган ат көтөргүс эмгектерин, Шерботону куткарып алууда, тууну колго түшүрүүдөгү Бала Бошубектин, Атамбектин жетектеген колунун эрдиктерин, эр сайыштагы Түлөкабыл, Кодокалча, Алдаш баатырлардын эрдигин даңазалап, Туу жеткирүүнү Ажыбекке ыйгаруу туура чечилди деди. Хан жыйында олтургандар Ажыбек баатырга алкоо кебин айтышып, бир ооздон макулдук беришет.

Макулдашуудан көп өтпөй, Иле боюндагы казак элине Ажыбек баатыр баш болгон кыргыз жигиттери Кене хандын туусун жеткирип, казак менен кыргыздын ортосуна тынчтык өкүм сүрөт. Кене менен болгон кандуу кагылышуудан кийин орус бийликтерине Ормон хан аркылуу кат жөнөтүлүп, кептөрү орус төбөлдөрүнүн сыйлыгын алышкан. Б. Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхы» эмгегинде Качыбекке кылыч, Алгазынын туушкандары Ажыбайга (Ажыбек болсо керек) алтын медаль бериңиз дешкенде берилбеген деп көрсөтөт[1].


Жетимиштен ашып калган, сексендерге чукулдап барган, акылэси менен жүргөн кадырлуу Ормондун тушундагы жигит башчыларынын бири Саса баатырдан «Чагарак-Куйрук-Чарт-Аяз» угуп, андан Калыйча эсине тутуп, бул эмгекке кошулуп, санжыралар катылуу сыр дүйнө экендигинде талаш жок. Чындыкка келсек, Ормон хан хан болуп шайлангандан баштап бугу-сарбагыш чабышын өз көзү менен көрүп Жантайдын уулу Шабдандын заманына чейин жашап жеткен Саса баатыр тууралуу чыгармаларды жаратуу келечектин иши экендигине айныгыс ишенич бар[2].

---

[1] Б. Солтоноев Кызыл кыргыз тарыхы-2-т, 42 б.

[2] К. Үсөнбаев Ормон хан, Б-1999-ж.

**Кашкар, Кокон хандыктарынын жана Кенесары Касым уулунун кыргыздарга карата жасаган жортуулдарында Ажыбек баатыр башында турган жоокерлердин жоону жеңген жерлеринин аттары:**



## КАЛЧА БИЙДИН КҮЛҮГҮ ЖАНА АЖЫБЕКТИН АШЫ

Кыргыздар Кене хандын кандуу чабуулун жеңип, уруу башчылар өздөрү жетектеген эли менен азын оолак болсо дагы тынч жашап калат. Ысыккөлдүн тегеретесин бирге жайлаган бугу, сарбагыш урууларынын ынтымагы күн өткөн сайын салкындап, Ормон хан баш болгон кыргыз жоокерлеринин жеңишин куттуктап келген Боронбай баштаган бугунун чоң манаптарын анчалык даражада тоспогону, уруу арасындагы байланыштарды оң жолго алып барган эмес.

Ажыбек баатыр өз элине келип, соода иштерин күчеттүрүп, элин дыйканчылыкка үндөп, Нарындан Кашкарга чейин сурак кылып, Арпанын түзөңүнөн Аксайдын Үзөңгүкуушуна чейин конгон элин Какшаалда туруп башкарып, өзү Какшаалды мекендеп, кышы-жайы ошол жерде жашап сурак кылып, чепти бекемдеп, кеңешчиси Калча бийди баш кылып, инилери Бала Бошубек, Айтбай, Сурукелерди Нарын, Атбашы өрөөндөрүнө бийлик кылууну тапшырып Кашкар багытына чейин ээн-эркин конуп-көчүп жүрөт. Бул багытта жашаган моңолдорчерик элинин мүдөөсү болсо Ажыбектин кеңешчиси Калча бийге келип жазгы, жайкы, күзгү, кышкы жашоо суроо-талаптарын орду менен чечип турушкан. Ажыбек, Кашкардагы билимдүү кожо-молдолорду, усталарды, набайчыларды Атбашыга алдыртып, карапайым калкты чоң соода-сатык иштерге үйрөттүрөт. Ошондон баштап Кашкардан келген эл көбөйүп, 1833-жж. Атбашыдагы түзөңгө отурукташып, тоодогу кыргыздар аларды отунсуу менен камсыз кылып, алардан даамдуу бышкан нан алып турушкан.


Кийин түзөңдөгү сарттар менен тоолук кыргыздар катышып турган кечүү «Сарткечүү» деп эл тарабынан аталып келгендиги дагы чындык. Кыргыз эли түз айткан чечкиндүү эл экендигин мына ушул макалдан да ажыратып билсек болот. Бекеринен элдин эмгегин билип, аларды ызаттоо менен, элде «Өздөн көрө, жат жакшы, өзбектен сарт жакшы»-деп айтпаса керек. Ажыбек баатыр өлгөндөн жыйырма жети жылдан кийин (1883) жарманке базар Сарткечүүгө ачылып, Семиречие стат комитетинин маалыматына түшүп, Улуу Жибек Жолунун боюнда түптөлүп, Кашкар-Токмок тараптан келүүчү кербендердин конушу болгон. Атактуу акын, ырды жамгырдай төккөн Казыбек:

Айланайын Атбашы
Адамдын багын ачаарым.

Самаганын алуучу
Сарт кечүү турат базарың
Кашында турат Чеч-Дөбө
Касиеттүү мазарың

-деп эл-жерди даңктаган ырга жөн эле кошпосо керек[1].

Атбашы тууралуу В. Мокрынин менен В. Плоскихтин «История Кыргызстана. Бишкек: «Кыргыстан»-1995 эмгегинде Бабабыз Кошой салдырган хан ордонун нугу байыркы Атбашы шаары болгон деп айтылуу менен VII кылымдарда эле батыш түрк каганатына белгилүү болгон, X-XII-кылымдарда, Караханиддер каганаты заманында шаар болгондугу жазат[2].



XII кылымдагы Атбашы шаары

[1] Нуралы Айсаракун уулу Казыбек Мамбетимин уулу, Казалдар-Учкун-1991-ж.

[2] В. Мокрынин менен В. Плоских История Кыргызстана Бишкек: «Кыргызстан»-1995-г, 65, 96-стр.

Кененсарынын чабышуусунан кийинки тыныгуудан көп өтпөй эле бугу-сарбагыш чабышы башталып, чабышуунун башында бугудан Боронбай, ал эми сарбагыштан Ормон уулу Үмөталы баш болот. Көпчүлүк уруу башчылары Ормондун өлүмүн эки бир тууган эл өздөрү чечип алаар, биз эки жакка тең киришпейбиз деген кабарды айтышат. Үмөтаалыдан келген элчи Ажыбектин жоктугунан эки түнөп, үчүнчү күнү эртең менен элчилерди Калча бий кабыл алып, Какшаалдагы черик бийликтери баатырдын жоктугуна байланыштуу Үметалыга акыркы чечимин айтуу боюнча кошумча киши жиберилээрин билдирип, кабарчыны кайра жөнөтүшөт.

Ормон хандын өлүмү Ажыбек баатыр үчүн күтүүсүз болуп, анын көрсөтмөсү менен көлдө болгон Калыгул менен Калча бийдин ортосундагы өтө ачык-айкын, сабырдуу беттешүүсү өткөрүлүп, эки тараптын кабыл алган чечими менен Ормонго тиги дүйнөлүк дос аталган «Ажыдаар Ажыбек» оорусуна байланыштуу сарбагыштарга кошулуп Ормондун кунун куугандан токтотулуп калат. Муну менен уруу-уруу арасындагы Ормондун кунун кууш боюнча сарбагыштарга кошулбоо маселеси такыр чечилип, эки бир тууган эл беш-алты жылдан ашык кандуу чабышууларга барып, бей ажал эл кыргынга учураган. Мындай кыргын айтылуу чечен Тилекматтын амалы жана орустардын келиши менен эки эл элдешип, бири-бирине көрсөткөн зордук-зомбулуктары акырындап токтойт.

1857-ж. күзүндө Ажыбек баатырдын ашы Аксайдагы тармал сазда өткөрүлөт. Ашты Турдуке баатыр башкарат. Ашта салт боюнча балбан күрөш, эр эңиш, кыз куумай, жорго салдырыш, ат чабыш, эр сайыш жана башка калк кастарлаган кыргыз салттары көрсөтүлөт. Ошол ашта «үч мазарлуу» айтылуу Атбашы жергесинен чыккан, ошол мезгилдин шартына жараша акылман аталган Калча бий даражалуу өмүр сүрүп, ишмердүүлүгүнө жараша калк кадырманы болот. Бир жылдары үйүнө келген сынчыны жаткыра коноктоп, өзүнүн алты баласын сынатмакка сөз баштап, жообун күтүп калган кезде сынчы «Баатыр балдар жаш экен, убагы келгенде сынайын» деген тура. Калча бий сынчынын түпкү маанилүү кебине толук түшүнбөгөнүнө ичтен өкүнүп, балдарын сынап берүүсүн экинчи ирээт өтүнөт. Баатырдын каарынан корккон сынчы катар олтурган беш баласын бир сыйра карап, бийди карап, «мунуңуздан-мунуңуз, тигинеңизден-тигиниңиз жаман…, баарынан мага көрсөтпөй ашканага катып койгонуңуз жаман» деген экен (аш-

канага баласы Кыдыршаны «кыйын чыгат, сынчынын көзү тийет» деп көрсөттүрбөй катып коёт).

Бий «Сынчым, анда менде тукум жок турбайбы?»-…деген экен. Сынчы «Жок! Сизде тукум бар…!? «Чагарак-Куйрук-Чарт-Аяз»-деген тетиги бешиктеги балаңыз болмок эле, кап, «көр бала» болуп калбадыбы» деген экен. Сынчы айткандай, бий дүйнөдөн көчүп, бала жаш бойдон калып, жерден боорун алып торолгуча турмуштун ачуу-таттуусун көргөн экен. Учуру келгенде Кашкардагы Казыкан бийдин кызын алып, кулачы жайылып, көсемдүк менен элин баккан. Жусуптун атынан «Жусуптун жайыты», «Жусуптун тосоту» деген тарыхта, эл-жерде аты калган.

Ашка оңдон Кашкардагы кыргыздар, солдон түндүк кыргыздар, казак эли чакырылып, аш өтө жогорку деңгээлде өткөрүлгөн. Турдуке баатырдын чечими боюнча ашта чабылуучу күлүктөрдү «саздан сазга коё бердирем» деп, күн мурун топтолгон 700 ашык күлүктөр Аксайдан Атбашыга айдап түшүрүлүп, аш-той аяктап калганда Чечдөбөнүн сазынан Аксайдагы Тармалсазга Ташрабат-Чатыркөл багытында чабыла тургандыгы жарыяланып айтылат. Азыркы эсеп менен автоунага салынган Торугарт-Бишкек жолу боюнча Атбашы Жаңы маданий борбордун аралыгы 257 чакырымды түзөт. Ал эми күлүктөр чабылган маршрут болжолу 300 чакырымдан ашык болоорунда шек жок, кем болбойт.

Черикмоңолдордун ата-бабасынан бери күлүктөр өргө карай чабыларын Турдукенин эсине салган Калча бий, «намыс» менен сайылган сансыз байлыктардан черикмоңолдор эли куружалак калбоосун алдын ала ойлонуп, жыл бою даярдалып, саяпкер тарабынан тапталган күлүгүн кошууга ата-бабасына, теңирге ичинен төлгө кылып, күлүктөрдүн арасына кошконго даярдык көргөн. Көкүлүнө үкү тактырып, кулагынын учу менен туягынын учуна чейинки күлүктүн тулкусун көргөзбөй, Кашкардын уздары өрмөгө соккон ат жабуусун жабдырган күлүктү жигиттерине кайтартып койгон жеринен баягы «ашканага катылган баласы» «төөм жоголуп кетти» деп Атбашынын токоюнан төө издеп, жигиттерге баш бербей күлүктү минип кетет. Анда Калча бий Турдуке баатыр менен бирге Аксайдагы Тармалсазда экен.

Кыдырша бабабыз токойдо жүргөндөргө «төө көрдүңөрбү» деп эле жообун укпастан, күлүктүн күчүнө салып көздөн кайым болот, көпчүлүк көргөндөр «мага токойдон кызыр учурады, төө көрдүңбү деп эле жооп бере электе көздөн кайым болду» деп жалгыз улагын союп түлөө өткөрүшкөндөр дагы болот. Күлүктөр Чечдөбөнүн сазы-

нын коё берилгенден «бир ириктин эти союлган убакыттан» кийин бийдин уулу күлүктү алып келип «кана эми…жигиттер! Менин атамдын күлүгүн алдыга кеткен күлүктөрдүн тобуна кошкула!» деген дейт. Калча бийдин каарынан корккон жигит башчысы күлүк чапчу чабандес жигитти мингизип, кеч болсо да күлүктөрдүн артынан чаптырганга күлүктөр коё берилген жерге алып келет. Ар уруудан (элден) түзүлгөн топ-топтордун калыс башчылары, карап тургандар күлүктү коё бердирбейт.

Буга чейин күлүктү көп чаап, өнөрүн билген амалдуу чабандес жигит айбалтасы менен күлүктү чаптырбай суулуктап кайтарып турган жигитти (вазирди) алаксытып күлүктү марадан чаап күлүктөргө кошуш үчүн амал кылып, кытайлык уздун колунан жазалган кооз наспай салчу чакчасын ээрдин кашына кагып, анын кеңүлүн бурат. «Келе наспейиңден бир татым» деп сол колун сунганда, наспейден сол колдун алакан отуна көбүрөөк салат. Чеккен наспейи ашып калып, оң колундагы айбалтасын жерге коюп, зоотунун ичиндеги чакчасын алып чыгып, ашкан наспейди салып жатканда, күлүктү чу деген боюнча катуу тебинип узап кеткен экен. «Ай… токто» деп жердеги айбалтасын алып, күлүктү чаап бара жаткан жигитке карай ыргытканда айбалта күч менен ыргытылгандыктан жигиттин башынан алыс өйдө кетет. Ашта чыр болбош үчүн топтолгон куралчан жигиттер күлүктүн артынан улам ат которуп жүрүп олтуруп, Калча бийдин күлүгү алдынкы чуркаган күлүктөрдүн тобуна кошулганда калып калат (куралчан топ жигиттер күлүктү чаап бара жаткан чабандес жигитке жана күлүктүн күлүктүгүнө таң калып тийген эмес экен).


Бул күлүктөрдүн тобунда Кене хандын туусун Ажыбек баатырдын башчылыгында кошо казак элине жеткирүүгө катышкан айтылуу Адыл баатыр «беренимдин ашына белгилүү күлүгүмдү кошом»[1] деп Төрөгелди менен кеңешип, күлүктөргө Аксурду коштуруп чаптырат. Уй мүйүз тартып даам сызып олтурган чоң манаптардын көзүнче Адыл баатыр көзү өтүп кеткен Ормон менен Ажыбек баатырлардын эл-журтка жазаган эмгектерин эске салып, «элдин куту болгон эки баатырдын көзү өтүп кетти, биз деле кепке кармалбайбыз го, эртели-кеч өлүмдү көңүлгө ала жүргөндү шарият көтөрөт экен, силерден эртерээк көзүм жумулуп кетсе, мени ушул Атбашыга койгула» дегенде, ал жерде Турдуке баатыр менен Калча бий бар экен. Айтканындай эле, Ажыбектен кийин Боронбай, Адыл, Төрөгелди ж. б.

---

[1]Ажыбекти айтып жатабыз

журт башчылары катарлашып аалам салышкан тура. Адыл Баатырдын көзү бардагы керээзи боюнча сөөгү 1860-жылдары Верный чебинен алынып келип, Атбашыга коюлат. Ажыбектин ашына Баатайдын Сары аты, Байтиктин Кер кашкасы, Шаамырзанын Сары аты, Көкшалкы жана башка көптөгөн атактуу күлүктер болгон деп Калыйча энебиз айтаар эле. Табында туруп төө издеп, эти кызып калган күлүктүн оозун коё берип, терең суугa, чаңдуу жолго салып, күлүктөр келе турган туу сайылган марага Калча бийдин күлүгү биринчи келип, чериктин бүткүл малын сайган байгеде тогузду утуп, чериктин малы таланбай калган экен. Күлүктөрдөн алтоо гана марага чуркап жетет. Калча бийдин Жээрдекашка күлүгү күүсүндө келип, андан кийин Аксур келет, калган күлүктөрдүн алды желип аягы марага басып келген экен. Карыялардын, санжырачылардын айтуусунда кадырлуу Калча бийдин күлүгүн кеп чапкан чабандес жигиттен кызыгып сурап калганда «күлүк катуу кызып жүгүргөндө, ээрдин капталындагы эки канжыгадан чыккан үн дирилдеп, чоң чымын учкандай болуп мага угулуп турат» дечү экен. Калча бий заманында кандай ишке болбосун кийлигишип, анын оң жактан чечилүүсүнө камылга көрүп, Ажыбекке бел болгондуктан элде «чоңдугуң» (зордугуң) Калчача болоор» деген атакка конгон экен.






Аксайдын «Тармалсазында» өткөрүлгөн Ажыбек баатырдын ашына чабылган күлүктөрдүн маршруту (1857-ж. күз айы)

## АЗЖЫБЕК БААТЫРДЫН ӨЛҮМҮ ЖАНА АШЫ

Бир жылы боз кыроо мезгилинде, бир аш болгон экен. Ашка келген аксакалдар ылганып чоң үйгө киргизилип табак тартылат. Эл эт жеп болгон кезде төмөнкү табактагы бирөө далыны колуна кармап, айнегин карап калганда, төржакта олтурган Артык бакшы деген карыя далыны карап чочуп кетип: «Иним, далыны тез отко салчы» дегенче өзү талып жатып калат. Эл аны таштап кете албай, жардап олтурушат. Бир кыйладан кийин эсине келгенде буулугуп-кыйналып: «Капырай, Артыктын жаны не секирет мынчалык» деп өзү менен өзү сүйлөшөт. Эл аксакалдарынын бирөө «Олуям, эмне көрүп эмне билдиңиз, элиңизди кабардар кылыңыз» дейт. Артык үшкүрүп, кеп баштап: Ушу быйыл Какшаалдын башы ылдый бир кара сел өтүп, көп кишилер бул селден аман калбай бирге кетти. Кайран Ажыбек баатыр дагы бирге кетти, мен дагы бирге кетем го!» деп кебин токтотот. Эл унчукпай кайгыргандай болуп аста-аста таркашып кетет. Айткандай, ошол жылы кыш мезгилинде эл арасында тумоо-бучкак жайылып, кара чычкак оорусу көп болуп, кыйла кишилерге кошулуп Артык бакшы дагы өлөт экен.

Ажыбек баатыр дагы ооруп, кара чычкак болуп жатып калат экен. Алгач ирет Ажыбек баатыр «Мөн же кылычтан же найзанын учунан өлбөй, кантип эле ушул кемпир өлчү кара чычкактан өлөйүн» деп сүйлөчү экен. Кийинчерээк ажыздашып калганда, тууган-уругун, эли-журтун чакыртыптыр. Ажыбектин балдары Абыласан, Абдраман. агалары Жабагы, Смайыл, инилери Арыстанбек, Турдуке, Жакып, Ашымдардын бардыгы келиптир. Анда Ажыбек: «Мен бул оорудан сакайбайт окшоймун. Менде үч арман калды:

Бири, Чоко кара Бердиш менен Кашкар, Тегирметилерге кетип бара жатсам Жаангир кожо Кашкар шарын өзүмө каратам деп, бир нече көп кыргыздарды баштап келип, урушуп аларды кырдырып жеңилип качкан экен. Манжу аскерлери кууп келишиптир, бир канча мезгилден кийин кайтып келе жатсак алар Жаангир кожону кармап алышыптыр. Кожо бизди карап «кутказсаңар» дегендей болду, ошолордун колунан Жаангир кожону ажыратып алып Бейжиндеги ханга өзүм тартуу кылып алып барайын десем, Бердиш болбой койду. Кийин уксам ал сыймык Кучарлыкка көтиптир, кап!;

Экинчиси, сарбагыш Ормон менен дос элем. Аны бугулар колго түшүргөндө, бир кашык канын сурасам бербей өлтүрүп койду. Ысык-

Көлдүн боюнда бугу менен бир беттешсем арманым жок эле, андыктан менин ашыма оңду-солду чакыргыла, катын бугуну чакырбагыла;

Үчүнчүсү, найзанын учу жэ балта-кылычтын мизинен өлбөй, кемпир өлчү кара чычкактан өлө турган болдум. Кап!»деген экен.

Ажыбек жан үзөрүндө ар кимиси келип «баатыр, биз кантебиз» дешет баатыр кабагын чытып ызгаарлап кеп айтат. Эшиктен кирген эле жөрде, башын жерге салып ээрдин үстүндө Турдуке олтурган, ар кимиси «сен барчы»,-дешти. Турдуке барып бетин ачып «Ага кебиң барбы?» деди эле, Ажыбек «сен кимсиң?» деди. «Мен Турдуке» дегенде Ажыбек баатыр «Ой сары мышык, сен калган эл-журтка баш көз болуп туралар бекенсиң, эми кантер экенсиң» деши менен жүрүп кеткен экен.

Ажыбек баатыр 1856-жылы жазга жуук Куулаган деген жерде өлөт экен. Кийинки жылы бүтүн чериктен атуу-баштуулары кеңешип, Ажыбектин ашын Чериктин ата-бабасынын жайлоосу болгон Аксайдын кыр жакасындагы өткөрмөкчү болуптур. Ашка оң менен солдогу бүтүн кыргызды чакырмакчы, Турдукени Ажыбектин ордуна баатыр шайлап, ашты башкартмакчы болушуптур. Бирок Турдуке көркөмсүз киши болгондуктан, жүз баштуу үйдөн экини бир ооздон кирө турган кылып учкаштыра тигип, аны салтанаттуу жасап, көрктүү үйгө аны жаткызып, кишиге көрсөтпөш болушту. Үйгө өзү көркөм, сулуу болгондуктан Абдраман жатмакчы болду. Баатырга кеп-сөзү бар, көрүшө турган кишилер келсе, Абдраман ишин бүтүрүп жандырып турсун, баатыр менен көрүшүп чыгайын деп Абдраман төркү үйгө чыгымыш болуп кайта жооп кайтарып турсун, кызыл манат кийген, кылычын кыя байланган, колуна кыска туу найза кармаган 30 жигит үйдү тегеректеп күзөт кылып турсун, ашты салтанаттуу өткөзөлү, ашка оң менен сол келет, ичи бузук да келет, ичи түзүк да келет, ошондой берели деп кеңөшет да, бүтүн оң менен солго чабаган жиберет. Бирок бугуну чакыртпайт.

Бүтүн черик Аксайдын кара жакасында Тармал-Саз деген сазга коно баштайт. Эл келе баштайт. Элди мурунку кеңеш боюнча башкарып, ашты өтө зор шаан-шөкөттүү өткөрөт. Ашты салтанатуу өткөрүп эл тарап болгондо, чериктер кайра көчүп Какшаал ылдый жөнөшөт. Бирок ич күптү болгон бугу Боромбай чалгынчы жиберип, элдин аркасында калган көчтөн Тешик-Чапта калган 12 үйлүү кишини көчүрүп алып кетет.

Эл кайра тартып жай-жайына келет, күн сууп боз кыроо болгондо «Бугу Боромбай Какшаал ылдый чабат экөн» деген сөздөр

эл арасына тарала баштайт. Турдуке муну угуп, бардык тууган-урук журт баштууларын жыйып кеңешип, Боромбайга элчи жиберишти туура табышат. «Элчигө кимди жиберебиз» дегенде кээ бирлери кутчу Конокбайды дейт, кээ бирлери Калчаны дейт, анда Абраман айткан: «Боромбай сөздүү адам, булар жарабайт. Жүрөгү курч жана жашыраак Кумач Атамбекти жиберсек» дейт. Баарысы туура таап, Меркечтеги Атамбекке киши жиберет. Ал келгенде Турдуке, Абдраман экөө туруп: «Атамбегим, бара жаткан жолуңда чоң Карач, кичи Карач дегендер бар, чоң Карачка алды менөн учурап абалды айтып, элчилике келгөндигиңди билдирип, бир нөөкөр менен бир чочпараны жыртыш деп ага бергин, ошол киши аркылуу Боронбай менен керүш. Ал киши биз менен куда-сөөк жана Тилекмат баатыр дөген бар, зили черик, узун кара киши, аны менен сүйлөшүп, бир чочпараны ага бергин, езүң билип кепке жараша кеп айт. Жолуң болсун, Чериктин жана баатырдын арбагы колдосун»дешет. Жана бир аңызды Калчага Конокбайды кошуп жолго салат. Алар баратып Беделди ашканда кар жаап калат. Бир жее кишинин изин көрөт, бир аз басканда бир топ берүнүн изи анын аркасынан жөнөйт. Атмабек: »Кокуй ажыратып алалы, бечараны бөрү жебесин!» деп ылдамдата бастырат, жолдун боюнда, улам бир жерде бир бөрү өлүп жана бир жерде бирден бөрү өлүп жүрүп олтурат. Жакындап келсө, бир жөө жаш жигит карда буту менен зампаны чогултуп жаткан экен. Колунда таягы бар жигит аларды керүп эндирей кетет. Калча чакмагын чагып, отту жагып баланы эс алдырып кеп сураса, бала «Жамансуудан чыктым эле, көлдө эжем бар элө, учурашууга барткам, атым баспай белдин нары жагында калды Ыргай таяк менен жыга чаап жүрүп олтурдум», дейт. Баланы тойгузуп, берүлөрдү сойдуруп терилерин бир үңкүргө койдурат, анда бала «Акелер, уругум бекөй болот, кимибиз мурун келсек төрт терини ошонубуз алалы» дөп айтат. Алар бала менен коштошуп жөнөп олтуруп көлдүн боюна жакын барганда, бир жерден кепчүлүк жыйналган жер көрүнөт. Алардан бир киши чаап жетип келип көрүшүп «Кайдан келеатасыңар?» деп сурайт. Конокбай Какшаалдан деп жооп берет. Бала «Бул жердө бир бай өлдү эле, жанасасын окугудай молдо табылбай үч күн туруп калды. Силерди көрүп ар качан Кашкар багытынан келе аткан адамдар молдо болот дөп чакырып келген элем» дейт. Атамбек елгөн байдын намазын түшүрүп берип, ээр-токумдуу бир жакшы атты алып коштоп жүрүп кетет. Кеч кирип баратканда бир топ кишиге учурайт, айтып берген беркисине карап, Атамбөк «Тилекмат баатыр аманбы?» деп

көрүшүп абалды айтат. Тилекмат баатыр «балам, тил алсаң барба, баарыбыз бир черикбиз, арбак бар, бөөдө өлүп каласың, мунун ачуусу жаман» дейт. Атамбек «Элчиге өлүм жок, барам, өлтүрсө мендей баладан чериктин эмнеси кемимек эле, баатыр» деп болбой жүрүп кетет. Нараак барып Карачтыкын сурап табат. Карачтыкы жаңыдан көчүп келип конуп аткан экен. Барып түшүп экөө эки үзүктүн үстүнө минип олтурат. . Бир бойго жеткен кыз, бир келин келип, «Меймандар кайдан келдиңер? Үзүктү алсакбы»дешет алар. «Биз Какшаалдан келдик»дегенде эле кыз бетин чымчып алып кайта аркасына басат. Аңгыча бир байбиче келип, алардын алдына көлделең салып абал сурашып олтурат. Ал жерлик элдин кызынан экен. Баягы бойго жеткен кыздын кайны дагы черик экен, болгондо дагы Карач өзү экен. Байбиче амандашып олтуруп Атамбектин кебин уккан соң, атайлап тай союп жакшы мейман кылып кеп баштайт: «Боронбай азыр жаман каарына келип калды, черикти чабам деп ошонун масилет жыйынын кылып атат. Бүгүн бир байдын жалгыз уулу бир уурулукка катышып калган экен. Калың эл-журт аны сурасак Боронбай ынабай дарга асты, каратекедей болгон кудай ургурдун каары катуу болуп атат. Адам ага даай албай калды. Сен келипсиң, тил алсаң кайта кет»дейт. Атамбек жана болбой эртең менен туруп, чайдан кийин бир көөкөр арак менен бир чоч-параны Ажыбек баатырдын жыртышы деп чоң Карачтын алдына коюп: «эми баштап барсаң» дейт. Чоң Карач баштап жөнөп олтуруп, Боронбайдын айылын жакын барганда: «Силер бул жерде ат чалдырып жатып тургулачы, мен барып ал-жайды байкап, эл суюлганда кабар берейинчи»деп жүрүп кетет. Карач баратып жоголуп кетип, кеч курун күн батардын алдында «эми келсин» деп бир бала жиберет. Атамбек барып түшүп, Боронбайдын чоң үйүнө кирип караса, бери жагы толгон киши экен: тогуз коргоол, чатыраш ойноп жаткан уулдар экен, бир капшытында эки семиз бээ союлуп жаткан экен. Төрде аюу талпактын үстүндө Боромбай аялы менен олтурган экен. Боромбай табылгы таякты таянып, чөктүшө калып бээнин казысын карап турган экен. Атамбек алардын арасынан аттап-буттап, Боронбайдын алдына барып салам берип кол сунду эле карабады. Карагайдын чогу келип чачырап этегине түштү эле, колу менен кагып ийип жатканда, «ассолому алейкум, баатыр, аманбы?» деп Атамбек колдон алып көрүштү. Боромбай карап калып, сурданып: «Сен кимсиң деги?» деди. Атамбек «Мен чериктен келген элчимин, атым Атамбек» деди. Боромбай дагы ачууланып: «Атаңдын оозуна урайын кул черик, Беделден кирип, Чычар менен чыгып,

Чычар менен кирип, Бедел менен чыгып бүлдүрө чабармын. Эчкинин этин жебей, кесир кылат дечү элө, эми Чериктин оозуна иттин этин тыкбасам, эчки эмес, анын корголуна зар кылбасам» дейт Атамбек Боронбайдын колун коё берип, маңдайына чөк түшүп олтура калып: «Баатыр, комузчулар чертичү эле, «Коңкошбайдын коңур күү, коңурала сонун күү» деп. Ошол Коңкошбай өлгендө балдары кылымга окшобогон аш беребиз деп кабырганын тышы үч эли бээни эсепке албай, кабакка сүйрөп салып, андан өйдөкүнү союп берген экен. Майга тойгон эл ал ашты «бай аш» деп атаган экен. Сарбагыштан Темирболот баатыр дагы 100 киши менен келет. Ошол өңдүү ар элден келген экен. Ошондо биздин атабыз Боогачы баатыр мылтык асынып, тайганын ээрчитип аң уулап жүрүп келип калган дешет. Алдаш баатыр казы-картаны кыя кесип жеп олтурган экен көрө калып жумушкерлерге: «Боогачы баатырга эт алып келгиле» дегенде жумушкерлер «эт калбаптыр» деп күңк эткенде, «Эмесе мынабу менин алдымдагы калган этти сунгулачы» дейт. Бирөө ала коюп сунганда, Боогачы: «Жетим балага белгилеген этиңди өзүм эмес итим да жебейт» деп камчы менен табакты кагып жибергенде, баягы эт Алдаш баатырдын башынан алыс кеткенде, Боогачынын жанындагы куу тайганы эттин аркасынан Алдаштын башынан аттап секирип, этти жерге түшүрбөй илип жеп кеткен экен. Ошондо да 100 киши менен жүргөн атаңыз жалгыз Боогачы баатырга иттин этин жегизе албаган экен. Эми кандай жегизесиз? Азыр чериктин түтүнү эки миңге таяп калды го, баатыр!» Анда Боронбай: «Ой карга тырмак кул черик, жалгыз Ажыбегиң бар эле, эми кимиң калдың, тең ата болгондой?» дейт, анда Атамбек «Аке, ырас эле Ажыбек баатыр өлдү, бирок атан өлсө тайлак бар, кому жерде калган жок. Ажыбек өлсө балдары Абыл, Асан, Абдраман бар, инилери Турдуке, Арыстанбек бар» дейт. Анда Боронбай «Ала-Тоонун ар жагында силер, бер жагында биз элек. Тоодой Ажыбек өлсө не үчүн жаназасына чакырбайсыңар» дегенде, Атамбек: Үйдөгүнүн кебин талаадагы сыйлабайт, өлгөндүн сөзүн тирүү сыйлабайт» кылбайлы деп баатырдын сөзүн жана арбагын сыйлап сизди чакырбадык. Анткени өлөрдө «Ормон кан менен дос жана теңтуш элем. Боронбай Ормонду колго түшүргөндө бир кашык канын сурасам бербей өлтүрүп таштаган. Ушул оорудан тыныксам бир тогошуп аламын дейм. Бирок сакайбадым, эми артымда калдың черигим, журтум болсоң намызыма катын бугуну чакырбагыла» деп жатып өлдү. Ошол үчүн силерди же жаназасына же ашына чакырбадык, ага таарынбаңыз». «Баатырдын жыр-

тышы мына бул» деп кара жамбы менен эки көөкөр аракты алдына койгон экен.

Боромбай туруп кетип: «Олдо чунак Балбай ай! Качан да болсо кесепетиң тийет да, кайран Ажыбек мага таарынып өлгөн турбайбы!Ажыбек киши жибергени ырас. Ал киши келгиче эле Ормонканды өлтүрүп коюшуптур, тирүү болсо берет элем, кап! Өз боюнча айтып бардыбы же кандай, билбеймин?Силер менен биз чий менен туурдуктай жакын киндиктеш элек, аштыктын алдына орок тийсе, аркасына келбей койбойт. Мага да ажал жакын го, кайран баатырым өлгөндө мага таарынып елген экөн да! Оо кайран эсил жолборусум оой! Эми кайдан көрөйүн оой!» деп өкүргөндө үйдүн ичиндеги элдин бардыгы дүңгүрөп үйдү көтөрүп калды, байбичелер дагы кошуп калды. Бир дем ыйлашып басылгандан кийин куран окуп бата кылган соң жамбы менен аракты сунуп калды эле, Боромбай «Кайран төрөмдүн жыртышы экен» деп жамбыны көзүнө сүртүп байбичесине берип, аракты жигиттерине берди дейт…

Атамбек ошол кепти салып атып ушул жерге жеткенде күлүп: «Кайран жаным, Ажыбек баатырыма тыяктагы Боромбай баштуу бугуну да ыйлаттым» деп айтчу экен. Боронбай эртеси мейманканага кирип Атамбекти аягынан түрө карап туруп «Балам Ажыбөктин эмнеси болосуң?» деп сураганда, «Ажыбөк менен тууганмын, Байчубактын балдары болобуз» дейт. Боромбай «Байчубактын кимисисиң?» дегенде ал «Мамажан чечендин иниси Бабанын уулумун» дейт. «Ээ дагы эле чыккан жерден чыгат экен… Кайран Мамажан чечен ак калпагы менен ак кементайын чыраштатып алып, темир көк атын минип алып, теминип топко киргенде топ жарыла берчү эле.·Ошонун тукуму экенсиң да!» «Ооба ошонун тукумумун». Боромбай «Куйма кулакка көп айтса куюп алат. Тешик кулакка кеп айтса тешигинен куюулуп калат. Сен куймакулак экенсиң. Илгери кыргыздан олуялар еткөн экен, алар «кепти айткан укканга, айтып айтпай пайда жок бей саат күнү туулганга» деген экен. Кана сен кепчи көрүнөсүң, сүйлечү ал кайсы олуялар?»-дегенде Атамбек «баатыр, кыргыздан олуя Сынчы, олуя Сансыз дегендер өткөн экен»-дегенде, Боромбай «ал элди кандай сынаган экен?»деп сурайт. Анда Атамбек «Олуя Сансыз сиздин атаңыз Алдаш баатыр, сарбагыштан Болот баатыр, чериктен Карагул баатыр бул үчөөнү сындаган экен. Колун серелеп карап көрүп, Алдаш баатырды карайт. «Мындан бир меш туулат, калың журтка эш туулат. Андан ары барганда мунун тукумунан еек барак туулат. Бул өзү сакалы жок мурутуу, төгөрөктү курутту, кайра тарт» деген экен. «Ошол

сакалы жок мурутту, төгөрөктү курутту өзүңүз эмеспи?!Төгөрөктү курутуп атпайсызбы» дегенде Боромбайдын бир муруту кыйшая түшкөн экен. Андан кийин сарбагыш Болот бийди сынап колун серепчилеп карап «Сен кыбыланы карап туруп сийген экенсиң, сийдигиң сегиз коктуну өрдөп кетти. Сегизи сегиз суугa баш болуп анын ичинен жалдуу барак чыгат. Атаганат, кап сени! Мурун сындасам болмок экен, жалдуу баракты өөк барак чалып салбадыбы!» деп санын чаап кейип калган экен. Баатыр – ошол өөк барак өзүңүз, жалдуу барак Ормон эле, аны чалып салбадыңызбы?!» дегенде, Боронбайдын экинчи муруту кыйшайып мыйыгынан күлгөн экен. Андан кийин черик баатыры Карагул көчүп Какшаалга баратканда олуя көчкө учурап жанындагы кишиден: «Тээтиги көч ортосундагы токмок жалдуу торайгыр минген, чылгый кайыштан кисе тагынган ким?» деп сураганда жанындагы киши «Карагул черик болот»дейт. Олуя «Бери келчи» дегенде Карагул кайра тартып келген экен, олуя Карагулду карап колун серепчилөп: «Ий атаганат ай! Бул жамандын көкүрөгүнүн боктугун кара, көчүгүнүн алтындыгын кара. Мындан эгиз кыраан эки уул чыгат, эки шер удаа, бирөө мурда, бирөө кийин чыгат, ак керпө жайыл атагы журтка дайын чыгат. Анын намы букардын көк ташына чийилет, кызыл меш чыгат. Мунун тукумунан тукумуна чейин жыргап өтүп чөөдөй сары чыгат, Какшаалдын аягынан өөдө сурайт. Жеңдей кара чыгат. Чап жаактуу, чабалай ээктүүлөр ичинен эңкерлер чыгат, андан кийин көлте тумшук боз балдар чыгат, андан кийинкисин көрө албай калдым», деген экен. Эгиз кыраан эки уул – Ногой, Кончой, бирөө мурун, бирөө кийин чыккан эки шер Тоймат менен Ажыбек, ак көрпө жайыл, атагы журтка дайын Ажыбек баатыр, кызыл мөш Абдракман, чөөдөй сары Турдуке, жеңдей кара Суранчы, чап жаактуу Жабалай, ээктүү ичинөн Эңкер, Мамбет, Осмон, Өмүрбөк, Кутуке, Найман, Өмүражы, келте тумшук боз балдарды көрө элекпиз дечү экен Атамбек абам.

Беш күн жатып, алтынчы күнү болгондо Атамбек Боронбайга эми биз кайталы деди эле, анда Боронбай «келген жумушуңарга он эки үйлүү кишини алып кеткиле, бирок сыртка азыр кар түшүп калды, жаш балдар үшүп калар. Жаздын алды менен көчүрүп берем, алардын бир улагын чыгымга учуратсам мен кепил» деди да Боронбай «мына бул Камбыл деген жандай көргөн жакшы атымды Абдраманга ала барып бергин, баатырды аза бата кылганым ошо, мына бул тейтилланы Турдукеге алабарып бергин, баш куттуктаганым» деп атты жөтелетип, тейтилланы бөктөртүп, Атамбекти

жолго салды. Атамбек бастыраарда Боромбай ага «Келер жылы Турдуке, Абдраман болсо экөө тең келсин, экөө келалбаса бирөө келип мени менен кудалашып достошуп кетсин, айта бар, кайры эмесе» деп кала берди.

Атамбек кеткен соң Боронбай «Ой калың журт чогулгулачы» деди эле, черикти чабабыз деп жаткан калың бугу Боромбайдын эшигинин алдына барып жыйналды. Боромбай «калың журт баарың турасың, черикти чабабызбы-чаппайбызбы?» дегенде, көпчүлүк «чабабыз, чабабыз»дейт. Боронбай «Оой кызыр кайда экен көрдүңөрбү?» деп сураптыр. Көпчүлүк «Жок көрбөдүк». Анда Боромбай «силер көрбөсөңөр мен көрдүм. Кызыр чериктин шыргыйдай кара баласын (Атамбекти) кош колдоп суулуктап алыптыр. Мен кереке жарайт деп бир канча балбанды баккан экенмин. Буларды баккыча бир топ бука баксамчы. Мен атактуу журттун бир башчысы болуп туруп шыргыйдай кара кеп салып жатканда, анын уу тили мени карай агып жатканда балбан сөрөйлөр анын башын ыргыта чаап салбадыңар. Үйдө чечен жоодо жок болуп. Чеченмин дегендер да бар эле, жэ бир ооз сөз кайрылганыңар жок. «Катын бугу» деп сөөмөйүн кезүмө теңшеп атканда, же өлүп кете албадым, же жерге кирип кете албадым. Мен Боромбай болгону кишиге сөзүмдү алдырбагам, кишиден сынган эмес элем. Чериктин шыргыйдай кара баласынан сөзүмдү үч алдырдым, үч сындым, быйыл мен жазга жетпей өлөм го, же бир нерсе көрем го? Черикти чабабыз деп атканыбыз түшүбүз экен. Черикти чабышты коюп тургула, чериктен келген элчисин кайра жандырдым. Ал жаз жарып, күн жылыганда баатырларын алып келмек болду. Кудалашып дос, кур чалышып куда болуп элибизден тандап кыз берели, он эки үйлүү кишинин малы менен жандырып берели. Мурун булардан олжо деп таап алганың болсо кунуна куш, козусуна кой кош. Малпараны калыбына келтиргенден кийин кыштоо тандап кондуруп, отун, тезек, от чеп сарамжалын камдап бергиле. Чериктин бир да малы зыянга учурабасын. Биз Ала-Тоонун аркы жагында, черик берки жагында. Биз чий менен туурдуктай чың ажырабас элбиз. Жамандашпай өтөлү. Мен тирүү болсом ошондой кылам. Өлсем керезим ушул. Ушундай кылгыла, эми тарагыла» деди. Айткандай он эки үйлүү черикти жазында кечүрүп берген экен. Ошол жылы жазында 1858-жылы Боромбай елет. Өлүш алдында үч күн ыр макал сез менен керез айткан экен. Аны жанындагы олтургандар жаттап алышкан. «Боромбайдын керезиндей керез кеп айтты эле» деген макал ошондон калган экен.

Боромбайдын керезинен кээ бир барчалары:

Аргымак жалын бөш бөлүп,
Өргөнүң калат жигиттер.
Ар уруудан кошчу алып,
Ал дөбөгө бир чыгып,
Бул дөбөгө бир чыгып,
Айгуулашып куш салып,
Адырлуу жерден из чалып,
Жүргөнүң калат жигиттер.
Эрмектешип ырдашып,
Эзилишип сырдашып,
Күлгөнүң калат жигиттер.

* * *

Бүрмөчүгүн бүрмөлөп,
Термечигин термелеп,
Кемпирлер өткөн дүйнө ошол.
Кызгалдактай кыландап,
Кырмызындай кылактап,
Кыздар өткөн дүйнө ошол.

* * *

Күлүмсүрөп кашкайып,
Күзгүдөй бөти тастайып.
Керимселдей керилген,
Келиндер өткөн дүйнө ошол
Табышмак айтып кордошуп,
Таштан-ташка ойношуп,
Балдар өткөн дүйнө ошол.

* * *

Какайган бели бекчейип,
Кара көзү чекчейип.
Кайран жашым кетти деп,
Чалдар өткөн дүйнө ошол.
Ак теңге пулу каптаган,
Адырга малы батпаган,
Байлар өткөн дүйнө ошол.

* * *

Буулуктап ажал тез келди,
Боромбайга кез келди.
Мураталы, Тилекмат,
Калың бугу элиңди,
Башкарар болсоң кез келди.
Аргымактан жал кетсе,
Алмагы кыйын жал кайтып
Азаматтан мал кетсе
Келмеги кыйын ал кайтып,
Азрейил тооруса,
Калмагы кыйын жан кайтып.

Эми Боронбай баатыр өлгөн соң дагы калгандары ушул боюнча иш кылып Турдукеге Алтын деген Боромбайдын кызын берген экен.

Чоң Карач, Абдраман, Боогачылар менен кудалашып өткөн экен. Эми Ажыбек өлүп сегиз жылдан кийин Бөөдөлөт Жакыпбек Кашкарга келип, Ажыбек баатырды сураса өлүп калды деген экен, уулу Абыласанды чакырып барып «Сен ички жол менен барып Ак-Сууну алып, ошол жерге баштык болуп тур» десе Абыласан ынабаптыр. Жакыпбек: «Кайран баатыр кумга сийген экен, баласы кайратсыз экен» дептир. Ошондой болсо дагы Нарындын Куртка деген жерине датка кылып кароол тостуруп койгон экен. Ажыбектин туугандары (Карагул уулунун башчыларынан) Суранчы, Мамбет, Осмон баштаган он кишини аскерликке алып Үрүмчүгө алып барат. Ал жерде жоо менен атышып турган мезгилден пайдаланып Суранчы баштап качып, Иле аркылуу Ысык-Көлгө келип калганда Суранчынын атасы, Ажыбектин агасы Жабагы баштык бир нечөлерин бала-чакалары менен Котенге паалаган экен. Жабагы Котенде өлгөндөн кийин өлүгүн дары менен катырып, бир эки жылдан кийин атайылап алдырып келип Кара-Чийге коюп, күмбөзүн бышык кыштан салдырган экен. Жабагыдан Суранчы, Бегмат, Жусуп үч уул, Суранчыдан Балбай, Качкын эки уул, Бегиматынан Балбак, Чылпак, Бошкой үч уул Жабагы уулу аталат. Суранчы өтө акылман Өтө курбатуу адам болуп, мамлекеттин биримдиги, элдин ынтымагы үчүн көп күч жумшаган. Анын философиялык акыл-насаат сөздерү, макал-тамсилдери эл ичинде өрнөк болуп калды.

Эми Ажыбек баатырдан Абыласан, Абдраман, Өмүркан деп үч уул, Абыласандан Жантай, Телтай, Молтой, Арзыкан, Кутуке, Най-

ман жети уул. Абдрамандан Боогачы. Андан Бородой жана бир нече уул. Андан Султанаалы жана бир нече уул. Өмүркандан эки уул. Булардын көпчүлүгү эл-журтту бийлеп, башкарып келген. Эми Тойматтан Турдуке, аны Ажыбектин сөзү боюнча Ажыбектин ордуна баатыр көтөрөт. Бирок бул киши өтө зулум болуп Ажыбектей элдик болбогон.

Ажыбек уруулары бүтүн Карабулакты, назар, чынар уруулары Ак-Талаа, Сомташ, Алкымды башкарып келгөн. Булар ак сөөк уруу болуп эсептелишет. Черик уругу бүтүн кыргыз ичинде чоң жана саны көп уруулардын бири, бүткүл Какшаал элинин 70 проценти черик уруусу. Атбашыда дагы бар, аз бөлүгү Тоюнда.







## КЫРГЫЗ ИЧИНДЕ БОЛГОН УРУУ ЧАТАКТАР АЖЫБЕК БААТЫР

### (Сарбагыш, черик ортолору)

Азыр кыргыз санжырасында сакталып калган уруу, урук чабыштар жөнүндө сөз кылалык. Жоокерчилик замандын жырткычтык насили чагым менен көрө албастыктан көп адамдарды тентитти. Эл тынымсыз чачылды. Аларга ар түрлүү себептер болду. Бирде жер талашса, бирде мал талашты, бирде кур намыс үчүн кан төгүштү. Бир атанын тукуму өсүп, урукту түздү. Уруктар өсүп, уруу топторуна негиз болду. Уруулар биригип, эл болду. Эл биригип, улут болду. Бирок, « ар нереснин эки жагы бар» дегендей, алдуусу алы жогун, күчтүүсү күчү жогун, жакшысы жаманын басынтып келди. Бири басынтканга эрсинсе, экинчиси басынганга кемсинди. Аягы чаап алуу, талап алуулар менен бүтүп, ар бир ата тукуму чачылды, тентиди. Чачылган уруктарды теңине албай кемсинтип, «кул тукуму» – деп басынтышты. Кыргыз санжырасында мындай чатактар көп болсо да, сарбагыш, черик ортосундагы окуялар жөнүндө кеп кылалык. Чериктөн Ажыбөк баатыр туула электе сарбагыштар черикти чаап алып, зордуктап малын жеп, эр өлтүрсө кун бербей, нар өлтүрсө пул бербей, атаңар жок кулсуңар деп теңдикке албай кемсинтип кордоп келишкен. Ошол черик элиндеги Токтобай деген кедей кишиден: Жабыгы, Смайыл, Ажыбек, Эшимбек деген төрт уул туулат. Булардын баарысы кыйын чыгып, өз убагында Тоткобайдын «терт кашкасы» деп аталган. Өзгөчө Ажыбек баатыр чыгып, кытай тараптагы жана Ат-Башыдагы чериктердин башын кошуп кармап, кырк жигит күтүп, тышкы душмандан элин коргоп казак, кыргыз жана башка элдерге даңкы чыгып калган кездерде, бир жылы сарбагыштардын башчысы Ормон хан оолугуп: «Черик мага келип атасын таап берсин, атасын таппаса черикти бүт чаап алып, камчыга ченеп, көгөнгө байлап, сарбагышка кул кыламын!»-деп, Ажыбек баатырга киши чаптырат. Бул сөздү уккандан кийин Ажыбек баатыр кырк жигити менен Кочкорго келип, Ормон хандын айылына жакын жерге келип түнөп калат. Эртеси эртең менен таң атканда күн тийе электе Ажыбек баатыр кырк жигитинин билегине кыны жок кылыч илдирип, Ормон хандын ак өргөөсүн айланта бастырып, кылычты бирдей күү менен шилтеп: «Ай кулагы ала гак, менин атым сурасаң айда баатыр Жа-

манак. Күн кулагы ала гак, менин атым сурасаң күндө баатыр Жаманак»-деп ураан чакырып турушат. Чериктердин Жаманак деген ураан чакырышынын себеби: Чериктин Назарбай деген жалгыз уулу болгон. Черик жалгыз туума уулума, жалгыз туума кыз алып берем деп, Жаманак деген жалгыз кызды алып берген экен. Кийинчерээк ал эл бийлеп турган баатыр аял болуп, черик колун чакырганда, Жаманак байбиченин наамын атап ураан чакырышкан. Ошентип, кырк жигити менен Ажыбек баатыр Ормон хандын ак ергөөсүн айланта бастырып, кылыч шилтеп, ураан чакырып турушканда, Ормон хан күндүн мурду чачырай желбегей жамынып, ак багалек болуп эшикке чыгат. Кылыч шилтеп, ураан чакырып турушкан чериктин баатыр балдарын көрүп, жигиттерине айтат: «Бул балдарга үй көтөрүп жибербейт бекенсиңер?»-дейт. Ормон хандын жигиттөри Ажыбек баатыр кырк жигити менен кенен баткандай үй көтөрүп, үй тигип жиберишет. Жана дагы жигиттерин чакырып: «Бул балдарга бээ союп коноктоп, жибербейт бекенсиңер?»-дейт. Ормон хандын жигиттери бээ союп, Ажыбек баатырды кырк жигити менен коноктой баштайт. Ошентип Ажыбек баатыр атайын тигилген ергөөдө жети күн конок болуп жата берет. Жети күндөн кийин Ормон хан чериктин Ажыбек баатырынын үстүнө өзү барып учурашат. «Ажыбек иним, атасын тапсын черик деп тамашалап койдум эле, атаңды туура таап кеттиң, эми оңдун тукумубуз, баарыбыз бир тууган болуп жүрөлү атасын тапсын деген сөзге терикпе, алдыңа түшкөнүм болсун, өзүмдүн кара кер тулпарымды минип кет»-деп, жети күн коноктогондон кийин, ээр токум жазалгасы менен кара кер тулпарын мингизип, Ажыбек баатырды узатат. Ормон хандын кол алдында Адыл баатыр деген болгон. Адыл баатыр Субан уулу XIX кылымдын орто ченинде кыргыз элинин саясий чөйрөсүндөгү таасирдүү инсандардан болуп, Ормон хандын аскер башчыларынын бири катары кызмат аткарган. Адыл баатыр Орус падышачылыгынын бийлигин таанылысы келбегендиги үчүн 1860-жылы капитан Венюков жетектеген отряд Адыл баатырды Ысык-Көлдөн туткундап, Верный чебине камаган, ал ошол жерден өлгөн. Сөөгү Ат-Башынын Кара-Коюн деген жерине коюулуп, күмбезү тургузулган. Ошол Адыл баатыр Ормон ханга наразылыгын айтат: «Хан башыңыз менен чериктин бир кырк баласы келди деп, үстүнө барып учурашып, коркуп кеткенсип кара кер тулпарды мингисезиз. Үстүңүзгө чакырып алып учураштырып, кекетип, коркутуп «сес» көрсөтүп коёр жөнүңүз бар эмес беле?»-деп наразы сөзүн айтат. Ошондо Ормон хан Адыл баатырга айтат: «Мен чериктин кырк баласынан коркуп, үстүнө барып учурашып жэ

коркконумдан кара кер тулпарды мингизгеним жок, Кызыр Илязды сыйладым. Кызыр колдоп калыптыр. Ажыбек баатырдын эки ийнинде эки кызыл чаар жолборус ойноп турат. Мен ошондон корктум жана сыйладым. Мен өзүм барып учурашып, кара кер тулпарды мингизгениме ыраазы боло койбойт. Ажыбек баатыр кетип бара жатканда Долондун белинен эки жүз жылкымды тийип кетет. Адыл сен чыныгы баатыр болсоң, ошону ажыратып калчы көрөйүн!»-деген экен Ормон хан. Айткандай эле Ажыбек баатыр Долондун белине келгенде кырк жигити менен кеңешип: «Жөн жаткан элди жен койбой, мурун ата-бабаларыбызды басмырлап, малын талап жеп, өзүн кордоп жүрүшчү экен сарбагыштар. Биз эми эмне жанды аяйбыз куугунчу келсе көрүшөөрбүз, келбесе мурун биздин элден жеген жылкынын барымтасы болот»-деп, Ормон хандын эки жүз жылкысын тийип жөнөшөт. Черик Ажыбек баатыр жылкыны тийип кетти деп, жылкычыларынан Ормон ханга кабар келет. Ормон хан Адыл баатырды чакырып: «Жылкыны Ажыбек баатыр тийип кетиптир, мен барбаймын, эми эр болсоң жылкыны ажыратып ал»-дейт. Адыл баатыр намыстанып, кыргызга белгилүү Ак-Сур деген күлүк атын минип, бир топ жигиттери менен кууп жөнөйт. Ажыбек баатыр жылкыны Жерге-Талдын чаты деген жерден Нарын сууга шыкап кечирип жатканда, Адыл жете келет. Ажыбек баатыр Адылдын астынан тосуп чыгып экөө сайышат. Адыл Ажыбек баатырды жеңип жылкысын ажырата албастына көзү жетип, Ак-Сур аттын күлүктүгүнө салып качып кутулат. Ошентип Ажыбек баатырдан кийин чериктер, сарбагыш менен тең ата тууган болуп калышат. Бирок, сарбагыш менен чериктердин ортосундагы байланыш муну менен токтой калган жок. Күн айга айланып, ай жылга жалгашып, турмуштун арабасы өз нугу менен айлана берди. Бирок, эки уруунун ортосундагы майда чатак, тирешүүлөр турмуш шартка байланыштуу улана берди. Бирине жер керек болду, бирине мал керек болду, кур намыс үчүн, бирине-бири кыйынсынышып, бирине-бири көпсүнүшүп, майда талаштардын чыгышына себеп болушту. Ошол жылдар аралыгында Сарбагыш эли Ак-Сайга келип жайлайбыз деп, көп малы менен келип жайлашып, чериктердин Ак-Сайдагы жайлоо, кыштоосун бүт малына жедирип, тебелетип, чоң коромжуга учратат. Сарбагыштар жайлоодон кайра кетип бара жатканда, чериктер беш жүз коюн от май алабыз деп алып калышат. Кийинки жылы сарбагыш эли Ормон ханды баш кылып, эл бийлеген мыктылары менен черикке жедирбей, беш жүз коюубузду доолап алабыз деп Ат-Башыга барышат. Чериктин эл бийлеген мыктылары, Ажыбек баатырды баш кылып бүт чакырып,

Ормон хан сөз баштайт: «Черик бейбаш эл экенсиңер! Жайлоого келген малыбыздан бейбаштык кылып, беш жүз кой алып калыпсыңар, кой доолап келдик бергиле!»-дейт. Ошондо черик урусунда Ажыбек баатырдын иниси Турдуке баатыр деген болгон. Адам өткөн тарыхты, окуяны гана билбей, ошол тарыхты окуяны жаратып жаткан адамдардын өмүр баянын да билиш керек. Анткени, тарыхый окуяга катышкан адамдардын жакшы, жаман жагынан ар ким өзүнчө сабак ала билгени жакшы эмеспи. Ат-Башы, Ак-Сай аймагында чериктердин байчубак уругунан Карагул тукумунан чыккан Турдуке баатыр(Турдумамбет) Тоймат уулу, аталаш агасы Ажыбек баатырдын көзү өткөн соң, бүткүл черик уругун бийлеген манап болгон. Ал 1863-жылдын жазында 5000 түтүн черик уруусунун атынан орус букаралыгына өтүүгө элчилерин жиберген. Ошол эле жылдын 13-октябрында Омскиде Батыш Сибирь Генерал-Губернаторлу-гунун алдында черик уруусунун атынан ант берип, орус букаралыгына өткөн. Албетте Турдуке баатыр көркөмсүз, келбетсиз адам болгону мөнөн, сөзгө чебер, чечен киши болсо керек. Ал кезде элчиликке жараган адам, чукугандай сөз тапкан, караңгыда жол тапкан адам болушу керек экендиги бештен белгилүү эмеспи. Мына ушул, биз өмүр баянын кеп кылып өткөн Ажыбек баатырдын иниси Турдуке баатыр жогоруда Ормон хандын сөзүнө жооп берет: »Ханым, сиз дарыя, биз кудук. Биз букара, сиз улук!Кудаңа тартпа, кудайыңдан айрылба. Туура бийде тууган жок, тууганду бийдө ыйман жок»-деген. Сиздин малдан ашык жерибиз, чөбүбүз короду, мал бере албайбыз калыстык кылыңыз !»-деп черик элинин атынан жооп айтат. Ошондо Ормон хан канын кызытып, хандыгына салып, сарбагыш элинин көптүгүнө салып: «Чериктин так атасынын атасы, сарбагыш чоң айгырдын үйрү, доосун албай тынбайт го!»-деп, Ормон опузалыкка салып, кыйкыра сүйлөйт. «Чыкпай турган сөз эле, чыгып кетти өзү эле»-дегендей, быкшып тутана албай жаткан отко май сепкенден бетер Турдуке баатыр ордунан аткан октой тура калып: «Мына кызык!Мына сонун!Доңуз тогузду тууйт, эчки эгизди тууйт, сарбагыш көптүгүңөрдү кимге милдет кыласыңар? Аздын тукумун, көптүн тукуму жок кылат деген бар бекен?Сен көп ит болсоң, мен көк итмин, ал эми көк итти, көп ит талаганы турасыңарбы?»-деп, бетине чаары чыгып, хандан, бектен кайра тартпастан жооп берет. Абалдын оордоп баратканын түшүнгөн Ормон хан, биринчиден ортодогу талаш күч алып, чабышка айланаарын түшүнүп, экинчиден кандай болсо да өзү менен тең талашып калган Ажыбек баатырдын сестенип, кызыр Илязды сыйлап, эл бийлеген мыктыларын чогул-

туп, кеңешип: »Мал алабыз деп, эр өлүп, чыр чыгып кеткени турат бейим, малга ыраазы бололу, жөн кетели»-дешип, доолап келген беш жүз койду чериктен ала албай кетишет. Бул окуядан кийин Ормон хан менен Ажыбек баатырдын ортосунда жакшы мамилелер болуп, бири-бирин сыйлашкан.

Ошентип Ажыбек баатыр аталып калган убакта Кетмен-Төбеден Түнкатар, Түнтөй саягынан Мамбет деген манап сынчы киши чыгат. Мамбет бүт Кетмен-Төбө, Тогуз-Тороо, Жумгал саяктарын чогултуп, черикти чаап алмакчы болуп, Ат-Башыга камай баштайт. Ат-Башылык чериктер да кол курап, камынып калган болот. Жекеме-жеке деп чериктен Ажыбек баатыр чыгат. Саяктан Мамбет езүнүн уулу Чоң баланы эр сайышка чыгарат. Эки баатыр беттешип, эки үч жолу айланышып, сайышы албай бир азга жакындашып буйдала түшкөндөй болушат. Ажыбек баатыр кандим чоң баатырлык кылып, Чоң баланын күчү артык экенин сезип, ай балтасы менен Чоң баланын найзасын кыя чаап, шылк этме менен чокудан ары тартып жибергенде Чоң бала атка өбөктөй түшүп, жыгылбай мурдунан чимкирик куюлган калыбында аттын жалын кучактап, өз элине араң жетип, аттан жыгылып жан берет. Көздөгөн ою ишке ашпай калган Мамбет өтө кара мүртөздүк менен өз канынан жаралган балага наадандык мамиле жасап, элди да өкүртпөй, өзү да екүрбөй: »Жаманды ушул жерге көр казып, көөмп салыгла!»,-деп, ошол жерге көмдүрүп салып кете берет. Бул окуядан эки-үч жыл өткөнден кийин Мамбет тоодо сейилдеп, кийиктеп жүрсө, бир бүркүт терең капчыгайга куушурулуп кирсе, экинчи бир бүркүт кошо кирип, кайра асманга алып чыгып, бир канча жолу кайталанат. Табияттын бул көрүнүшүнө таңыркаган Мамбет: «Эмне болоор экен?»-деп, тоонун башынан карап олтура берет. Бир маалда качырып кирип жаткан бүркүт берки экинчи бүркүттөн бошонуп, капчыгайга кирип, катуу тийип «тарс» деген үн кырда турган Мамбетке угулат. Экинчи бүркүт асманга бийик көкөлөп учуп чыгып, андан катуу куушурлуп, капчыгайга күү менен кирип кетет да бир бир нече убакыттан соң «тарс» деген катуу үн дагы угулат. Кайра асманга бийик көтөрүлүп учуп чыгып, мурункудан катуу күү менен куушурулуп келип, Мамбет олтурган кырдын маңдайындагы зоого өзү урунуп өлөт. Биринчи куушурулуп, капчыгайга кирген бүркүт ошол катуу качырып «тарс» деген үн чыкканды көтөрүлүп, асманга чыкпай калган. Көрсө, ошол терең капчыгайдын түзүндө, токой арасында жапайы каман бар болот. Ушул биринчи качырып кирип аткан бүркүт зоокага урунуп өлгөн бүркүттүн балапаны экен. Бул окуянын чоо жайы мындай болот. Балапан бүркүт баатырлыгы-

на, курчтугуна салып, жапайы каманды качырып кирип жатканда, атасыбы жэ энесиби зоокага урунуп өлгөн бүркүт аяп, кошо кирип, каманга жолотпой аткан экен. Эне бүркүттөн ажырап балапан жаш бүркүт каманды алам деп күү менен куушурулуп киргенде чоң каман чайнап өлтүрүп коёт. Экинчи чоң бүркүт бийик асманга көтөрүлүп, кайра куушурулуп катуу кирип, камандын белин үзө тээп таштаган экен да, баласынын күйүтүнө чыдабай өзү зоокага урунуп өлгөн экен. Бүркүт өлгөндөн кийин, кырда олтурган Мамбет жигиттери менен өөнгө түшүп барып, бүркүттүн жана бели сынып жаткан камандын өлүгүн көрүп болгон окуяны толук түшүнөт. Табияттын ушул окуясынан кийин адамдык сезими ойгонгон кара мүртөз Мамбет ошондо гана елгөн жаш уулун эсине түшүрүп, арман кылган экен: »Айбан бүркүт, айбан башы менен баласын көпкө аяды, акыры баласынын күйүтүнө чыдабай өзү өлдү. Мен айбанча болгон эмес экенмин. Каманга жаш баламды салып берип эмгиче өлбөй жүрөмүн. Ошондо Ажыбекке жекеге өзүм чыгып, жэ жеңип, жэ өзүм өлбөй»-деп арман кылат. Ушул окуядан соң Мамбет өлгөн уулунун кунун kууп алууну ойлойт. Кетментөбөдөн Кемпир, Шана деп атагып эки бир тууган баатыр чыккан. Ошол эки бир тууган баатырды ээрчитип, Кетментөбө, Жумгал саяктарынан кол топтоп, Атбашылык чериктерди камай четинен малын тийип чаап кирет. Чериктердин жекеге чыккан баатырларын Кемпир, Шана баатырлар сайып түшүрүп, чериктер качып калат. Ошол убакта Ажыбек баатырдын карып калган учуру экен. Кандай болот кандай жок деп, саяктар кол курап кууп келө жатканын угуп Ажыбек баатыр элин эки-үч күн мурдараак Кындагын белин ашырып Ак-Сайга жеткирип койгон экен. Качан чериктерди саяктар артынан кууп, бир тобун сайып түшүп олжолошот. Ажыбек баатыр Ат-Башынын башындагы Босого деген жерден саяктардын алдын тосуп чыгып, Кемпир, Шана эки баатырын сайып өлтүрөт. Өзү болсо карматпай Кынданын белин ашып кетет. Саяктар эки баатырынын өлүгүн жүктөп кайра тартышат. Ажыбек баатыр түн боюнча элин Ак-Сайдан көчүрүп алып, Какшаалга кирип кетет. Ажыбек баатыр ошол жерде бир топ жыл жашап туруп, 1856-жылы жазга жуук Куулаган деген жерде елөт.

Ажыбектин уулу Абдраман деген: «Атамдын атагын Какшаалдагы эл билбейт. Сырттагы ез элибиз билет»-деп, атактуу Ак-Сай жайлоосуна көчүп келип, кийинки жылы чоң аш берет. Ашка оң менен солдогу бүтүн кыргыздарды чакырышат. Ак-Талаадагы чоро элинен Баатайдын сары аты, Шаамырзанын сары аты деген атактуу эки күлүк атын алып, чородон жүздөгөн мыктылар барышат.

Тогуз-Тороодон Тайлак баатырдын мыкты уулу Осмон датка барат. Эл бүт чогулуп, аш баштоонун алдында, бийик дөбеге чыгып барып, найзаны жерге бек уруп, Ажыбектин уулу Абдыраман найзага таянып: «Арстаным атам өлбөй кал!»-деп өкүрүп турат. Абдраманга эч ким даап кайрат айтып бара албай турат. Ошондо Тайлак баатырдын мыкты уулу Осмон датка сыр аякка кымыз куйдуруп, жигитине кетөртүп алып: «Абдраман, жан сабыр кыл! Ырыстуунун карысы өлөт дейт. Атаны кармап жүргөн ким бар ? Биздин атабыз өлгөндө атабыз менен бир тууган агабыз, бизди керегеге таңып таштап энебизди алып кетиптир. Ошондон калып деле, мынча киши болуп эл аралап жүрөбүз. Үнүң да бүттү эми токтот, суусадың, эми кымызды ичип ийчи»-деп, сыр аяктагы кымызды сундурат. Ошондо Абдраман: «Ушул сөздү ким айтаар экен дедим эле, кантсе дагы баатырдын тукуму баатырга баа берет турбайбы!Ушул ашты Осмон өзүң бийлеп бер»-деп, Ажыбек баатырдын ашын Тайлактын уулу Осмон датка бийлеген экен.

## ЧЕРИК-МОҢОЛДОР УРУУЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Черик уруусунун таралышы жөнүндө тарых беттерине жана жазма даректерге таянуу менен карап көрсөк кыргыз элинин түпкүлүктүү урууларынын бири экендиги айтылат.

Тарыхыбыздагы айтылып келе жаткан Манас эпосун окумуштуулар Манаска байланыштуу өзүнүн ой толгоолорун окурмандар менен бөлүшкөн. Ш. Б. Акмолдоеванын «Духовный мир древних кыргызов»-деген эмгегинде жазгыч акын Тоголок Молдонун варианты менен Манастын ата-бабасынын кандай таралышы жөнүндө маалыматтар берилген. Анда: Арстан-кандан, Телө-кан, Төрө-кан, Барак-кан, Үгүз-кан, Түмөн-кан, Бөйөн-кан, Жаян-кан, Кара-кан, Кара-Кандан-Ногой-Нойгут.

Ногойдон: Бай, Орозду, Үсөн

Байдан: Тайлак, Бакай.

Ороздудан 10 уул.

Үсөндөн: Жакып, Жакыптан Абыкө, Көбөш, Манас

Нойгуттан: Шыгай, Акбалта, Чыйырды.

Шыгайдан: Жапак, Шырдак. Жапактан Чынкожо

Акбалтадан – Чубак.

Чыйырдыдан – Серек, Сыргак делип берилет.

Ал эми Сайф ад-дин ибн дамулло, Шах Аббас Аксикенти жана анын уулу Нурмухаммеддин «Мажму атут-товарих же Тарыхтардын жыйнагы» деген эмгегин фарс тилинен которгондор Молдо Мамасабыр Досболов менен окумуштуу Омор Соороновдор бул зор эмгекти кыргызчага которушуп бүгүнкү күндө эл катмарына жеткирип олтурат. Убагында бул «Мажму атут-товарих» кол жазмасынын ээси Назармат Жайлообаев бул тарыхый таберикти академик Х. Карасаев менен З. Мамытбековго тапшырган. Кол жазма Бишкек шаарындагы Акыл мамконцернинен 1996-жылы басылып чыккан. Эркин мамлекетибиздин деми менен өткөн-кеткен, жазылган же жазылбай, ооз-эки айтылып келе жаткан тарыхтарыбызды тактоого салым кошуу, азыркы муундардын милдети экендигин түшүнгөндүгүбүздүн бир себебинен улуу жазуучубуз Ч. Айтматов айткандай «Жарыкчылыкта санжыралар болбосо өтүп кеткен убакыт жана муундар жөнүндө кандай кеңүлсүз эскерме калаарын көз адыга элестетип көрүңүзчү… Санжыраларда филасофия жана фантастика, поэтика жана убакыттын символу бар. Мындан тышкары санжыра-бул элдин улуттук эн тамгасы жана анын таануу белгиси»-деген осуятындай азыноолак болсо дагы черикмоңолдор уруулары тууралуу буга

чейинки жазылып келген тарых барактарына жана оозеки санжыраларында айтылып келген маалыматтарга таянуу менен аз да болсо өз оюбузду ачыкка чечмелей кетүүнү туура таптык.

Черик деген уруунун кайдан келип чыккандыгы жөнүндө аз да болсо салымыбызды кошо турган болсок Ороз болуш кызы Калыйча минтип айтаар эле...Тагай бий (азыркыча Мухамед кыргызды айтып жатабыз) заманында ете күчтүү чыгып, эл менен эл, уруу менен уруу чабышып, күчтүүсү алсызын басып алып, элге-эл кошулуп турган экен. Тагай бий жеңишке жетишкенден кийин жигиттерине согуш талаасынан өлгөн-житкендерди тактаттырып жүргөндө кеч бешимде бийге алтын бешикте бөлөнүп, ууртунан сүт агып турган баланы жеткирип барышат экен. Тагай бий бешиктеги баланы чечтирип каратса баланын маңдайында меңи, мойнунда тагылган «тумары» бар болот, ачып окуттурса «Алмамбет уулу Жаманак»-деген жазуу табылат, бий бул балынын төгүн болбосун жоромолдоп жигиттерине буйрук берип байбичесине жеткиртет. Жоо чаап турган жоокерлүү ал заманда кыргыздар балдарына тумар тагып турушкан, бул ата-бабадан калган салтты элибиз азыр тынчтык заманда дагы колдонушат. Баланы көргенде эле «теңирдин буйругу менен» эмчегине сүт келип, ийип баланы эмизип, асырап багып калат. Черик чоңойуп эр жеткенде эл коргой турган бала болот. Ошондуктан жоого карата черик колу аттанганда жэ эр сайышка чыкканда түп атасы «Жаманакты» ураан чакырганы ошондон калат. Муну менен черик уруусу оңго кирип Тагай бабабыздын «Алтын Туусу»-дагы черикте калгандыгы жазма даректерде айтылып келет. Тагай бий азан чакыртып бала чеРүүдөн табылды, аты Черик болсун деп, атын Черик коюушат экен. Ал заманда эл тегиз динчиликке берилгендиктен көпчүлүгү падышага, бийге ак эмгек кылышкан, акыретте кудай алдына барабыз деген бүтүмдү эстеринен чыгарышкан эмес. Ошол себептен черүүден табылган балынын аты Жаманак экендигин дагы Тагай бий тарабынан жашырылбаган.

Чериктер жоого карата ураан чакырганда:

Ай кулагы шака-шак.
Айда баатыр Жаманак.
Күн кулагы шака-шак,
Күндө баатыр Жаманак.

Жаманак жоодон жеңилбейт – деп ураан салып ошол замандан ушул заманга чейин Нарын, Атбашы, Аксай, Арпа, Какшаал, Кашкар жерлерин Катаган, Нойгут, Кыпчак, Коңурат уруулары менен бирге жердеп келишкендиги байкалат. Ал эми тарыхчылардын,

тарых изилдөөчүлөрдүн жазгандарына карасак кезегинде кыргыз башкаруучусу, эмир кыргыздын ханы деп аталган бабабыз Черик Тагай бий бабабыздан мурда бийликке келип эл башкарып, айтылуу алтын ордо ханы Токтомуш менен бирдиктүү келишим түзүп, Алатоого кол салган Темирланга каршы кол топтоп, коргонуп баскынчыга сокку урган. Эмир Баймуратчерик, Камар ад-дин, Токтомуш баш болгон аскер колу баскынчы Темирландын жортуулуна каршы туруп кыргыз жерин сактоодо, коргоодо акылмандыгын, майтарылгыз эрдиктерди көрсөткөн бабаларыбыздан. Туңгуч Президентибиз Акаев Аскар Акаевичтин «Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана «Манас» элдик эпосу» деген эмгегинде Темирландын жүрүштөрүнүн убагында кыргыздар өз жери үчүн жан аябай күрөшкөн. Кармаштагы өздөрүнүн тайманбастыгы, чыдамкайлыгы жана эр жүрөктүүлүгү менен ал замандын кыргыздары «Моголистандын токой арстандары» деген татыктуу атакка ээ болушкан деп баса белгилейт.

Кыргыз эли – эң байыркы эл экендигин бүгүнкү күндө тарых далилдеп жатат. Черик уруусунун атактуу жоокерлери Турциянын Стамбул шаарына чейин барып Түрк султанынын эң ишенимдүү адамдарынан болгон деген маалыматтар айтылат. Кандай болбосун Эмир, кыргыз башкаруучусу болгон Баймурат черик жазма даректерде 1390-жылдары каза болот. Ошондуктан, бекеринен жалпы кыргыз бийлердин курултайында Чериктин бийлерине жамбаш менен каржилик кошо тартылбаган. Кокусунан черик бийлери биринчилерден болуп сөз сүйлөгөн эмес деп көрсөтүшөт[1].

Кыргыз Республикасынын Президенти А. Акаевдин 2003-жыл Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнө 2200 жыл толгондугуна байланыштуу алтын тамга менен чыгарган жарлыгы канчалаган изилденбей, талдалбай калган тарыхыбызды кичинеден болсо дагы талдап алаарды толуктоо боюнча убакыт жеткендигин көрөсөтөт. 2003-жылы бабабыз Баймуртчериктин аалам салгандыгына 613 жыл толот экен. Баймурат черик башында турган ошол эле Катаган, Нойгут, Кыпчак, Коңурат уруулары менен бирге Атбашы шаарын түптөп, кийин шаар болуп, дүйнөдөгү ири шаарлардын катарына кирип картага түшүрүлгөндүгүнө 672 жыл толуптур.

Темирдей эрки бар бир мамлекет түзүү көз карашынан тайбаган кыргыз мамлекеттүүлүгүн түптөгөн акылман, кайраттуу баатыр Тагай бабабыздын (Мухаммед кыргыздын) аалам салганына ушул жылы 470 жыл толот. Кыргыз башкаруучусу, эмир Баймуратчериктин (Енге-Төрөнүн), кыргыз башкаруучусу Мухаммед кыргыздын (Тагай бийдин) өмүр жолуна арналган эмгектер ушуну менен эле ток-

топ калбайт, Кыргыз эли-журту барында ата бабаларыбыздын тарыхы мындан да тереңирээк такталып жазыла бермекчи.

Кандай болбосун кыргыз эли езүнчө мамлекет кургандыгына 2200 жыл болушуна Ажыбек баатырдын 200 жылдыгына карата арналган бул кичинө эмгегибиз эл сүймөнчүлүгүнүн кызыгуусун жараткан чыгарма болооруна ишенебиз.

Ал эми К. Жусуповдогу Үсөйүн Ажынын кыргыз санжырасы деген эмгегинде Тагайдан Богорстон, Кылжыр, Камача, Черик, Саяк деген алты уул, Наалыдан Моңолдор уруу таралган. Буларды оң деп аташат. Эми Карачаханды өз убагында эли хан шайлаган экен. Ал өлгөндө баласы жок болгондуктан жаш катынын иниси Черикке алып берет. Мындан бүтүн черик уруусу таралган. Черикти кээ бир санжырачылардын айтышынча Тагай бий нойгут Карачаханды чапканда баласын бешиги менен олжолоп багып алган, ал чедирейген карды чоң тоголок бала болгондуктан атын Черик койгон дешет. Санжырачы Атанбек «Жок, көрөр көзү кичи, катынын баласы» дейт. Кандай болбосун Черик сыймыктуу, урматтуу болуп чоңойгон. Сажырачылардын бардыгы алды менен черик уруусун тарататат.

Чериктин Назарбай деген жалгыз уулу болгон, жалгыз туума уулума, жалгыз туума кыз алып берем деп, Жаманак деген жалгыз кызды алып берген экен. Байбиче тың чыгып эл бийлеп, баатыр аял болгондуктан балдары жоого аттанганда байбиченин атын атап «жаманак» деп ураан чыкырып калат. Кээ бир уруулар шылдыңдаш үчүн черик «таманак» деп итинин атын атап ураан чакырып кол баштады, деген лакап кеп ошондон калат экен деп баяндайт.

С. Закировдун «Кыргыз санжырасы» деген эмгегинде моңолдор, черик уруулары Тагай бийдин тондуу уулу катары оңго кирет. Муса Байгара уулу, санжыра боюнча, чериктердин тарыхын моңолдор уруусунун чыгышына байланыштырып, эл арасында айтылган улама кептен келтирет. Кашкар тарапта жашаган кыргыздын Нойгут уруусунан Болоткан деген ханы болот, андан эркек бала туулуп, анын атын Кылыч коёт. Кылычтын биринчи аялынан Дайыр, Кеке деген эки уул төрөлөт. Балдар чоңойуп калганда энеси өлүп калат, Кылыч экинчи аялга үйлөнөт. Аялдын бузуку сөзүнөн кийин желдеттерин чакырып эки баланы талаага алып барып өлтүрүп таштагыла-деп буйурат. Желдет Дайыр менен Кекөнү айдап женейт. Жолдон балдар жигитке жалынып, ак жерден өлгөнү турабыз биздин каныбызга сабын болбоңуз, убалыбызга калбаңыз деп жан соогалайт. Желдет сөзгө келип балдарды коё берип, алып калган көйнөгүн канга боёп

ханга алып барып көрсөтөт. Эки бала тентип жүрүп Атбашы, Арпаны басып, ошол кезде Нарындын башын жайлап турган Адигине, Тагайга келип башынан өткөндөрүн айтып берет. Дайырга теө, Көкөгө үй бактырып коёт. Ошол кезде кыргызга жанаша жашаган калмак ханы-Корун той берип:-балбан күреш кылым, кыргыз балбанын алып келсин, шартым бар; кыргыз балбаны жеңсе жерин таштап кетем, балбаны жеңилсе улуу тоону, керме тоону бүт мага берет!-деп, жардык кылат. Адигине, Тагай кыргыз уруу башчылары менен кеңешип калмактын бекө балбаны Шаброого тең келе турган балбан таба албай, же жерди кыйып таштап кете албай катуу кыйналат. Ошондо бойго жетип калган Көкө:-Мага ишенсеңер, балбанга түшөм элим үчүн башым садага, элдин тентигенин көргөндөн көрө, өлгөнүм артык!-деп жооп берет. Калмактын Шарбоо балбаны менен кыргыздын Кекө балбаны күрешүп акыры Көкө, көтөрүп урат. Шарбоонун башы алынат. Адигине Тагай кеңешип туруп, эжеси Наалыны Көкегө алып берет. Кийин кол курап нойгутта калган атасын чапмак болот, барса алар бул кабарды угуп, бүткүл нойгутту көчүрүп, качып кеткен болот. Хандын журтунда сырдалган кооз бешикте бала кала берген экен. Элдик легендага караганда, ал, Кылыч кандын токолунун баласы экен. Көкө аны алып келип Наалынын колуна тапшырат. Ал баланы черүүдөн табылды деп, атын Черик коюшат. Анын тукумунан черик уруусу тарайт,-дешет. Моңолдор менен чериктин тукумунун бири-бири менен жакындыгын да, ушундай түшүндүрөт.

«Тарыхтардын жыйнагы» деген XVI кылымдагы фарс тилинен которулган эмгек бүгүнкү күндө эл катармана жетип, тарых жаатына кызыккан көптөгөн кыргыз атуулдарына карата колдоно турган илим катары өз салымын кошууга чыйыр салат. Убагында бул «Мажму атут-товарих» кол жазмасынын ээси Назармат Жайлообаев бул тарыхый таберикти академик Х. Карасаев менен З. Мамытбековго тапшырып турган сүрөтүн көргөндө толук ишенесиз. Кол жазма Бишкек шаарындагы Акыл мамконцернинен 1996-жылы басылып чыгып элге тартууланган.

Бул «Тарыхтар жыйнагынын» автору XV кылымдын аягы, XVI кылымдын баш жагында жашап өткөн дамулла Шах аббас Аксикенти деген өз доорунун белгилүү инсанынын уулу Сайф ад-дин (бизче Сайпидин) ибн дамулла Шах аббас Аксикенти болуп саналат. Ошондой эле жыйнактын аяк жагын Сайф ад-диндин уулу Нурмухаммед (Нооруз деп аталган учурлар да бар) жазгандыгы кол жазманын

[1] С. Аттокуров. Кыргыз санжырасы

аягында айтылат. Бул билимдүү, илимдүү үй бүлө атактуу кол жазманы фарс тилинде жазган менен өздөрү кыргыз болушкан. Россиянын карамагында турганда, айрыкча совет өкмөтүнүн доорунда, биздин алдынкы интелегенттер эмгектерин орус тилинде жазышкандай эле мурунку замандын илимдүүлөрү да Орто Азияга исламды тараткан, арап, фарс тилдеринде жазышканы белгилүү. Сайф ад-диндин кыргыз экендигин биз кыргыз тилине которгон кол жазма-«Мажму атут-товарихтин» сактоочусу жана Кыргыз Илимдер Академиясынын алдындагы кол жазмалар фондусуна өз колу менен өткөргөн Жайлообаев Назармат аксакал менен жана анын жердештери-замандаштары дайыма сыймыктануу менен айтып келишкен. Муну Назармат аксакалдын уулу Жайлообаев Ормонбек «Жайлообаев Назарматтын өмүр баяны» деген кол жазмасында: «Назарматтын сактаган китептеринин ичинен өтө бааланганы «Мажму атут-товарих» Сайф ад-дин ибн дамулла Шах Аббас Аксикенти жазган китеп (кол китеп) болуп Сайф ад-диндин улуту кыргыз экендиги баяндалат. Аксынын аймагында туулуп, Аксикент шаарында окуп, ошол жерде кыргыздар жана Манас тууралуу изилдөө жүргүзүп, китептерди жазган. Аксикент шаары Сырдарьянын боюнда жайгашкан жана жалпы Аксы элинин экономикалык, маданий борбору болгон (Кол жазмалар фондусу. Инв. номери 169, 6-бет. Мындан ары инвентарь номурун гана көрсөтөбүз) – деп ого бетер тастыктайт. Анын кыргыз экендигин «Мажму атут-товарихтин» езүндөгү кыргыз турмушун, үрп-адаттын, географиялык шартын, согуштук тактикаларын жакшы билгендиги далилдеп турат. Аталган кол китептин азырынча үч нускасы белгилүү. Ленинград Мамлекеттик университетинин китепканасынын Чыгыш бөлүмүндөгү 963-номур менен, экинчи нускасы СССР Илимдер Академиясынын (азыркы Россия академиясынын) Азия элдери институтунун Ленинград бөлүмүндө 667-номуру менен катталган. Бул мурда эле тарыхчы В. В. Бартолдко белгилүү болгон. Бул кол жазманы сактаган чыныгы ээси Ширкенттик Жагдыкожо деген болгондугу, автору Сайф ад-дин колкитепти аяктабай каза болуп калып, аягын Нооруз-Мухаммед бүтүргөндүгү, бул хижара боюнча онунчу кылымга (биздин эсеп боюнча 1494/1495-жылдан башталып, 1591/1592 жылга туура келет деп айтылган.

Бул эмгекте «Черик, моңолдор эли тууралуу XVI кылымдын кол жазмасы катары ушул эркиндик алган заманыбызга чейин жеткен илимде эмир Баймурат черик Манаска жардамга келип, Жолой менен катуу кыргын болгону жазылган. Манас Токтомуш хандын кол башчысы болуп турат. Мына ошол Манастын заманында эле черик,

моңолдордун башчысы-Аңга төрөнүнүн болгондугу, ошол Аңга төрөнүнүн-Ахмед Бекназар деген баласынан Акчубак, Байчубак, Дубан черик, Молдо черик, Кара черик деген балдары болгондугу айтылат. Кыргыз санжыраларында бул уруулар Катаган, Кыпчак, Нойгут уруулары менен катарлаш жашагандыгы баяндалат. Кыргыз элинде буга чейин эле «моңолдорчерик бир тууган калган элди ким тууган» деген кызыкту чечмелей турган орой ылакабы жашап келет. Моңолдор уруулары санжырага караганда черик уруулары менен бирге Атбашы, Аксай, Арпа, Какшаал, Кашкар тарапты жердеп, жайлап жүрүшкен.

О. Караев менен К. Жусуповдун «Кыргызы: Источники, история, этнография» деген чыгармасында кара-кытайлар жөнүндө мындай деп жазылат «Исходя из того, что в Мажму атут-таворих» говорится о войнах калмаков, солонов, шивэев, возглавляемых Жолоем и которым помогают магыты во главе с Фуладогланом, сыном Тимур-маликом и др., с войском Манаса, можно констатировать, что под калмаками имеются в виду кара-кытаи. Интересно, что на стороне Манаса вуступает двоюродный брат Тохтамыша Инга-торе (Баймурат-черик), которого призвал на помошь ширкентский шейх Джалал ад-дин по просьбе Якуб-бека-отца Манаса. Манасу помогает и сам Тахтамыш, возвратившийся с реки Адыл. События происходят на территории Средней Азии, в основном в рамках современного Кыргызстана.

Окумуштуу О. Караевдин «Этнический состав и формирование кыргызской народности» деген эмгегинде кыргыздардын качантан бери кайдан келгендигин аныктоо максаты көздөлгөн. Ушул чыгармада мындай делет: И, наконец подводя итогои, перечисляем этнические названия Кыргызстана с древнейших времен до XVI в. , при этом укажем в скобках их наименования, вошедшие в состав кыргызского народа: саки, усуни (уйшун), юечжи, хунны, эфталиты, дулу, нушиби, тюргеши-тухси и азы (азык), карлуки (бостон, жабагу, килет, мачак), согдийцы(саадак), чигили, канглы (канглы), кара-китай (кара-кытай), найманы (найман), монголы (монол) и большө количество тюрко-могульских племен (баарын, булгачи, долан, дуулат, керайит, кушчу-кутчу, меркит и чоро). В спискө родоплеменного состава кыргызского народа встречаются названия: тердеш(тардуши), төөлес (телесы) и черик (черики), которые жили в I тысячелетии н. э. за пределами Кыргызстана.

Процесс сложения кыргызского народа шел с начала II тысячелетия н. э. и завершился в XV в, в результате взаимодействия двух компонентов-местных древних племен Средней Азии и при-

шедших из Южной Сибири и Центральной Азии.

Байкасак, Алтын Ордо ханы Токтомуш менен Аңга Төрө (ошол эле черикмоңолдордун түпку атасы) бир-тууган ага ининин балдар болуп чыгат. Буга чейинки тактоолор менен биз кыргыздын калган урууларынан алдыга озолу деген ойдо эмеспиз, тек гана жазма даректерде айтылып, жазалып келе жаткан монолдорчерик уруулары тууралуу баамдап кетели, деген ой.

«Кыргызы: Источники, история, этнография» деген жыйнактын 496 бетинде «К XIV в относятся: Инга-торе, Аңга-төрө кыргызча жазылышы (умер в 1390 г. )-видный феодалный правитель Могулистана, Камар аддин-курупный эмир дулатов ( дулаты частично вошли в состав кыргызской народности. И-М. ). Тохтамыш (умер в 1406 г. )-один из видных ханов Золотой Орды, Тимур (умер в 1405 г. )-известный полководец и государственный деятель. Ойротский правитель Тогон, которого А. Т. Тахирд-жанов отождествляет с Тончи, жил в Азии Мухаммед кази. А упоминаемые в «Маджуму ат-таварих» религиозный деятели Средней Азии Мир Джалил, Бурхан аддин Кылыч и другие жили в XVI в.-деп жазат.

Жыйынтыктап келгенде, черикмоңолдор уруусу тууралуу жазма дарөктердин жана оозеки санжыраларга карата назар салып көрсөк кыргыз элинин алп Манасындагы Катагандын Кан Кошойу, Азиз хан уулу Алмамбеттин, Акбалтанын Чубагы, Кызсайкал, касиеттүү Каныкей жана Жаңыл Мырза чыгармаларында, кийин элди сырткы баскынчылардан (кокон, кашкар, цинь бийлигинен, Кенен-сары Касым уулунун кандуу жүрүшүнөн) коргоп эл баккан Ажыбек баатырдын замандарында Атбашы жергесине калтырган жер-суу аттары бар. Алардын айрымдарын атап кетүүнү туура таптык.

## Манаска байланыштуу жер-суу аттары

**Манастын кан ордосу**.

Кошойдун Каратооосунун эң бийик жери Кошой чоку деп аталат. Уламышта Манас Кошойго келген сайын ушул чокудагы аянтка өргүп кетчү экен.

**Чалкөйдө** - Арпа өрөөнүндө «Чалкөйдөнү чала кел, жалгыз үйгө бара кел» деп айтылат.

**Маралкечүү** - Атбашы-Өзгерүш-Сарытал, Нарын-Акмуз-Босого автоунаа жолунун көзилишинин тушундагы Атбашы дарясынын жайыгынан кечүү бере турган жердин аты. Айтылуу Манас Кан Кошой абасына учурашуу үчүн Кең Таластан Атбашыга ке-


лип бугу-марал уулап көңүл ачып Аксайга өтүш үчүн кечүү издеп бара жатып, жалгыз качкан маралды чоролору куумак болгондо токтотуп калган экен. Буркулдаган буурадай кирип ээ бербей агып жаткан Атбашы дарыясына ошол жерден кечүү издеп Марал изи менен кадимки Аккуласына камчы салып Атбашы дарясын Кан Манас кырк чоросу менен Аксайдагы эмир Баймуратчерикке кездешүүгө кечип өтүп кеткен жер азыркыга чейин эле «Маралкечүү»-деп аталып келет.

**Миңбугу жердин аты**: Арпанын кептешиндеги карагай, токойлуу жер. Катагандын Кан Кошой, Кан Манас, кырк чоролору менен аң уулап бугу атышкан. Ошондуктан бул жер «Миңбугу»-деп аталып калган.

**Акшумкардын уясы:** Арпа жайлоосундагы Коргонташ деген жердеги бийик зоокада. Мындан Семетей бала кезинде Акшумкарды алган деген кабар бар.

**Манастын таш түлгасы**-Каракоюн ерөөнүндөгү саптуу тешкө ашкан жердеги белде турган эски көрүстөндүн жанындагы үч кызыл тоголок таш.

### Кошойго байланыштуу жер-суу аттары:



**Кан Кошойдун Ордосу** (Кошойкоргон шаар чалдыбары), Атбашы шаар чалдыбары, Атбашы районундагы Чечдөбө мазарынын батыш тарабынан агып өткөн Каракоюн суусунун сол жээгинде жайгашкан. Планы тик бурчтуу келип, өлчөмү 245 х 250 м. дубалдары чопо жана бакса блоктор менен салынган, сакталып калган дубалдарынын бийиктиги 4-8 м, пайдубалынын калыңдыгы 7-9 м, кырынын калыңдыгы 3-4 м. дубалдарынын капталдарын бойлото 60 мунара курулган. Шаар чалдыбарынын жазылыгы 11-14 м, тереңдиги 3 м келген аңгек менен тегерете курчалган. Казуу иштерин жүргүзгөн учурда сарай тибиндеги курулуштун, турак-жай жана чарбалык имараттардын калдыктары табылган. Адам иш-аракети сак-

талган катмардын калыңдыгы борбордук бөлүгүндө 2 м. ден ашык. Жез эритүүчү меш, коло эритүү үчүн колдонулуучу идиш, станокто жана кол менен ийлеп жазалган карапа буюмдар, жаргылчак, оймок, жебенин учу, бычактын сыныктары, шурулар, чачуштуктар, күмүш чаптырылган курлар, тыйындар, чач төөнөгүчтөр, айнек идиштердин калдыктары, сөөктөн жасалган бычактын сабы, жаанын жебелери ж. б. табылган. 1944-ж. А. Н. Бернштам казуу иштерин жүргүзгөн, изилдөө иштерин 1980-ж. тартып М. И. Москалёв, М. И. Фёдоровдор уланткан. Алгач 1894-ж. В. В. Бартольд баяндап жазып, бул чалдыбар орто кылымдагы Атбашы шаарынын урандысы экендигин айткан. VIII-VII кк. таандык. Шаар чалдыбарында чопо идиштерин жасоо өндүрүшү жогору деңгээлде болгондугун археологиялык казуулар айкын далилдейт. Чоподон жасалган идиштердин беттерине оймолор, сүрөттөр атайын учтуу курал жана басма (штамп) менен түшүрүлгөн. Бир турак үйдөн дубалдын бетине тартылган сүрөт табылган.

**Бурхандын сазы**-Атбашы районундагы Дыйкан айылынын маңдайындагы же Карасуу айылынын төмөн жагында жайгашкан саздуу жердин аты. Катагандын Кан Кошойунун чоң атасы жердеп кыргыздарга бийлик кылып сырткы душмандардан сактап, элине кызмат кылгандыгы үчүн Буркан хандын атынан аталып калган.

**Бургансуу:** Касиеттүү атабабаларыбыз жашаган, ырыс-ынтымактын кутман жергеси болгон, Олуя-Заадалар ат койгон Атбашы районубуздун Аксай, Арпа өрөөндөрүндө ата-бабаларыбыздын ысымынан коюулган жер-суулардын аттары көп ошолордун бири Бурган-суу деп аталат. Уламышка караганда бул суунун аты Бурхан-Хандын атынан атылып кийнчерээк тилдин ылайыгына жараша Бургансуу аталып кеткен. Сайдагы чоң сууну хан бурдуруп, Текелүү төргө суу чыгартып жерди суу менен камсыз кылган дейт. Мына ошондон Бурхан суу деп аталып калган.

**Кан Кошойдун күмбөзү** - Атбашы районундагы Кошойкоргон шаар чалдыбарынан 200 м түштүк-чыгыштагы Каракоюн суусунун сол өйүзүндөгү жайылма тектирде жайгашкан. Жактарынын уз. 7x7м. келген чарчы формада. Алебастр эритмеси менен каңдашкан 32x 19 x 5, 5 см. өлчөмүндөгү бышкан кыштан салынган. 0,5м бийиктике чөйин сакталган. Порталы фигуралуу кыштар менен коздолуп, түштүкө караган. Казуу иштерин жүргүзгөндө кишинин сөөктөрү, станоктор жана кол менен жасалган карапа буюмдарынын сыныктары табылган. 1982-жылы В. П. Гизберхт баяндап жазган. 1988-жылы М. И. Москалёв казуу иштерин жүргүзгөн. X-XII кк. таандык.

**Кароолдөбө**-Атбашы районунун Аксай жайлоосундагы Теректин сайын жогору бойлогондогу ортодогу (төрдөгү) өзүнчө бөлүнүп турган ыйык дөбө. Катагандын Кан Кошойу душмандардан сактануу үчүн дайыма жигиттерине кароол караткандыктан эзелтен бери Кароолдөбө атылып келет. Кыз-Сайкал, Жаңылмырза, Ажыбек баштаган аскерлер дагы бул жерге кароол коюуп эл сакчылыгын сакташкан. Азыр Кароолдөбөнүн атынан Аксайда Кыргыз аскерлеринин орду жайгашкан. Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгынын урматына улуттук баатыр, мамлекеттик ишмер Ажыбектин 200 жылдык юбилейине карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2003-жылдын 15-августундагы №522-токтому менен бул чөгара заставасына баатырдын аты ыйгарылды.

**Кошойдун Кан ордосу.** Ат-Башы суусунун батыш тарабынан 12 километр аралыктагы Каракоюн суусунун жээгинде, Чечдөбө мазардын маңдайында жайгашкан орто кылымга тиешелүү шаар урандысы. X кылымдан бери белгилүү. Хан ордосунун аймагынан табылган буюмдарга караганда шаар урандысы X-XII кылымдарда курулган, көчмөн түрк урууларынын кагандарынын убактылуу ставкасы жана коргонуу чеби болгон деп эсептөөгө алынган. Улуу Манас эпосунда бул жерди жайлап душмандардан өз элин коргоп, Манастын келишин күтүп жүргөн акылдуу, эл тарабынан Олуя аталган Кан Кошойдун коргону деп дагы аталып келүүдө. Дубалдардын бийиктиги 7 метрге чейин жетип, алардын бурчтарына узатасынан мунарлар орнотулган.

**Кошой Кандын Каратоосу**-Жергиликтүү элде Кошойдун Каратоосу деген түшүнүк бар. Бул Кошойдун Каратоосу ошол кездеги душмандардан кыргыз жергесинин бир тарабын коргогон. Манастын келээрин билип, ага кам жеп, курал жарак жасатып, келечектүү кеңештерин берип, Көкөтөйдүн ашында токсонго чыккан кезинде калмактардын Кан Жолойун жөө күрөштөн жеңген, Семетейге ыйык батасын берген, бабабыз Кошойдун ысымы менен байланышкан тоо тизмеги. Кошойдун Каратоосу Атбашы районунун түндүк тарабынан орун алып, Байбичетоо кыркалары менен чектешип жатат. Бир кабарда бабабыз Кошой ушул тоого чыгып оң менен солго көз салып, кеч бешим болуп калганда балдар атты отко коюп койгула деп, улар үнүн салган экен.

**Терекмазар жердин аты**-Терексуу айылынын түндүк капталында 1-1,5 чакырым алыстыкта жайгашкан. Айтылуу Мааке Ажы мазардын төгертесин тостуруп коргон салдырып, малдан коруп кам көргөн. Азыр дагы коргондун нугу бар. Манастын кеңешчиси, кыр-

гыз хандарын бир хандыка бириктирүүгө өзгөчө салым кошуп, Манастын Туусун көтөргөн Бабабыз Кошойдун сөөгү түбөлүк Терекмазар деген жерге жай алган. Олуя Кошой коюлган Терекмазар Терексуудан башталып Аксайдагы Терекке кошулуп, аркы бети дагы терек деп аталат дешет. Мааке-Ажы бир жылдарда бул жерге корук тостуруп өз заманында мазарды ыпластыктан коргогон.

### Алмамбетке байланшытуу жер-суу аттары:

**Чечдөбө**-Атбашы өрөөнүнүн нак ортосунда жайгашкан ыйык мазар. Кадимки каңгайлар менен болгон Чоңказатта окко учкан Азис Кандын уулу Алмамбеттин, бабабыз Баймуратчериктин, Кожек дубананын, алтымыш тил билген Аргын кандын Ажыбайынын сөөгү коюлган ыйык мазар.

**Алмамбет төр**: Айтылуу Арпа өрөөнүндө жайгашкан төр. Алмамбет баатыр ал жерге мезгил мезгили менен жайлаган. Эл тарабынан ал төр Алмамбеттин төрү деп аталат. Бул төр Арпанын кептеш тоосунун тескейинде жайгашкан.

### Чубакка байланыштуу жер-суу аттары:

**Айгыржал жердин аты**-Бирлик айлынан чыгышты көздөй чыга бергенде бийик дөбө «Айгыржал» деп аталат. Кадимки Манастагы кыргыздардын кыраанын Нойгуттардын Чубагы Көкала айгыры менен бабасы Кошойго, эмир Баймуратчерикке келгенде Атбашынын чыгышы-батышына ушул бийик дөбөдөн көз салуучу экен. Ошондон Чубактын Айгырынын жалындай деп аталып келген бул ыйык Дөбө заман-доорлордун өзгөргөнүнө байланыштуу азыр өзүнө жарашыктуу Айгыржал деген кыскартылган ат менен аталып келет.

**Үйүрмө жердин аты** (Ашуутөр)-Аксайга ашуу берип Атбашы-Нарын эли жайында жайлоого, күзүндө жайлоодон кыштоого көчкөндө ушул ашуу менен мал-жанын алып өтүп турган. Үйүрмө деп аталып калган себеби мезгил-мезгили менен кар учурган катуу шамал болуп, карды тегерете үйрүп бороон чапкын болуп тургандыктан эселтен бери эле Үйүрмөашуусу же Ашуутөр деп аталып келет. Бул ашуу төр менен Катагандын Кан Кошойу, Алмамбет, Чубак, бабабыз эмир Баймуратчерик, Сыргак, Ажыбай, Эр Табылды, Боогачы баатырлар, Акчубак, Байчубак, Кан Онтогор, Карагул, Бөкө, Тору, Сазан бабаларбыз, Ажыбек, Татыбек баатырларыбыз, Калча бий, Айдарбек, Абыласан даткаларыбыз, Чоко, Жакыпбек, Матай,

***Салымбеков Аскар Маатkабылович*** 1955-жылы Атбашы айылы Атбашы районунда туулган. Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых, экономика факультеттерин жана Кыргыз дене-тарбия институтун бүтүргөн. Институтта Комсомол комитетин секретары, кийин Кыргызстан ЛКЖС БКнын бөлүм башчысы, Бишкек шаардык дене-тарбия жана спорт комитетинин төрагасы болуп иштеген. Нарын мамлекеттик университетинин ардактуу профессору, облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатор. «Бабабыз Кошой жердеген Атбашы XXI кылымдын босогссунда»-китебинин түзүүчүлөрүнүн бири. Ажыбек баатырдын 200, Казыбек казалчынын 100 жылдыгын өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин төрагасы.

***Акматалиев Алмазбек Акматалиевич*** 1959-жылы Атбашы районундагы Жаңыкүч айылында жарык дүйнөгө келген. 1985-жылы кандидаттык диссертациясын жактаган, философия илимдеринин кандидаты, профессор. 1999-жылдан бери Нарын мамлекеттик университетинин ректору. Нарын облустук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары, биринчи орун басары, Нарын райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы, Эл депутаттарынын облустук Кеңешинин төрагасы кызматтарында иштеп келген. Ажыбек баатырдын 200, Казыбек казалчынын 100 жылдыгын өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин мүчөсү.

***Бокоев Каныбек Сейтакунович*** 1957-жылы Атбашы районуна караштуу Башкайыңды айылында карагайчынын үй-бүлөсүндө туулган, кесиби юрист. Фрунзе шаарындагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы мамлекеттик университетти бүтүргөн. Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын укук коргоо жана коргонуу секторунун башчысы. «Бабабыз Кошой жердеген Атбашы XXI кылымдын босогосунда»-китебинин түзүүчүлөрүнүн бири. Ажыбек баатырдын 200, Казыбек казалчынын 100 жылдыгын өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин төрагасынын катчысы.